**Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы**

# Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын 2021-2022- жылдар үчүн БАЯНДАМАСЫ

# Шайлоолорду, референдумдарды даярдоонун жана өткөрүүнүн практикасы, жарандардын шайлоо укуктарын камсыз кылуу жана укуктук маданиятын жогорулатуу, шайлоо мыйзамдарын аткаруу боюнча чаралар жөнүндө жана шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча мыйзам чыгаруу сунуштар

**Бишкек 2023**

## МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ ......................................................................................................3**

**1-БӨЛҮМ. 2021-2022-ЖЫЛДАРДА ШАЙЛООЛОРДУН ГРАФИГИ. АНЫ ТҮЗҮҮНҮН ӨБӨЛГӨЛӨРҮ ЖАНА КИРИЗИСТЕН КИЙИНКИ ЧАРАЛАР ........4**

**2-БӨЛҮМ. ШАЙЛООЛОРДУ, РЕФЕРЕНДУМДАРДЫ ДАЯРДООНУН ЖАНА ӨТКӨРҮҮНҮН ПРАКТИКАСЫ ..........................................................7**

2.1. Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоо – 2021-жылдын 10-январы ..............................................................................................7
Тиркеме ...............................................................................................................12

2.2. Кыргыз Республикасын башкаруунун формасын аныктоо боюнча референдум (бүткүл элдик добуш берүү) – 2021-жылдын 10-январы ..............................15
Тиркеме...... ..........................................................................................................20

2.3. «Кыргыз Республикасынын Конституциясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору боюнча референдум (бүткүл элдик добуш берүү) – 2021-жылдын11-апрели ..........................................................................21
Тиркеме...... ..........................................................................................................25

2.4. 2021-2022-жылдардагы жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо...26
Тиркеме ...............................................................................................................39

2.5. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо – 2021-жылдын 28-ноябры, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын кайра шайлоо – 2022-жылдын 27-февралы ..............................................48
Тиркеме ...............................................................................................................61

**3-БӨЛҮМ. ЖАРАНДАРДЫН ШАЙЛОО УКУКТАРЫН КАМСЫЗ КЫЛУУ ЖАНА УКУКТУК МАДАНИЯТЫН ЖОГОРУЛАТУУ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ......................................................................................................72**

**4-БӨЛҮМ. ШАЙЛОО МЫЙЗАМДАРЫН АТКАРУУ ЖАНА АНЫ ӨРКҮНДӨТҮҮ БОЮНЧА МЫЙЗАМДЫК СУНУШТАР ........................................85**

# КИРИШҮҮ

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 107-беренесине ылайык *Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссия Кыргыз Республикасында шайлоолорду жана референдумдарды даярдоону жана өткөрүүнү камсыз кылат.*

«Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» КР конституциялык Мыйзамынын 1-беренесине ылайык *Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары - Борбордук шайлоо комиссиясы) Кыргыз Республикасында шайлоолорду жана референдумдарды даярдоону жана өткөрүүнү камсыз кылуучу жана шайлоо комиссияларынын тутумуна башчылык кылуучу туруктуу иштеген мамлекеттик бийликтин көз карандысыз органы болуп саналат.*

Төмөндөгүлөр Борбордук шайлоо комиссиясынын милдеттери болуп саналат:

*Кыргыз Республикасынын аймактарында Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо укуктарынын жана референдумга катышуу укуктарынын сакталышын камсыз кылуу;*

*шайлоо мыйзамдарынын бир түрдүү колдонулушун камсыз кылуу;*

*талапкерлер, саясый партиялар үчүн бирдей укуктук шарттарды сактоону камсыз кылуу;*

*шайлоочулардын жана референдумдун катышуучуларынын эсебин жүргүзүүнүн бирдиктүү системасын уюштуруу;*

*Президентти, Жогорку Кеңештин депутаттарын, жергиликтүү кеңештердин депутаттарын, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын башчыларын шайлоону жана референдумду даярдоону жана өткөрүүнү камсыз кылуу;*

*шайлоо тутумун өнүктүрүү, шайлоо процессинин катышуучуларын маалымдоо жана шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүн жана шайлоо комиссиясынын резервинде турган адамдарды окутуу.*

Демократиялык мамлекеттерде мамлекеттик органдардын натыйжалуу жана туруктуу иштеп турушу жарандар шайлоолор аркылуу өлкөнү башкаруу укугун ишенип беришкен шайлануучу органдардын легитимдүүлүгүнө байланыштуу болот. Шайлоолор эл бийлигин жүзөгө ашыруунун жана коомдук пикирди билдирүүнүн, мамлекеттик механизмдин туруктуу жана натыйжалуу иштеп турушун камсыз кылуунун негизги өбөлгөлөрүнүн бири болуп саналат.

Кыргыз Республикасында мыйзамдык деңгээлде шайлоо процессинин субъекттери үчүн бардык зарыл шарттар түзүлгөн. Шайлоолор жана референдумдар жашыруун добуш берүү менен жалпы тең, тике шайлоо укуктарынын негизинде жүргүзүлөт жана Кыргыз Республикасынын жарандарынын өздөрүнүн шайлоо укуктарын эркин жана ыктыярдуу жүзөгө ашырууга негизделген.

Аныктык, айкындык, шайлоолордо атаандаштыкты күчөтүү, шайлоонун инклюзивдүүлүгүн жогорулатуу, жарандардын өз мүдөөсүн эркин билдирүү үчүн укуктук жана практикалык шарттарды жакшыртуу шайлоо системасын реформалоонун негизги жетишкендиктеринен болуп калды.

Ушул баяндама КР Конституциясынын 80-беренесинин 5-бөлүгүнүн 2-пунктуна жана «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» КР конституциялык Мыйзамынын 11-беренесинин 13-пунктуна ылайык даярдалды.

«Кыргыз Республикасаынын Жогорку Кеңешинин Реламенти жөнүндө» КР Мыйзамынын 131-беренесине ылайык баяндамада шайлоолорду, референдумдарды даярдоонун жана өткөрүүнүн практикасы жөнүндө, жарандардын шайлоо укуктарын камсыз кылуу жана укуктук маданиятын жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө, шайлоо мыйзамдарын аткаруу боюнча чаралар жөнүндө, ар жылдык баяндаманы жана шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча мыйзам чыгаруу сунуштары тууралуу маалыматтар камтылат. Ошону менен бирге Баяндамада 2021-2022-жылдар үчүн маалыматтар камтылган, анткени бул мезгилге Кыргыз Республикасындагы кезектеги шайлоо цикли туура келет.

# 1-БӨЛҮМ
# 2021-2022-ЖЫЛДАРДА ШАЙЛООЛОРДУН ГРАФИГИ. АНЫ ТҮЗҮҮНҮН ӨБӨЛГӨЛӨРҮ ЖАНА КИРИЗИСТЕН КИЙИНКИ ЧАРАЛАР

2021 жана 2022-жылдарда Кыргыз Республикасында бардык деңгээлдеги шайлоолор жана эки референдум (бүткүл элдик добуш берүү) өткөрүлгөн:

| Өткөрүлгөн датасы | Өнөктүктүн аталышы |
|---|---|
| **2021-жылдын 10-январы** | **Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоо** |
| **2021-жылдын 10-январы** | **Кыргыз Республикасынын башкаруу формасын аныктоо боюнча референдум (бүткүл элдик добуш берүү)** |
| **2021-жылдын 11-апрели** | **Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо (448 кенеш)** |
| **2021-жылдын 11-апрели** | **«Кыргыз Республикасынын Конституциясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору боюнча референдум (бүткүл элдик добуш берүү)** |
| **2021-жылдын 11-июлу** | **Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын кайра шайлоо (3 жергиликтүү кенеште)** |
| **2021-жылдын 28-ноябры** | **Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо** |
| **2021-жылдын 28-ноябры** | **Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо (5 жергиликтүү кенеште)** |
| **2022-жылдын 27-февралы** | **Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын кайра шайлоо (2 бир мандаттуу округда)** |
| **2022-жылдын 10-апрели** | **Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо (16 жергиликтүү кеңештерде)** |
| **2022-жылдын 9-октябры** | **Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо (1 жергиликтүү кеңеште)** |

2020-жылы октябрь айында түзүлгөн коомдук-саясий кырдаалда коомдо чыңалуунун өсүшүнө жол бербөө, туруктуулукту жана жарандык ырашкерликти турукташтыруу максатында 2020-жылдын 4-октябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо шайлоо участокторундагы добуш берүүнүн жыйынтыктары анык эмес деп таанылды.

2020-жылы 15-октябрында Кыргыз Республикасынын Президенти С.Ш. Жээнбеков өзүнүн ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда ыктыярдуу түрдө токтокондугу тууралуу ачык билдирди. 2020-жылдын 16-октябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши С.Ш. Жээнбековдун өзүнүн ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтокондугу тууралуу арызын укту.

2010-жылдагы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 58-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык «Президентти мөөнөтүнөн мурда шайлоо Президенттин ыйгарым укуктары токтотулган күндөн тартып **үч айлак мөөнөттө** өткөрүлөт.».

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын (мындан ары – шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзам) 48-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык *«Президентти мөөнөтүнөн мурда шайлоо Конституцияда каралган учурларда, иштеп жаткан Президенттин ыйгарым*

*укуктары токтотулган күндөн тартып* ***жумалык мөөнөттөн кечиктирилбестен*** *Жогорку Кеңеш тарабынан дайындалат жана иштеп жаткан Президенттин ыйгарым укуктары токтотулган күндөн тартып* ***3 айлык мөөнөттө*** *өткөрүлүшү керек. Бул учурда ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген шайлоо иш аракеттеринин мөөнөттөрү чейрекке кыскартылат».*

Жогоруда көрсөтүлгөн бир жумалык мөөнөттүн ичинде, **2020-жылдын 23-октябрына чейин** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоо дайындалган эмес.

Шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзамдын 48-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык *«Эгерде Жогорку Кеңеш Президентти шайлоону же мөөнөтүнөн мурда шайлоону ушулberенин 1 жана 2-бөлүктөрүндө көрсөтүлгөн мөөнөттөрдө дайындабаган учурда, Президентти шайлоо же мөөнөтүнөн мурда шайлоо дайындалган болуп эсептелет. Мындай учурларда шайлоону дайындоонун мөөнөтү аяктаган күндөн кийинки күн шайлоонун дайындалган күнү болуп эсептелет».*

Демек, Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоо **2020-жылдын 23-октябрына дайындалды деп эсептелинет**.

Шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзамдын 48-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык *«Борбордук шайлоо комиссиясы ушул берененин 3-бөлүгүндө көрсөтүлгөн жагдайлар келип чыкканда, шайлоону өткөрүү күнү дайындалган болуп эсептелгенден тартып 2 календардык күндөн кечиктирбестен жалпыга маалымдоо каражаттарына Президентти шайлоону же мөөнөтүнөн мурда шайлоону өткөрүүнүн күнүн расмий жарыялайт жана ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген мөөнөттө шайлоону даярдоону жана өткөрүүнү уюштурат».*

Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоо **2021-жылдын 16-январын кошуп алганга** чейин өткөрүлүүгө тийиш эле.

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары – БШК) 2020-жылдын 24-октябрындагы токтому менен **2021-жылдын 10-январын**, жекшемби күндү **Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоону** өткөрүү датасы деп белгилеген.

2021-жылдын 10-январында Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоо жана Кыргыз Республикасынын башкаруу формасын аныктоо боюнча референдум (бүткүл элдик добуш берүү) бир учурда өткөрүлдү.

2021-жылдын 11-апрелинде жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо менен бирге «Кыргыз Республикасынын Конституциясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору боюнча референдум (бүткүл элдик добуш берүү) өттү.

Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясы жана кабыл алынган жаңы шайлоо системасы боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо 2021-жылдын ноябрында, ал эми 2022-жылдын февралында Бишкек шаарындагы эки бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча кайра шайлоо өткөрүлдү.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы саясий системаны жана мамлекеттик башкаруу органдарынын башкаруу системасын түп тамырынан өзгөртүү үчүн, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешин түзүү үчүн укутук негизди түптөдү. Ырааты менен кризистен кийинки, анын ичинде мыйзамдар боюнча бир катар чаралар кабыл алынды.

Парламенттик шайлоодо бирдиктүү жалпы улуттук шайлоо округунда саясий партиялардын жабык тизмеси менен болгон пропорционалдуу шайлоо системасы шайлоонун бардык катышуучулары тарабынан көптөгөн наразычылыктарды пайда кылды.

Добуш берүүнүн преференциалдык системасын киргизүү – шайлоочунун конкреттүү талапкерге добуш берүүсү – партиялык коррупцияны басаңдатууга (мандаттарды сатууга) таасирин тийгизип, шайлоочулар менен болгон байланышты

жакшыртып, чыр-чатактарды азайтты жана шайлоочулардын өкүлчүлүк институтуна болон ишенимин жогорулатты.

Бир мандаттуу округдарды киргизүү аймактык өкүлчүлүктү жакшыртып, талапкерлерди көрсөтүүдө саясий партиялардын монополиясын жокко чыгарып, шайлоолорго «лидерлердин» - өзүн өзү көрсөткөндөрдүн катышуусунун айланасындагы чыңалууну басаңдатты.

БШКда талапкерлердин тизмесин каттоодо гана эмес, ошондой эле мандаттарды бөлүштүрүүдө аялдар үчүн 30 пайыздык квотанын сакталып калышы, биринчи кезекте бир жыныстагы талапкерлердин ортосунда

депутаттык мандаттар алардын ортосунда өзүнчө рейтинг боюнча бөлүштүрүлүүгө жатат. Мындан тышкары, этникалык азчылыктын, жаштардын өкүлдөрү жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдар үчүн тизмелерди түзүүдө квоталар каралган.

Саясий кызматчы болуп саналган талапкерлер (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын же Кыргыз Республикасынын Президентин кошпогондо), мамлекеттик (муниципалдык) ишканалардын, мекемелердин, 30 пайыздан ашык мамлекеттик үлүшү бар ишканалардын жана алардын бөлүмчөлөрүнүн жетекчилери көрсөтүлгөн учурдан тартып кызмат орундук же кызматтык ыйгарым укуктарын токтото турууга тийиш.

Талапкерлерге курагы (25 жаш) жана жогорку билиминин болушу боюнча талаптар жогрулатылды.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо саясий партиялар үчүн шайлоо босогосу 7 пайыздан 5 пайызга чейин төмөндөтүлдү.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо саясий партиялар үчүн шайлоо күрөөсү 5 000 000 сомдон 1 000 000 сомго чейин төмөндөтүлдү.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен мыйзамда тыюу салынган финансылык, административдик жана башка ресурстарды пайдалануу менен шайлоочулардын эркин тандоосуна таасир этүүгө бөгөт коюлганын белгилөө зарыл (2-берененин 6-бөлүгү).

Шайлоо жөнүндө мыйзамдарда ошондой эле шайлоодо тобокелчиликти басаңдатуучу норма киргизилди: шайлоо учурунда бузуучуларга шайлоо күрөөсү кайтарылып берилбейт; бузган партиялар алардын күнөөсү боюнча шайлоолор жокко чыгарылган учурда, кайра шайлоого катыша албайт, шайлоодон кийин саясий партияны каттоо жокко чыгарылган учурда, анын добуштары келгендердин эсебинен чыгарыла тургандыгы жана босогодон өтпөй калган кийинки саясий партияга мандаттарды алуу мүмкүнчүлүгү бериле тургандыгы боюнча норма киргизилди.

2021-2022-жылдары жергиликтүү кеңештердин депутаттарын жапырт шайлоо болду. 2021-жылдын апрелинде кезектеги шайлоолор, анын ичинде пандемия мезгилинде 2020-жылы жылдырылган шайлоолор өттү. 2021-жылдын июлунда үч шаарда кайра шайлоолор өткөрүлдү, ошондой эле 2022-жылы айрым жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоолор болуп өттү.

# 2-БӨЛҮК
# ШАЙЛООЛОРДУ, РЕФЕРЕНДУМДАРДЫ ДАЯРДОО ЖАНА ӨТКӨРҮҮ ПРАКТИКАСЫ

## 2.1. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ШАЙЛОО – 2021-ЖЫЛДЫН 10-ЯНВАРЫ

2020-жылдын октябрында Кыргыз Республикасынын Президенти ыйгарым укуктарын мөөнөтүнүн мурда токтоткондугуна байланыштуу, шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзамдын нормаларына ылайык БШК 2020-жылдын 24-октябрындагы токтому менен **2021-жылдын 10-январын**, жекшемби күндү Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоону өткөрүү датасы деп белгилеген.

*Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 62-беренесине ылайык «Президент болуп 35 жаштан төмөн эмес жана 70 жаштан жогору эмес, мамлекеттик тилди билген жана республикада жалпысынан 15 жылдан кем эмес жашаган Кыргыз Республикасынын жараны шайлана алат».*

Шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзамдын 49-беренесине ылайык *«Президенттин кызмат ордуна талапкерлердин саны чектелбейт. Шайлоочулардын 30 миңден кем эмес колун топтогон жана өз шайлоо фондунун каражатынан Борбордук шайлоо комиссиясынын эсебине мыйзамда белгиленген эсептик көрсөткүчтүн он миң эсе өлчөмүндө шайлоо күрөөсүн төккөн адам Президенттикке талапкер болуп каттала алат».*

*«Президенттин кызмат ордуна талапкерлерди көрсөтүү укугу өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен чыккан жарандарга, ошондой эле шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыяланган күнгө карата белгиленген тартипте катталган саясий партияларга таандык».*

### Шайлоочулардын тизмеси

Шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзамдын 14-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоого добуш берген күнү активдүү шайлоо укугуна ээ жана мыйзамдарга ылайык биометрикалык каттоодон өткөн Кыргыз Республикасынын жараны шайлоочулардын тизмесине киргизилет.

Катталган шайлоочулардын жалпы саны **3 563 574** адамды түзгөн, алардын ичинен аялдар **- 1 860 477**, же **52,21%,** эркектер – **1 703 097**, же **47,79%.**

Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүүлөрдүн саны **18 285** адамды түзгөн**.**

### Шайлоо участоктору, шайлоо комиссиялары

Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоого жана уюштурууга **54** аймактык шайлоо комиссиялары жана чет өлкөлөрдөгү **48** шайлоо участкаларын кошкондо **2474** шайлоо участкалары катышты. Шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн жалпы саны **31 095** адамды түздү.

Бардыгы болуп **5700** автоматтык эсептөө ураналары (АЭУ) иштетилди – ар бир шайлоо участкасында негизги АЭУдан тышкары запастагы АЭУ турду, ошондой эле бардык 54 аймактык шайлоо комиссиялары тийиштүү аймактын участкалык шайлоо комиссияларынын бардык санынан 20 % сандагы запастык АЭУ менен жабдылды.

Ишке аймактык шайлоо комиссияларынын **59** системалык администраторлору, **4 948** АЭУ операторлору, **6 149** идентификациялоо операторлору жана **600** техникалык колдоо тобунун адистери тартылды.

**Талапкерлер**

Талапкерлерди көрсөтүү шайлоону дайындоо жөнүндө чечим жарыяланган күндөн кийинки күндөн тартып башталып, шайлоого чейин 56 календардык күн калганга чейин аяктады (мөөнөт үч бөлүккө кыскартылганын эске алганда).

БШКга Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна көрсөтүү жөнүндө жарандардан **65 арыз** (8 аялдан жана 57 эркектен) келип түшкөн, алардын ичинен өзүн өзү көрсөтүү тартибинде 64 жарандан, 1 жаран саясий партиядан келип түшкөн.

Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардан алынган маалыматтардын, анын ичинде «Түндүк» ведомстволор аралык электрондук өз ара аркеттенүү системасы аркылуу алынган маалыматтардын негизинде, көрсөтүлгөн **50** талапкерге алардын Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзамдын талаптарына ылайык келе тургандыгы тууралуу маалымкат берилген.

**21** талапкерден Кыргыз Республикасынын Президетин шайлоого андан ары катышуудан баш тартуу тууралуу арыз келип түшкөн.

БШК **26 талапкер** боюнча төмөндөгү жүйөлөр боюнча баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алган:

- 3 талапкердин соттулугу жоюлбагандыгы белгилүү болгон;
- 9 талапкер мамлекеттик тилди билүү деңгээли тууралуу сертификатты беришкен эмес;
- 9 тарапкер өзүнүн талапкерлигин колдогон колтамга баракчасын беришкен эмес;
- 3 талапкер шайлоо фонддорун түзүшкөн эмес;
- 2 талапкерде өзүнүн талапкерлигин колдогон шайлоочулардын анык колтамгасынын саны жетишсиз болгон.

БШК Кыргыз Республикасынын шайлоо мыйзамдарынын бардык талаптарын аткарган **18 талапкерди** (1-аял, 17-эркек) каттаган жана алардын аты-жөнү шайлоо бюллетенине киргизилген (*С.Н Жапаров, К.К. Исаев, Арстанбек М., К.С. Сооронкулова, И.А. Ташов, Р.Б. Тагаев, А.К. Сегизбаев, А.К. Мадумаров, А.К. Касенов, У.Т. Кочкоров, Ж.С. Байгуттиев, Э.К. Абакиров, К.С. Асанов, А.Б. Абдылдаев, Р.Б. Джеенбеков,*
*Б.О. Калмаматов, Б.Л. Тольбаев, К.К. Иманалиев*).

Өзүнүн талапкерлигин алып коюу жөнүндө берген арызына ылайык бир талапкердин каттоосу КР БШКнын 2020-жылдын 31-декбарындагы № 529 токтому менен жокко чыгарылган, ушуга байланыштуу добуш берилген күнү шайлоо бюллетенинен **1 талапкер** чийилип ташталган *(Р.Б. Тагаев).*

**Шайлоону маалыматтык камсыз кылуу**

Шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзамдын 22-беренесине ылайык шайлоочуларды көрсөтүлгөн, катталган талапкерлер жөнүндө, талапкердин жана саясий партиянын шайлоо фондунун каражаттарынын келип түшүүсү жана чыгымдалышы, талапкерлердин жана саясий партиялардын шайлоо фонддорундагы финансылык отчеттору жөнүндө маалымдоону Борбордук шайлоо комиссиясы жүзөгө ашырат,

БШК Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоодо жарандардын өз мүдөөсүн эркин ишке ашыруу жана ачык-айкындык үчүн шайлоо процессинин бардык катышуучуларын камтыган маалыматтык кампанияны жүргүздү.

Эки тилде сурдокотормосу бар төмөнкү темадагы 10 көрмөроликтер даярдалды: ***Өзүңдүн добушуңду сатпа!», «Өз таандооңду билдирер мезгил келди!», «Миграттарга кайрылуу», «Жаштар жана шайлоо», «Сатып алууга каршы тур», Шайлоочулардын тизмесинен өзүңдү тап», «Шайлоолордун айкындагы жана***

***аныктыгы үчүн», «Талапкер» порталы», «Добуш берүү жол-жобосу», «Санитардык нормалар».*** Бардык көрмөроликтер бардык мамлекеттик, аймактык жана жеке телеканалдарда, ошондой эле Интернет-басылмаларда жана социалдык түйүндөрдө көрсөтүлдү.

Эки тилде төмөнкү темадагы 8 маалымат плакаттары даярдалды: ***«Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү жарандардын шайлоо укуктарын камсыз кылуу боюнча чаралар», «Санитардык-эпидемиологиялык коопсуздук боюнча чаралар», «Добуш берүү күнүбайкоочуга (анын укугу)», «Өзүңдүн добушуңду сатпа! Коррупциясыз келечекти курабыз!», «Добуш берүү участогундагы добуш берүү тартиби», «Аймактык шайлоо комиссияларынын добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгаруусунун тартиби (АШК үчүн)», «Участкалык шайлоо комиссияларынын добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгаруусунун тартиби (УШК үчүн)», «Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлер».***

Бардык маалымат плакаттары ар бир шайлоочу же шайлоо процессинин катышуучусу зарыл маалыматтарды ала алгандай шайлоо комиссияларынын маалымат такталарында жана коомдук жерлерде жайгаштырылды. Укук коргоо органдарынын, ЖМКнын өкүлдөрү жана шайлоо прооцессинин башка катышуучулары үчүн окутуу семинарлары өткөрүлдү.

Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкерлердин дебаттары жана жек чыгып сүйлөгөн сөздөрү КТРК жана ЭлТР телеканалдарында алып көрсөтүлдү.

Шайлоо процессин чагылдыруу үчүн БШКда ар түрдүү жалпыга маалымдоо каражаттарынын 314 өкүлдөрү аккредитациядан өтүштү.

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги тарабынан дүйнөнүн 11 өлкөсүнүн жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү аккредитацияланды (Россия -33, Япония – 5, Улуу Британия – 14, АКШ – 1, Франция – 5, Катар – 4, Германия – 19, Украина -1, Таджикистан -2, Белоруссия – 4, Азербайджан - 4).

**Шайлоону каржылык камсыз кылуу**

Шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзамдын 40-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык шайлоо комиссияларынын шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча чыгымдары республикалык бюджеттин каражаттарынын жана шайлоо комиссияларынын атайын фонддорунун эсебинен жүргүзүлөт.

БШКнын 2020-жылдын 2-октябрындагы № 287 токтому менен **688 961,2 миң сом** жалпы суммасындагы чыгашалардын сметасы бекитилген. Төмөндөгү таблицада Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө чыгашалардын сметасынын аткарылышы тууралуу маалымат берилген.

| Көрсөткүчтөрү | Бөлүнгөн бардык каражаттар | Иш жүзүндө чыгымдалганы | Калдыгы |
|---|---|---|---|
| **Бардык чыгашалар:** | **688 961,2** | **476 997,8** | **211 963,4** |
| **БШК үчүн – кошумча шайлоо участкаларын түзүүнү эсепке алганда мөөнөтүнөн мурда шайлоону өткөрүүгө** | 538 778,7 | 464 105,6 | 74 673,1 |
| **Кайталап добуш берүүнү өткөрүүгө (шайлоонун 2-туру дайындалган учурда)** | 137 290,3 | - | 137 290,3 |
| **КР ТИМ** | 12 000,0 | 12 000,0 | - |
| **КРӨ караштуу ГСМ** | 892,2 | 892,2 | - |

## Талапкерлердин шайлоо фонддору

Шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзамдын 54-беренесине ылайык Президенттин кызмат ордуна көрсөтүлгөн талапкердин Конституциянын, ушул конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайыктуулугу жөнүндө маалымдама Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан берилгенден кийин 5 календардык күндүн ичинде шайлоо алдындагы өнөктүктү каржылоо үчүн, ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте өзүнүн шайлоо фондун түзөт.

Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкерлердин шайлоо фонддору төмөнкү акча каражаттарынын эсебинен түзүлүшү мүмкүн:

- талапкердин өз каражаттарынан – *15 000 000 сомдон ашпашы керек*;
- саясий партиянын өз каражаттарынан - *50 000 000 сомдон ашпашы керек;*
- жарандардын ыктыярдуу жардамдарынан - *50 000 000 сомдон ашпашы керек;*
- юридикалык жактардын ыктыярдуу жардамдарынан - *50 000 000 сомдон ашпашы керек;*

Шайлоо фондунун чыгымдарынын чектелген суммасы *200 000 000 сомдон ашпоого тийиш.*

Кыргыз Республикасынын Президенттигине 17 талапкер шайлоо фонддорун түзүштү. Банктардын маалыматтарына ылайык, талапкерлердин шайлоо фонддоруна келип түшкөндөрдүн жалпы суммасы **124 772 361 сомду** түзгөн, шайлоо фонддорунун чыгымдалган каражаттарынын жалпы суммасы **122 949 299 сомду** түзгөн.

Шайлоо күрөөсү катары БШКнын депозиттик эсебине (*анын өлчөмү Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна ар бир талапкерге 1 млн. сомду түзөт)* **бардыгы болуп 21 талапкерден 21 млн. сом суммасы келип түшкөн.**

Шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзамдын нормаларынын жана БШКнын токтомунун негизинде **3 млн. сом суммасы** талапкерлерге кайтарылып берилген *(эки талапкерге, бирине – БШКда каттоодон баш тарткандыгына байланыштуу жана бирине – шайлоого андан ары катышудан баш тарткандыгына байланыштуу).*

Жыйынтыгында 18 талапкер 2021-жылдын 10-январында Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоого добуш берүү үчүн шайлоо бюллетенине киргизилди.

Ошентип БШКнын депозиттик эсебинде турган 18 млн. сом суммасындагы шайлоо күрөөсүнүн акча каражаттарынын **7 млн. сому** аларды төгүшкөн Кыргыз Респрубликасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлерге кайтарылган, ал эми шайлоочулардын добуштарынын 1% азын алышкан башка талапкерлердин, жана шайлоого андан ары катышуудан баш тарткан 1 талапкердин шайлоо күрөөсүнүн **11 млн. сом суммасы** республикалык бюджеттин кирешелерине чегерилген.

## Мыйзамдуулукту жана шайлоонун коопсуздугун камсыз кылуу

Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоодо катталган билдирүүлөрдүн жана бузуулардын саны төмөн болду, бул шайлоочулардын добуштарын сатып алууларга жана административдик ресурстарды колдонууга жол бербеген талапкерлердин позицияларын шарттады.

Укук коргоо органдары колдонууга даяр турган шайлоо мыйзамдарын бузууларга каршы аракеттенүү боюнча жаңы ыкмалар (практикалык чаралар) иштелип чыкты.

Шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө шайлоо комиссиялары тарабынан шайлоо кломиссияларынын бардык деңгээлдеринде курамына укук коргоо органдарынын өкүлдөрү кирген **ыкчам таасир этүүчү координациялык топ** (ЫТЭКТ) түзүлдү. ЫТЭКТ шайлоо мыйзамдарынын бузулушуна ыкчам таасир этүүнү камсыз кылып, жарандарды маалымдоо боюнча чараларды кабыл алды.

Мында Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө укук коргоо органдарын жана күч блогун тескеген Кыргыз Республикасынын вице-премьер-министри тарабынан уюштуруу-техникалык маселерлерди чечүүдө шайлоо комиссияларына көмөк көрсөтүү боюнча **Республикалык штабга** жетекчиликти ишке ашыруусу административдик ресурстарды колдонууга жол бербоо боюнча иштерди күчтөндүрүп, укук коргоо органдарын тийиштүү деңгээлде координациялоону камсыз кылды.

### Добуш берүүнүн жыйынтыктары, натыйжаларды белгилөө

Шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулардын жалпы саны **3 563 574** шайлоочуну түздү. Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоого **1 395 513** шайлоочу катышты, бул шайлоочулардын жалпы санынын **39,16%** түзөт. Ден соолугунун мүкүнчүлүгү чектелген шайлоочулардын жалпы саны **18 285** шайлоочуну түзгөн, добуш берүүгө майыптыгы бар **7178** шайлоочу катышты, бул **39,25%** түзөт.

Шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзамдын 55-беренесине ылайык, участкалык шайлоо комиссияларынын протоколдорунун негизинде аймактык шайлоо комиссиялары жыйналыштарында өз аймактарындагы шайлоонун жыйынтыктарын чыгарат жана документтерди токтоосуз Борбордук шайлоо комиссиясына берет, ал жерде БШК шайлоо күнүнөн кийин 20 күндүк мөөнөттөн кечиктирбестен Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоонун натыйжаларын аныктайт. **Добуш берүүнүн биринчи турунда шайлоого катышкан бардык шайлоочулардын добуштарынын жарымынан көбүн алган талапкер** Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна шайланды деп эсептелет.

БШКнын 2021-жылдын 20-январындагы токтому менен «Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоонун натыйжалары жөнүндө» БШКнын 2021-жылдын 20-январындагы протоколу бектилген. Мында БШКнын 2021-жылдын 20-январындагы №24 токтомуна ылайык жыйынды таблица түзүүдө жана «Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоонун натыйжалары жөнүндө» протоколдо добуш берүүнүн жыйынтыктары анык эмес деп таанылган **8 шайлоо участкаларынын** маалыматтары алынып салынгандыгы эске алынган.

Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер **Жапаров Садыр Нургожоевич 1 105 248** добуш алган, бул **79,20 %** түзөт, башкача айтканда шайлоого катышкан бардык шайлоочулардын добуштарынын жарымынан көбүн алган.

### Эл аралык байкоочулар

Шайлоону уюштуруу жана өткөрүү ачык жана айкын өткөрүлөт, ушуга байланыштуу шайлоолордо эл аралык байкоочулардын катышуусу өтө маанилүү.

БШК **333** эл аралык байкоочуларды – *шайлоо органдарын, дипломатиялык өкүлчүлүктөрдү, эл аралык уюмдарды* аккредатциялады, алар КМШ миссиясы (КМШ МПА жана ОДКБ ПА), БДИПЧ ОБСЕ миссиясы, ОБСЕ Парламенттик Ассамблея миссиясы, (ТЮРКПА) Парламенттик Ассамблея миссиясы, ШОС миссиясы, Түрк мамлекеттер уюму миссиясы, Ислам кызматташуу уюмунун миссиясы ж.б.

Эл аралык байкоочуларга шайлоону даярдоого жана добуш берүүгө байкоо жүргүзүүнү ишке ашыруу үчүн жетиштүү укуктар берилген. Эл аралык байкоочулар өздөрүнүн пикирлерин ачык айтууга, пресс-конференцияларды өткөрүүгө, фото-, көрмө тартууларды, аудиожазууларды жүргүзүүгө, бардык деңгээлдеги шайлоо комиссияларынын курамдарын түзүүгө, шайлоочулардын тизмесин түзүүнүн, шайлоочуларды маалыматтык камсыз кылуунун жүрүшүнө ж.б. байкоо жүргүзүүгө укуктуу.

**2.1. бөлүмчөгө Тиркемелер**

**2021-жылдын 10-январдагы мөөнөтүнөн мурда Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоодо шайлоочулардын саны**

| Аймак | Шайлоочулардын саны | Республика жана региондор боюнча салыштырма салмагы (%) | Шайлоого катышкандардын саны | % |
|---|---|---|---|---|
| **РЕСПУБЛИКА БОЮНЧА:** | **100%** | 3563574 | 1401103 | **39,32 %** |
| **БИШКЕК Ш.** | 11,68 % | 416123 | 160579 | 38,59 % |
| **ОШ Ш.** | 4,24 % | 151115 | 63845 | 42,25 % |
| **БАТКЕН ОБЛУСУ** | 18,71 % | 666695 | 117613 | 39,66 % |
| **ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ** | 8,64 % | 307786 | 262345 | 39,35 % |
| **ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ** | 8,34 % | 297264 | 142780 | 46,39 % |
| **НАРЫН ОБЛУСУ** | 5,68 % | 202475 | 84463 | 41,72 % |
| **ОШ ОБЛУСУ** | 20,29 % | 722933 | 290240 | 40,15 % |
| **ТАЛАС ОБЛУСУ** | 4,43 % | 157886 | 61072 | 38,68 % |
| **ЧҮЙ ОБЛУСУ** | 16,61 % | 591818 | 204831 | 34,61 % |
| **КР ТИМ** | 1,39 % | 49479 | 13335 | 26,95 % |

## 2015-2023-жылдардагы шайлоолордогу шайлоочулардын санынын динамикасы

| Регион | КР ЖК депутаттарын шайлоо 04.10.2015ж. | | | КР Президентин шайлоо 15.10.2017ж. | | | КР Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоо жана референдум 10.01.2021ж. | | | КР Референдум 11.04.2021 | | | Бирдиктүү округ боюнча КР ЖК депутаттарын шайлоо 28.11.2021ж. | | | 2023-жылдын май айына | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | УШК саны | Шайлоо-дын саны | % | УШК саны | Шайлоо-дын саны | % | УШК саны | Шайлоо-дын саны | % | УШК саны | Шайлоо-дын саны | % | УШК саны | Шайлоо-дын саны | % | УШК саны | Шайлоо-дын саны | % |
| **РЕСПУБЛИКА БОЮНЧА:** | 2374 | 2761297 | 100 % | 2375 | 3025770 | 100 % | 2474 | 3563574 | 100 % | 2483 | 3606201 | 100 % | 2494 | 3703420 | 100 % | 2494 | 3907065 | 100 % |
| **БИШКЕК Ш.** | 243 | 368194 | 13,3 % | 234 | 426722 | 14,1 % | 228 | 416123 | 11,7 % | 228 | 420787 | 11,7 % | 228 | 435801 | 11,8 | 228 | 484539 | 12,4 % |
| **ОШ Ш.** | 80 | 133388 | 4,8 % | 73 | 159348 | 5,3 % | 78 | 151115 | 4,2 % | 78 | 151960 | 4,2 % | 78 | 155721 | 4,2 | 78 | 142991 | 3,7 % |
| **БАТКЕН ОБЛУСУ** | 198 | 223763 | 8,1 % | 200 | 243722 | 8,1 % | 217 | 297264 | 8,3 % | 218 | 300500 | 8,3 % | 218 | 306062 | 8,3 | 218 | 325997 | 8,3 % |
| **ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ** | 418 | 495455 | 17,9 % | 426 | 545746 | 18 % | 449 | 666695 | 18,7 % | 452 | 672859 | 18,7 % | 452 | 684595 | 18,5 | 452 | 17937 | 0,5 % |
| **НАРЫН ОБЛУСУ** | 165 | 150137 | 5,4 % | 167 | 161895 | 5,4 % | 171 | 202475 | 5,7 % | 169 | 204218 | 5,7 % | 169 | 206505 | 5,6 | 169 | 215727 | 5,5 % |
| **ОШ ОБЛУСУ** | 484 | 557309 | 20,2 % | 488 | 589412 | 19,5 % | 512 | 722933 | 20,3 % | 515 | 730057 | 20,2 % | 515 | 741945 | 20,0 | 515 | 793973 | 20,3 % |
| **ТАЛАС ОБЛУСУ** | 116 | 122983 | 4,5 % | 116 | 130195 | 4,3 % | 117 | 157886 | 4,4 % | 117 | 159532 | 4,4 % | 117 | 161911 | 4,4 | 117 | 171844 | 4,4 % |
| **ЧҮЙ ОБЛУСУ** | 394 | 453754 | 16,4 % | 396 | 491032 | 16,2 % | 406 | 591818 | 16,6 % | 408 | 596832 | 16,6 % | 408 | 611672 | 16,5 | 408 | 664541 | 17,0 % |
| **ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ** | 240 | 241002 | 8,7 % | 238 | 259118 | 8,6 % | 248 | 307786 | 8,6 % | 250 | 310858 | 8,6 % | 250 | 315084 | 8,5 | 250 | 334063 | 8,6 % |
| **КР ТИМ** | 36 | 15312 | 0,6 % | 37 | 18580 | 0,6 % | 48 | 49479 | 1,4% | 48 | 58598 | 1,6 % | 59 | 84124 | 2,3 | 59 | 29331 | 0,8 % |

**2021-жылдын 10-январдагы мөөнөтүнөн мурда Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоодо добуш берүүнүн жыйынтыгы**

| | АЭУ | % | Кол менен эсептөө | % |
|---|---|---|---|---|
| Шайлоо участкасында шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулардын саны | 3 563 574 | | 3 563 574 | |
| Шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын жалпы саны | 1 402 043 | 39.34% | 1 395 513 | 39.16% |
| Жарактуу шайлоо бюллетендеринин саны | 1 390 431 | 99.17% | 1 384 466 | 99.21% |
| Жараксыз шайлоо бюллетендеринин саны | 11 612 | 0.83% | 10 851 | 0.78% |
| **Талапкердин ФАА** | | | | |
| **Жапаров Садыр Нургожоевич** | **1 110 412** | **79.20%** | **1 105 248** | **79.20%** |
| Исаев Канатбек Кедейканович | 8 046 | 0.57% | 8 038 | 0.58% |
| Арстанбек Мыктыбек | 23 625 | 1.69% | 23 583 | 1.69% |
| Сооронкулова Клара Сыргакбековна | 14 015 | 1.00% | 14 005 | 1.00% |
| Ташов Имамидин Асамидинович | 16 546 | 1.18% | 16 383 | 1.17% |
| Тагаев Рашид Бакирович (каттоону жокко чыгаруу) | 0 | 0% | 0 | 0% |
| Сегизбаев Абдил Кенешевич | 20 353 | 1.45% | 20 335 | 1.46% |
| Мадумаров Адахан Кимсанбаевич | 95 192 | 6.79% | 94 741 | 6.79% |
| Касенов Аймен Абдыталипович | 12 668 | 0.90% | 12 684 | 0.91% |
| Кочкоров Улукбек Тойчубаевич | 9 409 | 0.67% | 9 397 | 0.67% |
| Байгуттиев Женишбек Сейтбекович | 1 325 | 0.09% | 1 337 | 0.10% |
| Абакиров Эльдар Курманбекович | 7 015 | 0.50% | 6 996 | 0.50% |
| Асанов Курсан Сатарович | 6 890 | 0.49% | 6 885 | 0.49% |
| Абдылдаев Арстанбек Бейшеналиевич | 1 158 | 0.08% | 1 157 | 0.08% |
| Джеенбеков Равшан Бабырбекович | 2 652 | 0.19% | 2 652 | 0.19% |
| Калмаматов Бактыбек Орозалиевич | 6 913 | 0.49% | 6 893 | 0.49% |
| Тольбаев Бабыржан Латиханович | 33 012 | 2.35% | 32 979 | 2.36% |
| Иманалиев Каныбек Капашович | 2 491 | 0.18% | 2 490 | 0.18% |
| БААРЫНА КАРШЫ | 18 709 | 1.33% | 18 673 | 1.34% |

## 2.2. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БАШКАРУУ ФОРМАСЫН АНЫКТОО БОЮНЧА РЕФЕРЕНДУМ (БҮТКҮЛ ЭЛДИК ДОБУШ БЕРҮҮ) – 2021-ЖЫЛДЫН 10-ЯНВАРЫ

Кыргыз Республикасынын референдуму (мындан ары - референдум) - конституциялык мыйзамдын, мыйзамдын жана башка ченемдик укуктук актынын долбоору, ошондой эле мамлекеттик маанидеги башка маанилүү маселелер боюнча Кыргыз Республикасынын жарандарынын (мындан ары - референдумдун катышуучуларынын) жалпы элдик добуш берүүсү.

Референдумга конституциялык мыйзамдардын, мыйзамдардын долбоорлору, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын долбоорлору, ошондой эле мамлекеттик маанидеги башка маанилүү маселелер коюлушу мүмкүн.

Референдумдун маселеси көптөгөн чечмелөө мүмкүнчүлүгүнө жол берилбегендей жана бир беткей гана жооп бергендей түзүлүүгө тийиш.

2020-жылдын 11-декабрындагы №6 «**Кыргыз Республикасынын башкаруу формасын аныктоо боюнча референдумду (бүткүл элдик добуш берүүнү) дайындоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына** ылайык Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында **2021-жылдын 10-январында** референдум (бүткүл элдик добуш берүү) дайындалган.

### Референдумдун катышуучулары

«Кыргыз Республикасынын референдуму жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын (мындан ары – референдум жөнүндө конституциялык мыйзам) 2-беренесинин 1-бөлүгүнүн 17-пунктуна ылайык, референдумга катышуучулардын тизмеси – добуш берген күнү электрондук жана кагаз түрүндө референдумга катышууга укугу бар Кыргыз Республикасынын жаранынын тизмеси.

Катталган референдумга катышуучулардын жалпы саны **3 563 574** адамды түзгөн, алардын ичинен аялдар **- 1 860 477**, же **52,21%,** эркектер – **1 703 097**, же **47,79%.**

Чет өлкөлөрдө референдумдун катышуучуларынын саны **49 479** адамды түзгөн, алардын ичинен эркектер – **25 022**, аялдар – **24 457** же тийиштүүлүгөн жараша **50,57%** жана **49,43%** түзгөн.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүүлөрдүн саны **18 285** адамды түзгөн**.**

### Шайлоо комиссиялары

Кыргыз Республикасын башкаруу формасын аныктоо боюнча референдумду өткөрүү үчүн **54** аймактык шайлоо комиссиялары жана чет өлкөлөрдөгү **48** шайлоо участкаларын кошкондо **2474** шайлоо участкалары катышты. Шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн жалпы саны **31 095** адамды түздү.

Бардыгы болуп **5700** автоматтык эсептөө урааналары (АЭУ) иштетилди – ар бир шайлоо участкасында негизги АЭУдан тышкары запастагы АЭУ турду, ошондой эле бардык 54 аймактык шайлоо комиссиялары тийиштүү аймактын участкалык шайлоо комиссияларынын бардык санынан 20 % сандагы запастык АЭУ менен жабдылды.

Ишке аймактык шайлоо комиссияларынын **59** системалык администраторлору, **5 000** АЭУ операторлору, **6 149** идентификациялоо операторлору тартылды.

### «Макул» жана «каршы» референдумдун катышуучуларынын топтору

Референдум жөнүндө конституциялык мыйзамдын 2-беренесинин 1-бөлүгүнүн 5 жана 6-пункттарына ылайык **"макул" тобу** – референдумга коюлган маселени

(маселелерди) жактаган үгүт үчүн жана БШКда ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте катталган референдумдун катышуучуларынын тобу.

**"Каршы" тобу** - референдумга коюлган маселеге (маселелерге) каршы үгүт үчүн жана БШК тарабынан ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте катталган референдумдун катышуучуларынын тобу.

БШКга **«макул», «каршы»** үгүт топторун каттоо жөнүндө 15 сунуштама келип түшкөн жана бардык **15 үгүт топтору** катталган, алар:

- **«президенттик республика үчүн»** – 8 үгүт тобу;
- **«парламенттик республика үчүн»** – 3 үгүт тобу;
- **«бардык варинттарга каршы»** – 2 үгүт тобу;
- **«президенттик республикага каршы»** – 1 үгүт тобу;
- **«парламенттик республикага каршы»** – 1 үгүт тобу.

| | Үгүт тобунун жетекчисинин ФАА | Катышуучулардын саны |
|---|---|---|
| **1** | Муканова Нуруйпа Аалиевна | 11 |
| **2** | Токтоназаров Марс Семетеевич | 53 |
| **3** | Саликеев Тилек Кудайбергенович | 18 |
| **4** | Бектурова Бибинур Бектуровна | 28 |
| **5** | Алиев Медербек Кубанычевич | 14 |
| **6** | Баетов Болотбек Талайбекович | 14 |
| **7** | Джанузаков Алик Дюшенбекович | 304 |
| **8** | Кысанов Ракат | 169 |

| Парламенттик республика «үчүн» үгүт тобу | | |
|---|---|---|
| **№** | Үгүт тобунун жетекчисинин ФАА | Катышуучулардын саны |
| **1** | Бекешев Дастан Далабайевич | 13 |
| **2** | Мидин уулу Канатбек | 10 |
| **3** | Султанбеков Темирлан Медетбекович | 11 |

| «Бардык варинттарга каршы» үгүт тобу | | |
|---|---|---|
| **№** | Үгүт тобунун жетекчисинин ФАА | Катышуучулардын саны |
| **1** | Карасартова Рита Рахмановна | 11 |
| **2** | Шабдан уулу Чынарбек | 10 |

| «Президенттик республикага каршы» үгүт тобу; | | |
|---|---|---|
| **№** | Үгүт тобунун жетекчисинин ФАА | Катышуучулардын саны |
| **1** | Калмаматов Бактыбек Орозалиевич | 10 |

| «Парламенттик республикага каршы» үгүт тобу | | |
|---|---|---|
| **№** | Үгүт тобунун жетекчисинин ФАА | Катышуучулардын саны |
| **1** | Барсанаев Эралы Ырысалиевич | 11 |

**Референдумду маалыматтык камсыз кылуу**

Референдум жөнүндө конституциялык мыйзамдын 2 жана 6-беренелерине ылайык референдумду маалыматтык камсыз кылуу - референдумдун маселелери боюнча референдумдун катышуучуларын маалымдоо жана жарандардын өз эркин аң-сезимдүү билдирүүсүнө, референдумдун айкындуулугуна көмөктөшүүчү үгүт болуп саналат.

Референдумду даярдоо жана өткөрүү ачык жана айкын жүзөгө ашырылат. Мамлекет Кыргыз Республикасынын жарандарына референдумду даярдоонун жана

өткөрүүнүн тартиби менен мөөнөттөрү жөнүндө, добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу жана референдумдун натыйжалары жөнүндө маалымдоону камсыз кылат.

БШК жарандардын өз эркин аң-сезимдүү билдирүүсүн, референдумдун айкындуулугун жүзөгө ашыруу үчүн референдумдун бардык катышуучулары үчүн маалыматтык өнөктүктү өткөрдү.

Эки тилде сурдокотормосу бар төмөнкү темадагы 6 көрмөроликтер даярдалды: ***«Жаштар референдум жөнүндө», «Өз тандооңду билдирер мезгил келди!», «Жаштар жана шайлоо», «Эмне үчүн мен шайлоого барам», «Менин тандоом – биздин жалпы келечегибиз», «Башкаруу формасы», «Санитардык нормалар».***

Бардык көрмөроликтер бардык мамлекеттик, аймактык жана жеке телеканалдарда, ошондой эле Интернет-басылмаларда жана социалдык түйүндөрдө көрсөтүлдү.

Эки тилде төмөнкү темадагы 6 маалымат плакаттары даярдалды: ***«Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү жарандардын шайлоо укуктарын камсыз кылуу боюнча чаралар», «Санитардык-эпидемиологиялык коопсуздук боюнча чаралар», «Добуш берүү күнү байкоочуга (анын укугу)», «Добуш берүү участогундагы добуш берүү тартиби», «Аймактык шайлоо комиссияларынын добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгаруусунун тартиби (АШК үчүн)», «Участкалык шайлоо комиссияларынын добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгаруусунун тартиби (УШК үчүн)».***

Бардык маалымат плакаттары ар бир шайлоочу же шайлоо процессинин катышуучусу зарыл маалыматтарды ала алгандай шайлоо комиссияларынын маалымат такталарында жана коомдук жерлерде жайгаштырылды. Укук коргоо органдарынын, ЖМКнын өкүлдөрү жана шайлоо прооцессинин башка катышуучулары үчүн окутуу семинарлары өткөрүлдү.

Референдум маселеси боюнча «макул» жана «каршы» үгүт топторунун дебаттары жана жек чыгып сүйлөгөн сөздөрү КТРК жана ЭлТР телеканалдарында алып көрсөтүлдү.

**Референдумду каржылык камсыз кылуу**

Референдум жөнүндө конституциялык мыйзамдын 42-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык референдумду каржылоо республикалык бюджеттин эсебинен ишке ашырылат.

БШКнын 2020-жылдын 14-декабрындагы №465 токтому менен референдумду даярдоого жана өткөрүүгө **39 946,0 миң сом** суммасындагы чыгашалардын сметасы бекитилген.

Төмөндөгү таблицада референдумду даярдоого жана өткөрүүгө чыгашалардын сметасынын аткарылышы тууралуу маалымат берилген:

миң сом

| Көрсөткүчтөр | Бөлүнгөн бардык каражаттар | Иш жүзүндө сарпталганы | Калганы (үнөмдөлүшү |
|---|---|---|---|
| **Бардык чыгашалар:** | **35 346,0** | **29 713,8** | **5 632,2** |
| КР БШК | 28 340,6 | 26 172,0 | 2 168,6 |
| КР ТИМ | 5 000,0 | 1 536,4 | 3 463,6 |
| КРӨ караштуу ГРС | 1 505,4 | 1 505,4 | - |
| Миграции мамкызматы | 500,0 | 500,0 | - |

**«Макул» жана «каршы» үгүт топторунун фонддорун каржылоо**

Референдум фонддору төмөндөгү акча каражаттарынан түзүлүшү мүкүн:

- жарандардын ыктыярдуу кайрымдуулук каражаттарынан;
- юридикалык жактардын ыктыярдуу кайрымдуулук каражаттарынан

(*референдум жөнүндө конституциялык мыйзамдын 43-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык тыюу салууга жаткан адамдарды кошпогондо).*

Референдумфонддорунун атайын эсептерин 15 «макул» жана «каршы» үгүт топтору банк мекемелеринде ачышты.

Акча каражаттарынын кыймылы 6 үгүт топторунда гана болду, Түшкөн жалпы сумма **1 260 408** сомду түздү, чыгашалардын жалпы суммасы **363 816 сомду** түздү.

| № п/п | «Макул» жана «каршы» үгүт топторунун аталышы | Түшкөнү, сом менен | сарпталганы, сом менен |
|---|---|---|---|
| **1** | **№1 «макул» парламенттик республика үчүн** | 17 600 | 1 528 |
| **2** | **№1 «каршы» президенттик республика үчүн** | 100 | 0 |
| **3** | **№4 «макул» президенттик республика үчүн** | 100 | 0 |
| **4** | **№3 «макул» президенттик республика үчүн** | 859 453 | 359 288 |
| **5** | **№8 «макул» президенттик республика үчүн** | 3 000 | 3 000 |
| **6** | **№2 «макул» президенттик республика үчүн** | 380 155 | 0 |
| **Жыйынтыгы:** | | **1 260 408** | **363 816** |

**Добуш берүүнүн жыйынтыктары, натыйжаларды белгилөө**

Референдум жөнүндө конституциялык мыйзамдын 37-беренесине ылайык аймактык шайлоо комиссияларынын тиешелүү аймактар боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдорунун негизинде, аларда камтылган маалыматтарды кошуу жолу менен БШК добуш берилген күндөн тартып 35 календардык күндөн кечиктирбестен референдумдун натыйжаларын аныктайт.

Референдумдун катышуучуларынын тизмесине киргизилген жарандардын жалпы саны **3 563 574** референдумдун катышуучуларын түздү;

добуш берүүгө катышкан референдумдун катышуучуларынын жалпы саны - **1 394 218** же референдумдун катышуучуларынын тизмесине киргизилген жарандардын жалпы санынын **39,12%** түзөт;

киргизилген маселе боюнча **«президенттик республика»** эркин билдирген вариантты колдогон референдумдун катышуучуларынын саны - **1 133 485** же добуш берүүгө катышкан референдумдун катышуучуларынын санынын **81,30** пайызын түзгөн;

киргизилген маселе боюнча **«парламенттик республика»** эркин билдирген вариантты колдогон референдумдун катышуучуларынын саны - **151 931** же добуш берүүгө катышкан референдумдун катышуучуларынын санынын **10,90** пайызын түзгөн;

киргизилген маселе боюнча **«бардык варианттарга каршы»** эркин билдирген вариантты колдогон референдумдун катышуучуларынын саны - **62 145** же добуш берүүгө катышкан референдумдун катышуучуларынын санынын **4,46** пайызын түзгөн;

БШКнын 2021-жылдын 20-январындагы № 27 токтому менен Кыргыз Республикасынын башкаруунун формасын аныктоо боюнча референдумдун (бүткүл элдик добуш берүүнүн) натыйжалары жөнүндө БШКнын протоколу бекитилди.

Референдум жөнүндө конституциялык мыйзамдын 37-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык референдумдун катышуучуларынын тизмесине киргизилген **референдумдун катышуучуларынын 30% ашыгы** добуш берүүгө катышса, референдум болуп өттү деп таанылат. Эгерде добуш берүүгө катышкан референдумдун **катышуучуларынын жарымынан көбү** коюлган маселе үчүн добуш берсе, БШК чечимди референдумда кабыл алынган деп тааныйт.

БШК 2021-жылдын 10-январына дайындалган Кыргыз Республикасынын башкаруунун формасын аныктоо боюнча референдумду (бүткүл элдик добуш берүүнү) **болуп өттү** деп тааныды, жана референдумга (бүткүл элдик добуш берүүгө) коюлган маселе боюнча «**президенттик республикага»** добуш берген эркин билдирүү варианты кабыл алынды деп тааныды.

Кыргыз Республикасынын башкаруунун формасын аныктоо боюнча референдумда добуш берүүнү жыйынтыгы:

| | **АЭУ** | **%** | **Кол менен эсептөө** | **%** |
|---|---|---|---|---|
| Шайлоо участкасында шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулардын саны | 3 563 574 | | 3 563 574 | |
| Шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын жалпы саны | 1 397 335 | 39.21% | 1 394 218 | 39.12% |
| Жарактуу шайлоо бюллетендеринин саны | 1 349 754 | 96.59% | 1 347 561 | 96.65% |
| Жараксыз шайлоо бюллетендеринин саны | 47 581 | 3.41% | 46 460 | 3.33% |
| **Сиз Кыргыз Республикасынын башкаруунун кандай формасын колдойсуз ?** | | | | |
| | **АЭУ** | | **Кол менен эсептөө** | |
| **ПРЕЗИДЕНТТИК** | 1 130 318 | 80.89% | 1 133 485 | 81.30% |
| **ПАРЛАМЕНТТИК** | 151 670 | 10.85% | 151 931 | 10.90% |
| **БААРЫНА КАРШЫ** | 62 027 | 4.44% | 62 145 | 4.46% |

**Эл аралык байкоочулар**

БШК **333** эл аралык байкоочуларды - *шайлоо органдарын, дипломатиялык өкүлчүлүктөрдү, эл аралык уюмдарды* аккредатциялады, алар КМШ миссиясы (КМШ МПА жана ОДКБ ПА), БДИПЧ ОБСЕ миссиясы, ОБСЕ Парламенттик Ассамблея миссиясы, (ТЮРКПА) Парламенттик Ассамблея миссиясы, ШОС миссиясы, Түрк мамлекеттер уюму миссиясы, Ислам кызматташуу уюмунун миссиясы ж.б.

2.2. бөлүмчөгө Тиркеме

**2021-жылдын 10-январындагы Кыргыз Республикасынын башкаруунун формасын аныктоо боюнча референдумда шайлоочулардын саны**

| Аймак | УШК | Шайлоочулар | | | | Эркектер | | Аялдар | | 18 ~ 29 жаш | | 30~39 жаш | | 40~49 жаш | | 50~59 жаш | | 60 жаш/ жогору | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Жалпы саны | (%) | Катыш-н саны | % | Жалпы саны | % | Жалпы саны | % | Жалпы саны | % | Жалпы саны | % | Жалпы саны | % | Жалпы саны | % | Жалпы саны | % |
| БААРДЫГЫ: | 2474 | 3563574 | 100 | 1421035 | 39,88 | 1703097 | 47,79 | 1860477 | 52,21 | 975921 | 27,39 | 891686 | 25,02 | 621613 | 17,44 | 530420 | 14,88 | 13280 | 45,65 |
| БИШКЕК Ш. | 228 | 416123 | 11,68 | 162848 | 39,13 | 176243 | 42,35 | 239880 | 57,65 | 95464 | 22,94 | 97833 | 23,51 | 75787 | 18,21 | 67603 | 16,25 | 1508 | 29,65 |
| ОШ Ш. | 78 | 151115 | 4,24 | 66579 | 44,06 | 69099 | 45,73 | 82016 | 54,27 | 41252 | 27,30 | 38253 | 25,31 | 24542 | 16,24 | 23143 | 15,31 | 751 | 33,63 |
| БАТКЕН ОБЛУСУ | 217 | 666695 | 18,71 | 268124 | 40,22 | 324906 | 48,73 | 341789 | 51,27 | 196614 | 29,49 | 167701 | 25,15 | 113827 | 17,07 | 96131 | 14,42 | 5593 | 39,39 |
| ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ | 449 | 307786 | 8,64 | 143999 | 46,79 | 150642 | 48,94 | 157144 | 51,06 | 81531 | 26,49 | 74653 | 24,25 | 53457 | 17,37 | 47208 | 15,34 | 4702 | 71,04 |
| НАРЫН ОБЛУСУ | 171 | 202475 | 5,68 | 86517 | 42,73 | 101010 | 49,89 | 101465 | 50,11 | 56592 | 27,95 | 48718 | 24,06 | 37466 | 18,50 | 29579 | 14,61 | 726 | 76,34 |
| ОШ ОБЛУСУ | 512 | 722933 | 20,29 | 293278 | 40,57 | 350959 | 48,55 | 371974 | 51,45 | 211335 | 29,23 | 183742 | 25,42 | 121865 | 16,86 | 105718 | 14,62 | 13280 | 45,65 |
| ТАЛАС ОБЛУСУ | 117 | 157886 | 4,43 | 61682 | 39,07 | 78394 | 49,65 | 79492 | 50,35 | 44662 | 28,29 | 39012 | 24,71 | 28572 | 18,10 | 22304 | 14,13 | 1508 | 29,65 |
| ЧҮЙ ОБЛУСУ | 406 | 591818 | 16,61 | 208469 | 35,23 | 281523 | 47,57 | 310295 | 52,43 | 147780 | 24,97 | 148467 | 25,09 | 104497 | 17,66 | 90962 | 15,37 | 751 | 33,63 |
| ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ | 248 | 297264 | 8,34 | 117444 | 39,51 | 145299 | 48,88 | 151965 | 51,12 | 86354 | 29,05 | 76996 | 25,90 | 50972 | 17,15 | 42207 | 14,20 | 5593 | 39,39 |
| КР ТИМ | 48 | 49479 | 1,39 | 12095 | 24,44 | 25022 | 50,57 | 24457 | 49,43 | 14337 | 28,98 | 16311 | 32,97 | 10628 | 21,48 | 5565 | 11,25 | 4702 | 71,04 |

## 2.3. «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯСЫ ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНЫН ДОЛБООРУ БОЮНЧА РЕФЕРЕНДУМ (БҮТКҮЛ ЭЛДИК ДОБУШ БЕРҮҮ) – 2021-ЖЫЛДЫН 11-АПРЕЛИ

Кыргыз Республикасынын референдуму (мындан ары - референдум) - конституциялык мыйзамдын, мыйзамдын жана башка ченемдик укуктук актынын долбоору, ошондой эле мамлекеттик маанидеги башка маанилүү маселелер боюнча Кыргыз Республикасынын жарандарынын (мындан ары - референдумдун катышуучуларынын) жалпы элдик добуш берүүсү.

Референдумга конституциялык мыйзамдардын, мыйзамдардын долбоорлору, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын долбоорлору, ошондой эле мамлекеттик маанидеги башка маанилүү маселелер коюлушу мүмкүн.

Референдумдун маселеси көптөгөн чечмелөө мүмкүнчүлүгүнө жол берилбегендей жана бир беткей гана жооп бергендей түзүлүүгө тийиш.

2021-жылдын 12-мартындагы №31 **«Кыргыз Республикасынын Конституциясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору боюнча референдумду (бүткүл элдик добуш берүүнү) дайындоо тууралуу Кыргыз республикасынын Мыйзамына** ылайык Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында **2021-жылдын 11-арпрелинде** референдум (бүткүл элдик добуш берүү) дайындалган.

Референдумга **«Кыргыз Республикасынын Конституциясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору** чыгарылган.

### Референдумдун катышуучулары

Референдум жөнүндө конституциялык мыйзамдын 2-беренесинин 1-бөлүгүнүн 17-пунктуна ылайык, референдумга катышуучулардын тизмеси – добуш берген күнү электрондук жана кагаз түрүндө референдумга катышууга укугу бар Кыргыз Республикасынын жаранынын тизмеси болуп саналат.

Катталган референдумга катышуучулардын жалпы саны **3 606 201** адамды түзгөн, алардын ичинен аялдар **- 1 880 352**, же **52,14%,** эркектер – **1 725 845**, же **47,86%**

Чет өлкөлөрдө референдумдун катышуучуларынын саны **58 598** адамды түзгөн, алардын ичинен эркектер – **29 297**, же **50,00%.**, аялдар – **29 301**, же **50,00%,** түзгөн.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүүлөрдүн жалпы саны **20 187** адамды түзгөн**,** бул 2021-жылдын 10-январындагы мөөнөтүнөн мурда президенттик шайлоонун көрсөткүчтөрүнө салыштырганда 1902ге көптүк кылат.

### Шайлоо комиссиялары

«Кыргыз Республикасынын Конституциясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору боюнча референдумду өткөрүү үчүн **54** аймактык шайлоо комиссияларынын **650** мүчөсү жана КР чектеринен тышкары жайгашкан **48** шайлоо участкаларын кошкондо **2483** шайлоо участкаларында **28 784** мүчөлөрү катышты.

### “Макул” жана “каршы” референдумдун катышуучуларынын топтору

Референдум жөнүндө конституциялык мыйзамдын 2-беренесинин 1-бөлүгүнүн 5 жана 6-бөлүктөрүнө ылайык "макул" тобу - референдумга коюлган маселени (маселелерди) жактаган үгүт үчүн жана БШК тарабынан ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте катталган референдумдун катышуучуларынын тобу. "Каршы" топ - референдумга коюлган маселеге (маселелерге) каршы үгүт үчүн жана

БШК тарабынан ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте катталган референдумдун катышуучуларынын тобу.

БШКга **“макул”, “каршы”** үгүт топторун каттоо жөнүндө 15 өтүнүч келип түшкөн, бардык **15 үгүт топтору** катталган:

-“**макул” тобу** – 12 үгүт тобу;

**-“каршы” тобу** – 3 үгүт тобу.

| **«Макул» үгүт тобу** | | |
|---|---|---|
| **№** | **Топтун жетекчисинин ФАА** | **Катышуучуларынын саны** |
| 1 | Тентишев Бакыт Эркинович | 15 |
| 2 | Сапаркулова Мээрим Сапаркуловна | 11 |
| 3 | Исмаилов Фархат Даткабаевич | 14 |
| 4 | Абдумаликов Туголбай | 12 |
| 5 | Акунов Кенешбек Жасынович | 12 |
| 6 | Бектур Жанарбек | 10 |
| 7 | Арстанкулов Утарбек Бектурович | 11 |
| 8 | Пулатов Азамат Акбаралиевич | 12 |
| 9 | Байматов Азамат Тарзанович | 13 |
| 10 | Мадаминов Аскаралы Шукуралиевич | 11 |
| 11 | Акматалиев Алмазбек Акматалиевич | 12 |
| 12 | Макеева Жаркынай Болотбековна | 13 |

| **«Каршы» үгүт тобу** | | |
|---|---|---|
| № | **Топтун жетекчисинин ФАА** | **Катышуучуларынын саны** |
| **1** | Карасартова Рита Рахмановна | 10 |
| **2** | Сооронкулова Клара Сыргабековна | 13 |
| **3** | Шабдан уулу Чынарбек | 10 |

**Референдумду маалыматтык камсыз кылуу**

БШК жарандардын өз эркин аң-сезимдүү билдирүүсүн, референдумдун айкындуулугун жүзөгө ашыруу үчүн референдумдун бардык катышуучулары үчүн маалыматтык өнөктүктү өткөрдү.

Эки тилде сурдокотормосу бар төмөнкү темадагы 5 көрмөроликтер даярдалды: ***«Өз таандооңду билдирер мезгил келди!», «Эмне үчүн мен шайлоого барам», «Менин тандоом – биздин жалпы келечегибиз», «Санитардык нормалар», «Жаштар жана шайлоо»***

Бардык көрмөроликтер мамлекеттик, аймактык жана жеке телеканалдарда, ошондой эле Интернет-басылмаларда жана социалдык түйүндөрдө көрсөтүлдү. Бардык маалымат плакаттары ар бир шайлоочу же шайлоо процессинин катышуучусу зарыл маалыматтарды ала алгандай шайлоо комиссияларынын маалымат такталарында жана коомдук жерлерде жайгаштырылды.

Укук коргоо органдарынын, ЖМКнын өкүлдөрү жана шайлоо прооцессинин башка катышуучулары үчүн окутуу семинарлары өткөрүлдү. Референдум маселеси боюнча «макул» жана «каршы» үгүт топторунун дебаттары жана жек чыгып сүйлөгөн сөздөрү КТРК жана ЭлТР телеканалдарында алып көрсөтүлдү.

БШК ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү шайлоочулардын укуктарын камсыз кылуу алкагында эл аралык өнөктөштөрдүн колдоосунда Брайль тамгасындагы

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын долбоорун чыгарды жана бардык нускасы ДСМЧА менен иштеген уюмдардын арасында таркатылды.

Ошондой эле Конституция БШКнын расмий сайтында жана «Эркин-Тоо» газетасында **1 100 000** нускада жарыяланды.

**Референдумду каржылык камсыз кылуу**

Референдум жөнүндө конституциялык мыйзамдын 42-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык референдумду каржылоо республикалык бюджеттин эсебинен ишке ашырылат.

БШКнын 2021-жылдын 14-мартындагы № 66 токтому менен референдумду даярдоого жана өткөрүүгө **55 642,3 миң сом** суммасындагы чыгашалардын сметасы бекитилген.

Төмөндөгү таблицада референдумду даярдоого жана өткөрүүгө чыгашалардын сметасынын аткарылышы тууралуу маалымат берилген:

миң сом

| Көрсөткүчтөрү | Бөлүнгөн бардык каражаттар | Иш жүзүндө чыгымдалганы | Калганы (үнөмдөө) |
|---|---|---|---|
| **Бардык чыгымдар:** | **55 642,3** | **41 788,2** | **13 854,1** |
| КР БШК | 43 642,3 | 30 453,3 | 13 189,0 |
| КР ТИМ | 12 000,0 | 11 334,9 | 665,1 |

**«Макул» жана «каршы» үгүт топторунун фонддорун каржылоо**

БШК **15 үгүт топторун каттады**, алар: **«макул»** - 12 үгүт тобу жана **«каршы»** 3 үгүт тобу.

Бардык 15 «макул» жана «каршы» үгүт топтору өздөрүнүн референдум фонддорун түзүштү.

«Түндүк» ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасы аркылуу банк мекемелеринен алынган маалыматтардын негизинде референдум фонддорунун атайын эсебиндеги каражаттардын жылышы эки үгүт тобунда болгон (төмөндөгү таблицаны караңыз).

| № п/п | Үгүт тобунун аталышы | Түшкөнү, сом менен | Чыгымдалганы, сом менен |
|---|---|---|---|
| 1 | №11 "МАКУЛ" үгүт тобу | 7 267 150 | 7 267 150 |
| 2 | №11 "МАКУЛ" үгүт тобу | 100 | 0 |
| **Жыйынтыгы:** | | **7 267 250** | **7 267 150** |

**Добуш берүүнүн жыйынтыктары, натыйжаларды белгилөө**

БШКнын 2021-жылдын 30-апрелиндеги № 173 токтому менен 2021-жылдын 11-апрелине дайындалган «Кыргыз Республикасынын Конституциясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору боюнча референдумдун (бүткүл элдик дрбуш берүүнүн) натыйжалары жөнүндө БШКнын протоколу бекитилген.

Мында 21 шайлоо участкаларында добуш берүүнүн жыйынтыктары анык эмес

деп таанылган (Бишкек шаары боюнча – 1 УШК, Ош шаары боюнча – 2 УШК, Жалал-Абад облусу боюнча – 6 УШК, Ош облусу боюнча – 10 УШК, Чүй облусу боюнча – 2 УШК). Референдумдун катышуучуларынын тизмесине киргизилген жарандардын саны **-39 595,** референдумга катышкандардын саны – **16 594**. Референдумдун натыйжалары жөнүндө протоколду түзүүдө 21 шайлоо участкалары боюнча алып салынган маалыматтар эске алынды.

Референдум жөнүндө конституциялык мыйзамдын 37-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык эгерде референдумдун катышуучуларынын тизмесине киргизилген референдумдун катышуучуларынын **30 пайызынан көбү** добуш берүүгө катышса, БШК референдумду болуп өттү деп таанайт. Эгерде добуш берүүгө катышкан референдумдун **катышуучуларынын жарымынан көбү** коюлган маселе үчүн добуш берсе, Борбордук шайлоо комиссиясы чечимди референдумда кабыл алынган деп таанайт.

Референдумдун катышуучуларынын тизмесине киргизилген жарандардын жалпы саны **3 606 201** референдумдун катышуучуларын түздү:

добуш берүүгө катышкан референдумдун катышуучуларынын саны - **1 322 124** же референдумдун катышуучуларынын тизмесине киргизилген жарандардын жалпы санынын **36,66** түзгөн;

киргизилген маселе боюнча **«макул»** деп жооп берген референдумдун катышуучуларынын саны - **1 048 660** же добуш берүүгө катышкан референдумдун катышуучуларынын санынын **79,32** пайызын түзгөн;

киргизилген маселе боюнча **«каршы»** деп жооп берген референдумдун катышуучуларынын саны - **181 370** же добуш берүүгө катышкан референдумдун катышуучуларынын санынын **13,72** пайызын түзгөн.

БШК референдумду **болуп өттү** деп тааныды жана «Кыргыз Республикасынын Конституциясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын 2021-жылдын 11-апрелинде референдум менен кабыл алында деп тааныды.

«Кыргыз Республикасынын Конституциясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору боюнча референдумдун добуш берүү жыйынтыгы:

| | **АЭУ** | **%** | **Кол менен эсептөө** | **%** |
|---|---|---|---|---|
| Шайлоо участкасында шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулардын саны | 3 606 201 | | 3 606 201 | |
| Шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын жалпы саны | 1 338 087 | 37.11% | 1 322 124 | 36.66% |
| Жарактуу шайлоо бюллетендеринин саны | 1 245 054 | 93.05% | 1 230 030 | 93.03% |
| Жараксыз шайлоо бюллетендеринин саны | 93 033 | 6.95% | 91 463 | 6.92% |
| | **АЭУ** | | **Кол менен эсептөө** | |
| **МАКУЛ** | 1 062 099 | 79.37% | 1 048 660 | 79.32% |
| **КАРШЫ** | 182 933 | 13.67% | 181 370 | 13.72% |

**Эл аралык байкоочулар**

БШК **183** эл аралык байкоочуларды - *шайлоо органдарын, дипломатиялык өкүлчүлүктөрдү, эл аралык уюмдарды* аккредатциялады, алар КМШ миссиясы (КМШ МПА жана ОДКБ ПА), ОБСЕ Парламенттик Ассамблея миссиясы, (ТЮРКПА) Парламенттик Ассамблея миссиясы, ШОС миссиясы, ССТГ миссиясы, Ислам кызматташуу уюмунун миссиясы ж.б.

**2.3. бөлүмчөгө Тиркеме**

## «Кыргыз Республикасынын Конституциясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору боюнча референдумдагы шайлоочулардын саны

| Аймак | УШК | Шайлоочулар | | | | Эркектер | | Аялдар | | 18 жаш | | 19-30 жаш | | 31-45 жаш | | 46-60 жаш | | 60 жаш/ жогору | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Жалпы саны | % | Катышкан-дын саны | % | Жалпы саны | % | Жалпы саны | % | Жалпы саны | % | Жалпы саны | % | Жалпы саны | % | Жалпы саны | % | Жалпы саны | % |
| **БААРДЫГЫ:** | **2483** | **3606201** | **100** | **1345649** | **37,31** | **1725849** | **38,73** | **1880352** | **36,01** | **87573** | **24,21** | **1095140** | **22,67** | **1159077** | **36,13** | **807841** | **50,48** | **456570** | **54,68** |
| **БИШКЕК Ш.** | 228 | 420787 | 11,67 | 136547 | 32,45 | 178058 | 33,10 | 242729 | 31,98 | 9435 | 27,31 | 107596 | 24,61 | 132161 | 29,44 | 103029 | 38,32 | 68566 | 42,45 |
| **ОШ Ш.** | 78 | 151960 | 4,21 | 63845 | 42,01 | 69848 | 45,42 | 82112 | 48,66 | 3598 | 41,08 | 46336 | 34,71 | 47545 | 44,36 | 34647 | 57,60 | 19834 | 65,92 |
| **БАТКЕН ОБЛУСУ** | 218 | 300500 | 8,33 | 117613 | 39,14 | 147057 | 38,93 | 153443 | 34,22 | 7596 | 21,67 | 96635 | 20,81 | 98488 | 36,57 | 63940 | 51,92 | 33841 | 55,52 |
| **ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ** | 452 | 672859 | 18,66 | 262345 | 38,99 | 328408 | 41,48 | 344451 | 39,36 | 17318 | 23,16 | 218740 | 22,94 | 214284 | 39,93 | 145795 | 57,35 | 76722 | 63,15 |
| **НАРЫН ОБЛУСУ** | 169 | 204218 | 5,66 | 84463 | 41,36 | 102028 | 42,60 | 102190 | 39,27 | 4992 | 25,78 | 62075 | 23,36 | 66332 | 42,00 | 45489 | 55,67 | 25330 | 57,75 |
| **ОШ ОБЛУСУ** | 515 | 730057 | 20,24 | 290240 | 39,76 | 354978 | 40,65 | 375079 | 38,14 | 18369 | 22,10 | 236586 | 22,03 | 232155 | 37,84 | 159863 | 56,60 | 83084 | 63,61 |
| **ТАЛАС ОБЛУСУ** | 117 | 159532 | 4,42 | 61072 | 38,28 | 79340 | 45,04 | 80192 | 42,15 | 4185 | 24,37 | 49413 | 24,89 | 51745 | 44,90 | 34440 | 59,35 | 19749 | 63,52 |
| **ЧҮЙ ОБЛУСУ** | 408 | 596832 | 16,55 | 204831 | 34,32 | 284379 | 35,15 | 312453 | 30,87 | 13800 | 24,98 | 166342 | 22,63 | 194391 | 31,27 | 137968 | 41,61 | 84331 | 44,03 |
| **ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ** | 250 | 310858 | 8,62 | 142780 | 45,93 | 152456 | 38,72 | 158402 | 35,81 | 7623 | 21,72 | 90875 | 19,78 | 97521 | 37,00 | 72071 | 51,46 | 42768 | 53,69 |
| **КР ТИМ** | 48 | 58598 | 1,62 | 13335 | 22,76 | 29297 | 6,42 | 29301 | 4,40 | 657 | 3,81 | 20542 | 4,51 | 24455 | 5,45 | 10599 | 7,39 | 2345 | 4,39 |

## 2.4. 2021-2022-ЖЫЛДАРДАГЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО

Шаардык кеңештердин депутаттарын шайлоо **пропорционалдык системада**, ал эми айылдык кеңештердин депутаттарын шайлоо **мажоритардык системада** өткөрүлөт.

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоолор Кыргыз Респрубликасынын Президенти тарабынан шайлоолор күнүнө чейин 30 календердык күндөүн кеч эмес дайындалат.

Жергиликтүү кеңештердин депутаттары мөөнөтүнөн мурда таркатылган учурда Президент бир эле учурда жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоолорун дайындайт.

Талапкерлерди көрсөтүү укугу төмөндөгүлөргө таандык:

1) **шаарлардын жергиликтүү кеңештерине** – саясий партияларга;
2) **айылдык аймактын жергиликтүү кеңештерине** – саясий партияларга жана өзүн өзү көрсөтүү жолу менен жарандарга.

Саясий партия төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө укуктуу:

1) **пропорциялуу система боюнча шайлоодо** - ар бир бирдиктүү шайлоо округу боюнча ошол жергиликтүү кеңеш үчүн белгиленген депутаттык орундардын санынан бир жарым эседен кем эмес ашкан сандагы талапкерлерди;

2) **мажоритардык система боюнча шайлоодо** - ар бир көп мандаттуу шайлоо округу боюнча ал округ боюнча белгиленген мандаттардын санынан ашпаган сандагы талапкерлерди.

### 1) 2021-жылдын 11-апрелинде жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоолор

«Кыргыз Республикасынын Баткен, Жалал-Абад, Нарын, Ысык-Көл, Чүй, Ош облусутарынын айрым жергиликтүү кеңештеринин жана Ош шаарынын депутаттарын шайлоолорду дайындоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 10-февралындагы ПЖ №32 Жарлыгы менен 2020-жылдын 12-апрелинде ыйгарым кукуктарынын мөөнөтү бүткөндүгүнө байланыштуу **30 жергиликтүү кеңештердин** депутаттарын шайлоо дайындалган, алар: **25 айылдык жана 5 шаардык** кеңештер.

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесинин 3-пунктуна, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6, 7, 14, 18-беренелерине ылайык, «Кыргыз Республикасынын Баткен, Жалал-Абад, Нарын, Ысык-Көл, Чүй, Ош облустарынын айрым жергиликтүү кеңештеринин жана Ош шаарынын депутаттарын шайлоодо шайлоо процессинин этаптарын ишке ашыруу боюнча иш-чараларды токтото туруу тууралуу» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 23-мартындагы ПЖ №54 Жарлыгын аткарууда, Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин 2020-жылдын 21-мартындагы № 6 чечимин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 22-мартындагы №93-р тескемесин эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 10-февралындагы №32 Жарлыгы менен **2020-жылдын 12-апрелине дайындалган жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча уюштуруу-практикалык иш-чараларын өзгөчө кырдаалдар мезгилинде токтото турду.**

Ыйгарым уктарынын мөөнөтү бүткөндүгүнө байланыштуу жергиликтүү кеңештердин кезектеги шайлоолорун өткөрүү, ошондой эле мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарын жаңы шайлоолорду өткөрүү максатында

«Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоону дайындоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 8-февралындагы №21 Жарлыгы менен Кыргыз Республикасынын **448 жергиликтүү кеңештеринин** депутаттарын шайлоо 2021-жылдын 11-апрелине дайындалган:

- **28 шаардык кеңештер** – Бишкек, Ош; **10** облусутук маанидеги шаарлар: Талас, Токмок, Каракол, Балыкчы, Нарын, Жалал-Абад, Баткен, Кызыл-Кыя, Майлуу-Суу, Сүлүктү, **16** райондук маанидеги шаарлар: Чолпон-Ата, Кемин, Орловка, Кайыңды, Шопоков, Кант, Өзгөн, Ноокат, Кербен, Кочкор-Ата, Кара-Көл, Көк-Жаңгак, Базар-Коргон, Айдаркен, Кадамжай, Исфана.
- **420 айылдык кеңеш:**

| № | Облусутардын аталыштары | Айылдык кеңештердин саны | Алардын ичинен: | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | 2020-жылы токтотулганы | Ыйгарым укуктары 2020-жылдын декабрында аяктагандары | Ыйгарым укуктары 2020-жылдын майында бүткөндөрү |
| 1 | Чүй обл. | 98 | 2 | 85 | 11 |
| 2 | Талас обл. | 34 | 0 | 33 | 1 |
| 3 | Баткен обл. | 27 | 2 | 24 | 1 |
| 4 | Ош обл. | 81 | 8 | 70 | 3 |
| 5 | Жалал-Абад обл. | 62 | 3 | 55 | 4 |
| 6 | Нарын обл. | 59 | 8 | 51 | 0 |
| 7 | Ысык-Көл обл. | 59 | 2 | 51 | 6 |
| | **Жыйынтыгы:** | **420** | **25** | **369** | **26** |

**Шайлоочулардын тизмеси**

Шайлоочулардын тизмесине добуш берүү күнүнө карата активдүү шайлоо укугуна ээ болгон, жергиликтүү жамааттын мүчөсү болуп саналган жана "Кыргыз Республикасынын жарандарын биометрикалык каттоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген тартипте биометрикалык каттоодон өткөн Кыргыз Республикасынын бардык жарандары киргизилет.

Тийиштүү айыл аймагындла, шаарда туруктуу жашаган жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жалпы кызыкчылыктары менен жергиликтүү жамаат менен байланышкан, Кыргыз Республикасынын жараны жергиликтүү жамааттын мүчөсү болуп саналат. Жергиликтүү жамаатта шайлоочунун мүчөлүгү жарандын паспортундагы жашаган жеринде каттоо жөнүндө белгиси менен аныкталат.

**2021-жылдын 11-апрелинде** болуп өткөн жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо шайлоочулардын жалпы саны - **3 318 130** шайлоочуларды, катышкан шайлоочулардын саны **- 1 295 096** шайлоочуну түзгөн, бул **39,03% түзөт:**

- шаардык кеңештерге – **1 049 441** шайлоочуну, катышкандардын саны - **387 175** шайлоочуну же **36,89%** түздү;

- айылдык кеңештерге – **2 268 689** шайлоочуну, катышкандардын саны - **907 921** шайлоочуну же **40,02%** түздү.

Ден соолугунун мүкүнчүлүгү чектелүү шайлоочулардын жалпы саны **20187** шайлоочуна түздү, бул 2021-жылдын 10-январындагы мөөнөтүнөн мурда президенттик шайлоонун көрсөткүчтөрү менен салыштырганда 1902 ге көптүк кылат.

**Шайлоо округдары**

Жергиликтүү кеңештердин депутаттароын шайлоону өткөрүү үчүн иштерди **53 аймактык шайлоо комиссиялары (АШКнын 638 мүчөсү)** (мындан ары – АШК) жүзөгө ашырды, **2273 шайлоо участкалары түзүлдү (УШКнын 28483 мүчөлөрү жана 2222 ишке тартылган операторлор).**

Бардыгы болуп республика боюнча **448** жергиликтүү кеңештерде **8356** мандатка **1404** шайлоо округдары, алардын ичинен **28** шаардык кеңештерге **796** мандатка – **28** бирдиктүү шайлоо округу жана **420** айылдык кеңештерге **7560** мандатка **1376** көп мандаттуу шайлоо округдары түзүлдү. **420** айылдык кеңештерге **7560** мандатка аялдар үчүн резерге алынган мандаттардын саны **2937** мандатты түздү.

**Жергиликтүү кңештердин депутаттыгына талапкерлер**

**Шаардык кеңештердин** депутаттарын шайлоого 56 партия катышты.

**237 талапкерлердин тизмеси катталды - 11 782 талапкер**, алардын ичинен эркектер – **7 300** талапкер, аялдар **– 4 482** талапкер.

Бошогон бир мандатка оточо эсеп менен 14төн ашык талапкер ат салышты, партиялардын жана талапкерлердин көп саны борбордо болду: 1 орунга 25 партия жана 40 талапкер. Партиялардын жана талапкерлердин аз саны Көк-Жаңгакта болду: 1 орунга 3 партия жана 5 адам.

Шаардык кеңештердин депутаттарын шайлоого бардыгы болуп **26 партия катышты, алардын ичинен: 20 партия талапкерлердин тизмесин 1 шаарда көрсөтүштү, 10 партия – 2 шаарда, 7 партия - 3 шаарда, 5 партия - 4 шаарда, 11 партия тизмелерин 6 жана андан көп шаарларда көрсөтүштү.**

**420 айылдык кеңештин** мандаттарынын жалпы саны **– 7560.**

Көрсөтүлгөн талапкерлердин жалпы саны 1**9140** адамды түздү, алардын ичинен **63 т**алапкерди саясий партиялар көрсөтүштү, калгандары өзүн өзү көрсөткөндөр болуп саналат. **18772** талапкер катталды, адардын ичинен **5300** аял талапкер болуп саналат.

**Шайлоолорду маалыматтык камсыз кылуу**

Жергиликтүү кеңештерге шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшү жөнүндө шайлоочуларды жана шайлоо процессинин башка катышуучуларын маалымдоо максатында БШК төмөндөгү маалыматтык материалдарды чыгарды жана бардык аймактарга жеткирди:

- «Өзүңдүн добушуңду сатпа!», «Өзүңдү тизмеден текшер», Жергиликтүү кеңештерге шайлоо күнү» деген мазмундагы айыл аймактары үчүн билборддорду -840 даана;

- шаарлар үчүн билборддорду – 112 даана,

-ж/к депутаттыгына талапкер жана саясий партиялар жөнүндө шайлоочулар үчүн маалыматтык плакаттарды – 37282 даана,

- жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жана референдум жөнүндө маалыматтык илмелерди – 210 даана.

КР БШК шаардык кеңештерге саясий партиялардан көрсөтүлгөн талапкерлердин тизмеси, ошондой эле айылдык кеңештерге көрсөтүлгөн талапкер жөнүндө шайлоочуларга жапырт маалымдоону уюштурду.

Маалыматтар 7 облусуттук газеталардын: Талас байрагы, Чүй баяны, Акыйкат, Ош жаңырыгы, Ысык-Көл кабарлары, Теңир-Тоо, Баткен таңы жана «Эркин Тоо» газетасынын атайын чыгарылыштарында **33887** миң даана нуска менен жайгаштырылды

Төмөндөгү көрмөроликтер даярдалды:

-маалыматтык жүрштөр (шайлоочулардын биометрикалык маалыматтарын жыйнooо боюнча кеңири өнөктүк өткөрүлдү);

- шайлоочулардын тизмесинен өзүңдү такта;
- жергиликтүү кеңештердин статусу;
- бирдей мүмкүнчүлүктү камсыз кылуу;
- жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоолор;
- гендердик квота;
- Биздин тандоо – биздин жалпы келечегибиз!
- Өзүң тандоочу мезгил келди!
- Эмне үчүн мен шайлоого барам
- Сиздин тандоо –биздин жалпы келечегибиз!
- Санитардык нормалар жана добуш берүү жол-жоболору
- Жаштар жана шайлоо.

**Шайлоону каржылоо**

БШКнын 2021-жылдын 10-февралындагы № 38 токтому менен Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештерин шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө **425 243, 5 миң сом** суммасындагы чыгашалардын сметасы бекитилген.

Төмөндөгү таблицада Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештерин шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө чыгашалардын сметасынын аткарылышы тууралуу маалымат берилген:

миң сом

| Көрсөткүчтөрү | Бөлүнгөн бардык каражаттар | Иш жүзүндө чыгымдалганы | Калганы (үнөмдөө) |
|---|---|---|---|
| **Бардык чыгымдар:** | **425 243,5** | **396 745,0** | **28 498,5** |
| КР БШК | 423 741,1 | 395 242,6 | 28 498,5 |
| КРӨ караштуу МКК | 1 502,4 | 1 502,4 | - |

**Саясий партиялардын, талапкерлердин шайлоо фонддору**

Шаардык кеңешке (Бишкек жана Ош шаарларынын кошпогондо) талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар шайлоо алдындагы өнөктүктү каржылоо үчүн төмөнкү акча каражаттарынын эсебинен өздөрүнүн шайлоо фонддорун түзшү мүмкүн:

- талапкердин өз каражаттарынан - *50 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес;*
- саясий партиянын өз каражаттарынан - *500 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес;*
- жарандардын кайрымдуулуктарынан – *100 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес;*
- юридикалык жактардын кайрымдуулуктарынан - *300 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес.*

Шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен чыгымдардын чектелген суммасы 15 000 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес.

Бишкек, Ош шаардык кеңештерине талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялардын шайлоо фонддору төмөнкү акча каражаттарынын эсебинен түзүлүшү мүмкүн:

- талапкердин өз каражаттарынан - *100 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес;*

- саясий партиянын өз каражаттарынан - *500 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес;*
- жарандардын кайрымдуулуктарынан – *100 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес;*
- юридикалык жактардын кайрымдуулуктарынан - *300 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес.*

Шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен чыгымдардын чектелген суммасы 15 000 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес.

Саясий партиялар шайлоо өнөктүгүн каржылоо үчүн өздөрүнүн шайлоо фонддорунда 237 атайын эсептерди ачышкан.

«Түндүк» ведомстволор аралык электрондук өз ара аркеттенүү системасы аркылуу банк мекемелеринен алынган маалыматтарга ылайык, 28 шаардык кеңештердин депутаттарын шайлоого катышкан **саясий партиялардын шайлоо фонддорунун атайын эсептерине 125 659 989,96 сом жалпы суммасындагы акча каражаттары келип түшкөн.** Шайлоо өнөктүгүн өткөрүүгө байланыштуу чыгымдарды жабууга саясий партиялардын шалоо фонддорунун каражаттарынан **125 220 439,38 сом чыгымдалган.**

Шайлоо күрөөсү катары КР БШКнын депозиттик эсебине талапкерлерден (өзүн өзү көрсөткөндөрдөн жана саясий партиялар көрсөткөн талапкерлерден) 18 400 000 сом, саясий партиялардан – 6 260 000 сом келип түшкөн.

Айылдык кеңешке талапкерлердин шайлоо фонддору төмөнкү акча каражаттарынын эсебинен түзүлүшү мүмкүн:

- талапкердин өз каражаттарынан - *50 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес;*
- саясий партиянын өз каражаттарынан - *100 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес;*
- жарандардын кайрымдуулуктарынан – *50 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес;*
- юридикалык жактардын кайрымдуулуктарынан - *50 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес.*

Шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен чыгымдардын чектелген суммасы 500 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес.

«Түндүк» ведомстволор аралык электрондук өз ара аркеттенүү системасы аркылуу банк мекемелеринен алынган маалыматтарга ылайык, талапкерлердин **шайлоо фонддорунун атйын эсептерине 2 660 284 сом жалпы суммасындагы акча каражаттары келип түшкөн.** Шайлоо өнөктүгүн өткөрүүгө байланыштуу чыгымдарды жабууга талапкерлердин фонддорунун каражаттарынан **2 190 175.83 сом чыгымдалган.**

**Шайлоонун мыйзамдуулугу жана коопсуздугу**

БШК/АШКнын комиссияларына 2021-жылдын 9-февралынан 2021-жылдын 19-апрелине чейин шайлоо процессинин субъекттеринен **773** арыздар, даттануулар, кайрылуулар, билдирүүлөр келип түшкөн.

БШКнын ыкчам таасир этүүчү координациялык тобуна – 229;

БШКнын арыздарды жана даттанууларды кароо боюнча жумушчу тобуна – 174;

БШКнын маалымдоо жана үгүт масаелелери боюнча жумушчу тобуна – 10

аймактык шайлоо комиссияларына – 360.

Арыздар жана даттануулар боюнча укук коргоо органдары БШК/АШК тарабынан өз учурунда чаралар көрүлдү.

**Добуш берүүнүн жыйынтыктары, натыйжаларды белгилөө**

Шайлоочулардын тизмесине **3 318 130 шайлоочу киргизилген, алардын ичинен 1 295 096 шайлоочу шайлоого катышкан же 39,03%.**

- **28 шаардык кеңештерде 387 175** шайлоочу добуш беришти же **36,89%.**
- **420 айылдык кеңештерде 907 921** шайлоочу джобуш беришти же **40,02%.**

**25** шаардык кеңештерде **675 депутат,** алардын ичинен **187** аял депутаттар же 27,70 %.

**420** айылдык кеңештерге **7560 депутат шайланышты**, алардын ичинен аялдары –2931 (38,76%), резервдегилери - 2 937 (38,84%).

Бишкек, Ош жана Токмок шаардык кеңештеринин депутаттарын шайлоонун жыйынтыктары **анык эмес деп таанылды**.

2019-жылы жергиликтүү кеңештерде аялдардын өкүлчүлүгүн көбөйтүү үчүн ар бир шайлоо округдары боюнча аялдар үчүн айылдык кеңештерде мандаттардын 30% **кем эмесин резервдөө жөнүндө норма киргизилгенин белгилөө зарыл.** 2021-жылы жогоруда аталган норма 448 жергиликтүү кеңештерде колдонулду жана айылдык кеңештерде аял депутаттарын өкүлчүлүгүн **10 пайыздан 38,76 пайызга** көтөрүүгө мүмкүнчүлүк берди.

**Эл аралык байкоочулар**

БШК **183** эл аралык байкоочуларды - *шайлоо органдарын, дипломатиялык өкүлчүлүктөрдү, эл аралык уюмдарды* аккредатциялады, алар КМШ миссиясы (КМШ МПА жана ОДКБ ПА), ОБСЕ Парламенттик Ассамблея миссиясы, (ТЮРКПА) Парламенттик Ассамблея миссиясы, ШОС миссиясы, ССТГ миссиясы, Ислам кызматташуу уюмунун миссиясы ж.б.

**2) 2021-жылдын 11-июлунда Бишкек, Ош жана Токмок шаардык кеңештеринин депутаттарын кайра шайлоо**

Бишкек, Ош жана Токмок шаардык кеңештеринин депутаттарын шайлоонун натыйжалары анык эмес деп таанылгандыгына байланыштуу «Кыргыз Республикасынын Бишкек, Ош жана Токмок шаардык кеңештеринин депутаттарын кайра шайлоону дайындоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 27-майындагы Жарлыгы менен **2021-жылдын 11-июлуна** Бишкек, Ош жана Токмок шаардык кеңештеринин депутаттарын кайра шайлоо дайындалган.

**Шайлоочулардын тизмеси**

Бишкек, Ош жана Токмок шаардык кеңештеринин депутаттарын кайра шайлоого шайлоочулардын тизмесине **617 517** шайлоочу киргизилген, добуш берүүгө **188 369** шайлоочу катышкан, бул **30,51%** түзөт.

Кененирээк маалыматтар тиркемеде.

**Депутаттыкка талапкерлер**

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын кайра шайлоого:

26 саясий партия талапкерлердин 33 тизмесин каттады;

талапкерлердин тизмесиде **2277 талапкер** катталды, алардын ичинен эркектер-1417 талапкер, аялдар – 860 талапкер.

**Бишкек шаардык кеңешинде** мандаттардын саны - **45**. Бишкек шаардык кеңешинин депутаттарын шайлоого катышуу үчүн 18 саясий партиянын талапкерлеринин тизмеси катталган.

2021-жылдын 11-июлундагы добуш берүүнүн жыйынтыктары жана шайлоонрун натыйжалары жөнүндө Бишкек аймактык шайлоо кломиссиясынын протоколдоруна ылайык **6 саясий партиянын талапкерлеринин тизмеси шайлоочулардын 7 жана андан көп добуштарын алышкан**.

**Ош шаардык кеңешинде** мандаттардын саны - **45**. Ош шаардык кеңешинин депутаттарын шайлоого катышуу үчүн 9 саясий партиянын талапкерлеринин тизмеси катталган.

БШКнын 2021-жылдын 9-июлундагы №621 токтому менен Ош шаардык кеңешине депутаттыкка «Ынтымак» саясий партиясынан талапкерлердин тизмесин катто жокко чыгарылган.

Ош АШКнын 2021-жылдын 14-июлундагы № 30 чечими менен Ош шаардык кеңешине депутаттарды кайра шайлоодо № 5308 шайлоо участкасында добуш берүүнүн жыйынтыгы анык эмес деп таанылган.

Ош АШК 77 (78тин ичинен) участкалык шайлоо комиссияларында добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу протоколдордун негизинде 2021-жылдын 15-июлундагы протоколу менен кайра шайлоону болуп өттү деп тааныды жана Ош шаардык кеңешинин депутаттарын кайра шайлоонун натыйжаларын белгиледи.

2021-жылдын 11-июлундагы добуш берүүнүн жыйынтыктары жана шайлоонрун натыйжалары жөнүндө Ош АШКнын протоколдорундагы маалыматтарга ылайык 4 **саясий партиянын талапкерлеринин тизмеси шайлоочулардын 7 жана андан көп добуштарын алышкан**.

**Токмок шаардык кеңешинде** мандаттардын саны - **31**. Токмок шаардык кеңешинин депутаттарын шайлоого катышуу үчүн 6 саясий партиянын талапкерлеринин тизмеси катталган.

2021-жылдын 11-июлундагы добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө Токмок АШК протоколдорундагы маалыматтарга ылайык **5 саясий партиянын талапкерлеринин тизмеси шайлоочулардын 7 жана андан көп добуштарын алышкан**.

Токмок АШК 20 участкалык шайлоо комиссияларында добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу протоколдордун негизинде 2021-жылдын 22-июлундагы протоколу менен кайра шайлоону болуп өттү деп тааныды жана Токмок шаардык кеңешинин депутаттарын кайра шайлоонун натыйжаларын белгиледи.

### Шайлоолорду каржылык камсыз кылуу

БШКнын 2021-жылдын 28-июлундагы № 340 токтому менен Республикасынын Бишкек, Ош жана Токмок шаардык кеңештеринин депутаттарын кайра шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө **48 344,0 миң сом** суммасындагы чыгашалардын сметасы бекитилген.

Төмөндөгү таблицада Бишкек, Ош жана Токмок шаардык кеңештеринин депутаттарын кайра шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө чыгашалардын сметасынын аткарылышы тууралуу маалымат берилген:

миң сом

| Көрсөткүчтөрү | Бөлүнгөн бардык каражаттар | Иш жүзүндө чыгымдалганы | Калганы (үнөмдөө) |
|---|---|---|---|
| **Бардык чыгымдар:** | **48 344,0** | **42 991,2** | **5 352,8** |
| КР БШК | **48 344,0** | **42 991,2** | **5 352,8** |

**Шайлоо фонддору**

Түндүк» ведомстволор аралык электрондук өз ара аркеттенүү системасы аркылуу банк мекемелеринен алынган маалыматтарга ылайык, 3 шаардык кеңештердин депутаттарын шайлоого катышкан **саясий партиялардын шайлоо фонддорунун атайын эсептерине 27 974 818 сом жалпы суммасындагы акча каражаттары келип түшкөн.** Шайлоо өнөктүгүн өткөрүүгө байланыштуу чыгымдарды жабууга саясий партиялардын шайлоо фонддорунун каражаттарынан **1 420 000 сом чыгымдалган.**

Шайлоо күрөөсү катары КР БШКнын депозиттик эсебине саясий партиялдардан **1 420 000** сом келип түшкөн.

**Мыйзамдуулук жана шайлоолордун коопсуздугу**

**Бишкек шаардык кеңешинин** депутаттарын кайра шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына, Бишкек аймактык шайлоо комиссиясына, укук коргоо органдарына шайлоо мыйзамдарынын бузулган учурлары жөнүндө бардыгы болуп **77 билдирүү, арыз жана даттануу** келип түшкөн. Келип түшкөн билдирүүлөр, арыздар жана даттануулар мыйзамдарда белгиленген компетенцияларга жараша каралып, Бишкек аймактык шайлоо комиссиясы жана укук коргоо органдары тарабынан мыйзамдарга ылайык тийиштүү чаралар көрүлдү.

**Ош шаардык кеңешинин** депутаттарын кайра шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына, Ош аймактык шайлоо комиссиясына, укук коргоо органдарына шайлоо мыйзамдарынын бузулган учурлары жөнүндө бардыгы болуп **67 билдирүү, арыз жана даттануу** келип түшкөн. Келип түшкөн билдирүүлөр, арыздар жана даттануулар мыйзамдарда белгиленген компетенцияларга жараша каралып, Ош аймактык шайлоо комиссиясы жана укук коргоо органдары тарабынан мыйзамдарга ылайык тийиштүү чаралар көрүлгөн.

Ошону менен бирге шайлоочулардын добуштарын сатып алуу фактылары боюнча укук коргоо органдары берген бир катар материалдарга Ош АШК тарабынан шайлоо комиссияларынын ыйгарым укуктарынын алкагында конституциялык-укуктук жоопкерчилик чаралары кабыл алынган эмес.

Ыкчам таасир этүүчү координациялык топтун, Ош маймактык шайдоо комиссиясынын маалыматтарына, Ош шаарынын ички иштер башкы башкармалыгынын расмсий маалыматтарына таянсак, Ош шаардык кеңешинин депутаттарын кайра шайлоону өткөрүүдө шайлоочулардын добуштарын сатып алуу фактылары болгон, ала мыйзамдарга ылайык талапкерди жана талапкерлердин тизмесин каттоону жокко чыгарууга негиз болуп саналган.

Мында саясий партиялардын өкүлдөрү жана айрым талапкерлери тарабынан шайлоо мыйзамдарын одоно бузуулар жөнүндө укук коргоо органдарынан жазуу жүзүндөгү тастыктоолорду алгандыгына карабастан Ош аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан айрым талапкерлерге карата да, ошондой эле саясий партиялардын талапкерлеринин тизмесине карата да конституциялык-укуктук жоопкерчилик чараларын кабыл алган эмес.

**Токмок шаардык кеңешинин** депутаттарын кайра шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде Токмок аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан бир нече жолу негизсиз жана мыйзамсыз чеимдер (шайлоо участкаларындагы добуш берүүлөрдүн жыйынтыктарын анык эмес деп таануу жөнүндө, бардык шайлоо участкаларында шайлоо бюллетендерин кайрдан эсептеп чыгууна жүргүзүү жөнүндө, талапкердин жана талапкерлердин тизмесин каттоону жокко чыгаруу жөнүндө) кабыл алынган, алар кийин Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан жокко чыгарылган.

БШК үч саясий партиянын арызын кароонун жыйынтыгы боюнча Токмок аймактык шайлоо комиссиясынын жоопкерчилигин кароо жөнүндө чечим кабыл алган.

**3) 2021-жылдын 28-ноябрындагы Жалал-Абад, Ош облустарынын айрым жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоо**

**Кербен шаардык кеңеши**

Жергиликтүү кеңеш тарабынан жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органын башчысы шайланбай калгандыгына байланыштуу «Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусундагы Аксы районунун Кербен шаардык кеңешин таркатуу жана мөөнөтүнөн мурда шайлоолорду дайындоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президетнинин 2021-жылдын 13-октябрындагы №457 Жарлыгы менен Жалал-Абад облусундагы Аксы районунун **Кербен шаардык кеңешинин** депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоо **2021-жылдын 28-ноябрына** дайындалган.

Кербен шаарынын шайлоочуларынын жалпы саны **17389** адамды түзгөн, алардын ичинен шайлоого **6745 шайлоочу** катышкан, бул **38,9%** түзөт.

Аксы АШКнын 2021-жылдын 5-ноябрындагы чечими менен **8 саясий партия**, талапкерлердин тизмесинде **349 талапкер** катталган (алардын: **211- эркектер, 138 - аялдар**).

Аксы АШК 2021-жылдын 3-декбарында Кербен шаардык кеңешинин депутаттарын шайлоонун натыйжаларын белгилеген. Кербен шаардык кеңешинин депутаттарын шайлоонун натыйжалары жөнүндө протоколдун негизинде т8өмөндөгүлөр белгилүү болду:

7% босогону аттап өтүү менен Кербен шаардык кеңешинин депутаттарын шайлоодо катталган 8 партиядан 5 саясий партия өткөн.

Ыйгарым укуктарынын мөөнөтү бүткөндүгүнө байланыштуу жергшиликтүү кеңештерлин депутаттарын кезектеги шайлоону өткөрүү максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-пунктуна, «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесинин 5-бүлүгүнө, 48-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, «Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоону дайындоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 21-сентябрындагы № 25 Жарлыгы менен **Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо районунун Тогуз-Торо айылдык кеңешине, Чаткал районунун Терек-Сай айылдык кеңешине, Токтогул районунун Кызыл-Өзгөрүш айылдык кеңешине, Ош облусунун Кара-Суу районунун Кара-Суу шаардык кеңешине депутаттарды шайлоо 2021-жылдын 28-ноябрына,** жекшембиге дайындалган.

**Кара-Суу шаардык кеңеши**

Кара-Суу шаарынын шайлоочуларынын жалпы саны **12 265** адамды түзгөн, алардын ичинен шайлоого **3657 шайлоочу** катышкан, бул **38,9%** түзөт.

Кара- Суу шаардык кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүү үчүн Кара-Суу шаарынын аймагында 6 шайлоо участкасы түзүлгөн.

Кара-Суу шаардык кеңешинде 31 мандат болгон. Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 28-октябрындагы чечими менен 2 саясий партиянын талапкерлеринин тизмеси катталган.

2021-жылдын 4-декабрында Кара-Суу АШК Кара-Суу шаардык кеңешинин депутаттарын шайлоонун натыйжаларын белгилеген.

Кара-Суу шаардык кеңешинин депутаттарын шайлоонун натыйжалары жөнүндө протколдун негизинде Кара-Суу шаардык кеңешинин депутаттарын шайлоодо 7% босогону катталган эки партия аттап өтүшкөн.

**Жалал-Абад облусундагы Токтогул районунун Кызыл-Өзгөрүш айылдык кеңеши**

Шайлоочуларынын жалпы саны **6677** адамды түзгөн, алардын ичинен шайлоого **2509 шайлоочу** катышкан, бул **37,6%** түзөт.

Кызыл-Өзгөрүш айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүү үчүн 4 шайлоо участакасы жана 3 шайлоо округу түзүлгөн.

Кызыл-Өзгөрүш айылдык кеңешинде **21 мандат** болгон. 35 талапкер катталган.

2021-жылдын 3-декабрында Токтогул АШК Кызыл-Өзгөрүш айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоонун натыйжаларын белгилеген.

**Жалал-Абад облусундагы Тогуз-Торо районунун Тогуз-Торо айылдык кеңеши**

Шайлоочуларынын жалпы саны **2775** адамды түзгөн, алардын ичинен шайлоого **1158 шайлоочу** катышкан, бул **41,73 %** түзөт.

Тогуз-Торо айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүү үчүн 3 шайлоо участакасы жана 2 шайлоо округу түзүлгөн.

Тогуз-Торо айылдык кеңешинде **11 мандат** болгон. 20 талапкер катталган.

Участкаларда добуш берүүнүн жыйынтыгы боюнча Тогуз-Торо АШК тарабынан округдар боюнча добуш берүүнүн төмөндөгүдөй жыйынтыгын белгилеген:

1. Ленин шайлоо округу (7 мандат);
2. Додомол шайлоо округу (4 мандат).

Аялдардын квотасы боюнча 3 аял талапкер өткөн, бардыгы болуп 6 аял депутат шайланган.

**Жалал-Абад облусундагы Чаткал районунун Терек-Сай айылдык кеңеши**

Шайлоочуларынын жалпы саны **2732** адамды түзгөн, алардын ичинен шайлоого **1571 шайлоочу** катышкан, бул **57,5 %** түзөт.

Терек-Сай айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүү үчүн 3 шайлоо участакасы жана 3 шайлоо округу түзүлгөн. Терек-Сай айылдык кеңешинде **11 мандат** болгон. 20 талапкер катталган.

2021-жылдын 4-декабрында Чаткал аймактык шайлоо комиссиясы Терек-Сай айылдык кеңешинин дептуттарын шайлоонун натыйжаларын белгиледи.

Участкаларда добуш берүүнүн жыйынтыгы боюнча Чаткал АШК тарабынан округдар боюнча добуш берүүнүн төмөндөгүдөй жыйынтыгын белгилеген:

1.Терек-Сай шайлоо округу (4 мандат)
2. Ак-Терек шайлоо округу (3 мандат)
3. Кызыл-Токой шайлоо округу (4 мандат).

Аялдардын квотасы боюнча 2 аял талапкер өткөн, бардыгы болуп 5 аял депутат шайланган.

2021-жылдын 28-ноябрында болуп өткөн Жалал-Абад, Ош облустарынын жогруда аталган жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоодо шайлоочулардын жалпы саны **41 838 шайлоочуну түзгөн,** катышкандардын саны – **15 674** шайлоочу болгон, бул **37.46%** түзөт.

**Шайлоолорду каржылык камсыз кылуу**

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө чыгашалардын сметасынын аткарылышы тууралуу маалымат

тыс. сом

| Көрсөткүчтөрү | Бөлүнгөн бардык каражаттар | Иш жүзүндө чыгымдалганы | Калганы (үнөмдөө) |
|---|---|---|---|
| **Бардык чыгымдар:** | **2 212,0** | **2 212,0** | |
| Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо | 2 000,0 | 2 000,0 | 0 |
| Аксы районунун Кербен шаардык кеңешин мөөнөтүнөн мурда шайлоо | 212,0 | 212,0 | 0 |

**Шайлоо фонддору**

Түндүк» ведомстволор аралык электрондук өз ара аркеттенүү системасы аркылуу банк мекемелеринен алынган маалыматтарга ылайык, айылдык кеңештердин депутаттарын шайлоого талапкерлердин шайлоо фонддорунун атайын эсептерине **99 130 сом жалпы суммасындагы акча каражаттары келип түшкөн.** Шайлоо өнөктүгүн өткөрүүгө байланыштуу чыгымдарды жабууга талапкерлердин шайлоо фонддорунун каражаттарынан **95 140 сом чыгымдалган.**

Шаардык кеңештердин депутаттарын шайлоого катышкан **саясий партиялардын шайлоо фонддорунун атайын эсептерине 535 400 сом жалпы суммасындагы акча каражаттары келип түшкөн.** Шайлоо өнөктүгүн өткөрүүгө байланыштуу чыгымдарды жабууга саясий партиялардын шалоо фонддорунун каражаттарынан **517 711,33 сом чыгымдалган.**

**4) 2022-жылдын 10-апрелиндеги айрым жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоолор**

«Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоону дайындоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 8-февралындагы № 31 Жарлыгы менен Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад, Ысык-Көл, Нарын, Ош жана Чүй облустарынын айрым жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоо **2022-жылдын 10-апрелине** дайындалган.

***3 шаардык кеңешке:*** Чүй облусунун Жайыл районундагы Кара-Балта шаардык кеңеши, Жалал-Абад облусундагы Таш-Көмүр шаардык кеңеши жана Токтогул районундагы Токтогул шаардык кеңеши.

***13 айылдык кеңешке:***

**Жалал-Абад облусу**

1. Аксы районундагы Кара-Жыгач айылдык кеңеши;
2. Сузак районундагы Көк-Арт айылдык кеңеши.

**Ысык-Көл облусу**

3. Тоң районундагы Каджы-Сай айылдык кеңеши.

**Нарын облусу**

4. Ак-Талаа районундагыТоголок-Молдо айылдык кеңеши;
5. Ат-Башы районундагы Казыбек айылдык кеңеши.

**Ош облусу**

6. Араван районундагы С.Юсупов айылдык кпеңеши;
7. Кра-Суу районундагы Ак-Таш айылдык кеңеши;
8. Кара-Суу районундагы Төлөйкөн айылдык кеңеши.

**Чүй облусу**

9. Кемин районундагы Жаны-Алыш айылдык кеңеши;
10. Кемин районундагы Кара-Булак айылдык кеңеши;
11. Кемин районундагы Көк-Ойрок айылдык кеңеши;
12. М осква районундагы Александровка айылдык кеңеши;
13. Сокулук районундагы Сокулук айылдык кеңеши.

Шайлоочулардын жалпы саны **157 958 шайлоочуну түзгөн,** катышкандардын саны – **52 401** шайлоочу болгон, бул **37.46%** түзөт.

**Кара-Балта шаардык кеңеши**

Кара-Балта аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан **6 саясий партия**, талапкерлердин тизмесинде **323** талапкер катталган, алардын **140** аялдар.

Кара-Балта шаардык кеңешинин депутаттарын шайлоонун натыйжасы жөнүндө протколдун негизинде **7% босогодон катталган 6 партиянын ичинен 6 партия** өтүшкөн.

**Таш-Көмүр шаардык кеңеши**

Таш-Көмүр аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан **3 саясий партия**, талапкерлердин тизмесинде **143** талапкер катталган, алардын **45** аялдар. Таш-Көмүр шаардык кеңешинин депутаттарын шайлоонун натыйжасы жөнүндө протколдун негизинде **7% босогодон катталган 3 партиянын ичинен 3 партия** өтүшкөн.

**Токтогул шаардык кеңеши**

Токтогул аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан **7 саясий партия**, талапкерлердин тизмесинде **361** талапкер катталган, алардын **150** аялдар.

Токтогул шаардык кеңешинин депутаттарын шайлоонун натыйжасы жөнүндө протколдун негизинде **7% босогодон катталган 7 партиянын ичинен 7 партия** өтүшкөн.

**13 айылдык кеңештин** мандаттарынын жалпы саны – **243**, алардын ичинен округдарда аялдар үчүн **96 мандат** резервге алынган.

13 айылдык кеңештерде бардыгы болуп **515** талапкер көрсөтүлгөн, алардын ичинен аял талапкерлер – **170.**

**491** талапкер катталган, алардын ичмнен аял талапкерлер – **160.**

Бардыгы болуп **243** депутат шайланган, алдардын ичинен аял депутаттар – **95.**

**Шайлоолорду каржылоо**

Жалал-Абад, Ысык-Көл, Нарын, Ош жана Чүй облустарынын айрым жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө жалпы суммасы **24 683,2 миң сомду** түзгөн чыгашалардын сметасы бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад, Ысык-Көл, Нарын, Ош жана Чүй облустарынын айрым жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө чыгашалардын сметасынын аткарылышы жөнүндө маалымат:

миң сом

| Көрсөткүчтөрү | Бөлүнгөн бардык каражаттар | Иш жүзүндө чыгымдалганы | Калганы (үнөмдөө) |
|---|---|---|---|
| **Бардык чыгымдар:** | **24 683,2** | **22 933,5** | **1 749,7** |
| КР БШК | 24 683,2 | 22 933,5 | 1 749,7 |

**Шайлоо фонддору**

Кара-Балта, Таш-Көмүр жана Токтогул шаардык кеңештердин депутаттарын шайлоого катышкан **саясий партиялардын шайлоо фонддорунун атайын эсептерине бардыгы болуп 2 573 925.00 сом суммасындагы акча каражаттары келип түшкөн.** Шайлоо өнөктүгүн өткөрүүгө байланыштуу чыгымдарды жабууга саясий партиялардын шайлоо фонддорунун каражаттарынан **2 437 052.50 сом чыгымдалган.**

**13 айылдык кеңештеринин депутаттарын** шайлоого талапкерлердин шайлоо фонддорунун атайын эсептерине бардыгы болуп **877 730.00 сом** келип түшкөн**.** Шайлоо өнөктүгүн өткөрүүгө байланыштуу чыгымдарды жабууга талапкерлердин шайлоо фонддорунун каражаттарынан **779 152.00 сом чыгымдалган.**

Шайлоо күрөөсү катары КР БШКнын депозиттик эсебине шайлоо өнөктүгүнүн мезгилинде бардыгы болуп **811 000** сом келип түшкөн: шаардык кеңешке талапкерлердин тизмесин көрсөтүшкөн саясий партиялардан - – **320 000 сом**; айылдык кеңеше талапкерлерден – **491 000 сом.**

### 5) 2022-жылдын 9-октябрындагы Баткен облусунун Кадамжай районундагы Майдан айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоо

«Баткен облусунун Кадамжай районундагы Майдан айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоону дайындоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 9-августундагы №280 Жарлыгы менен Баткен облусунун Кадамжай районундагы Майдан айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоо **2022-жылдын 9-октябрына** дайындалган.

Шайлоочуларынын жалпы саны **8120** адамды түзгөн, алардын ичинен шайлоого **3130 шайлоочу** катышкан, бул **38,55%** түзөт.

Майдан айылдык кеңешине депутаттык мандаттардын саны – **21**, алардын ичинен округдарда аялдар үчүн **9 мандат** резервге алынган.

**44 талапкер** катталган, алардын ичинен аял талапкерлер – **11.**

**21** депутат шайланган, алардын ичинен аял депутаттар **– 9.**

**Шайлоолорду каржылык камсыз кылуу**

Майдан айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө БШК жалпы суммасы **1 341,0 миң сом** суммасындагын чыгашалардын сметасы бекиткен. Майдан айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө чыгашалардын сметасынын аткарылышы жөнүндө маалымат:

миң сом

| Көрсөткүчтөрү | Бөлүнгөн бардык каражаттар | Иш жүзүндө чыгымдалганы | Калдыгы (үнөм) |
|---|---|---|---|
| **Бардык чыгымдар:** | **1 341,0** | **1 294,7** | **46,3** |
| КР БШК | 1 341,0 | 1 294,7 | 46,3 |

**Шайлоо фонду**

Майдан айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоого талапкерлердин шайлоо фонддорунун атайын эсептерине бардыгы болуп **49 490,00 сом** келип түшкөн**.** Шайлоо өнөктүгүн өткөрүүгө байланыштуу чыгымдарды жабууга талапкерлердин шайлоо фонддорунун каражаттарынан **47 290,00 сом чыгымдалган.**

**2.4. бөлүмчөгө Тиркемелер**

**2021-жылдын 11-апрелинде болуп өткөн 448 жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоонун жыйынтыгы (28 шаардык жана 420 айылдык кеңеши)**

*(анын ичинде аялдар үчүн резервде калтырылган мандаттар боюнча маалыматтар)*

| а/к саны | ш/к саны | облустар | округ-дардын саны | участка-лардын саны | мандат-тардын саны | аялдар үчүн квота | квота боюнча алынган мандаттардын саны | квоталар аткарылган жок | квотадан ашык мандаттар | жалпы а/к боюнча аялдар | жалпы ш/к боюнча аялдар | жалпы депутат аялдар | % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 420 | 28 | Бардыгы – 53 АШК 448 ж/к (420 а/к и 2 ш/к) | 1404 | 2273 | 8356 | 2937 | 2872 | 65 | 59 | 2931 | 221 | 3152 | 37,72 |
| | 1 | Бишкек шаары | 1 | 228 | 45 | | | | | | 12 | 12 | |
| | 1 | Ош шаары | 1 | 78 | 45 | | | | | | 14 | 14 | |
| 59 | 3 | Ысык-Көл облусу | 169 | 242 | 1042 | 366 | 362 | 4 | 10 | 372 | 21 | 393 | 37,72 |
| 59 | 1 | Нарын облусу | 122 | 156 | 820 | 300 | 294 | 6 | 11 | 305 | 9 | 314 | 38,29 |
| 34 | 1 | Талас облусу | 89 | 111 | 575 | 206 | 192 | 14 | | 192 | 8 | 200 | 34,78 |
| 98 | 6 | Чүй облусу | 294 | 369 | 1744 | 633 | 618 | 15 | 14 | 632 | 38 | 670 | 38,62 |
| 81 | 2 | Ош облусу | 340 | 470 | 1793 | 681 | 677 | 4 | 16 | 693 | 16 | 709 | 38,57 |
| 62 | 7 | Жалал-Абад облусу | 261 | 418 | 1549 | 520 | 513 | 7 | 5 | 518 | 54 | 572 | 36,93 |
| 27 | 6 | Баткен облусу | 127 | 201 | 743 | 231 | 216 | 15 | 3 | 219 | 49 | 268 | 36,07 |

**2021-жылдын 28-ноябрында болуп өткөн 5 жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоонун жыйынтыгы**
**(2 шаардык жана 3 айылдык кеңеши)**

*(анын ичинде аялдар үчүн резервде калтырылган мандаттар боюнча маалыматтар)*

| а/к саны | ш/к саны | облустар | округ-дардын саны | участка-лардын саны | мандат-тардын саны | аялдар үчүн квота | квота боюнча алынган мандаттардын саны | квоталар аткарылган жок | квотадан ашык мандаттар | жалпы а/к боюнча аялдар | жалпы ш/к боюнча аялдар | жалпы депутат аялдар | % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **3** | **2** | **Бардыгы – 5 АШК**<br><br>**5 ж/к (3 а/к и 2 ш/к)** | **10** | **26** | **105** | **18** | **20** | **0** | **2** | **20 (46,51)** | | **42** | **40** |
| | 1 | Кара-Суу шаары | 1 | 6 | 31 | | | | | | 10 | 10 | 32,25 |
| | 1 | Кербен шаары | 1 | 78 | 31 | | | | | | 13 | 13 | 41,93 |
| 1 | | Терек-Сай а/к | 3 | 3 | 11 | 5 | 5 | | | 5 | | 5 | 45,45 |
| 1 | | Кызыл-Өзгөрүш а/к | 3 | 4 | 21 | 8 | 9 | | 1 | 9 | | 9 | 42,85 |
| 1 | | Тогуз-Торо а/к | 2 | 3 | 11 | 5 | 6 | | 1 | 6 | | 6 | 54,54 |

**2022-жылдын 10-апрелинде болуп өткөн 16 жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоонун жыйынтыгы**
**(2 шаардык жана 3 айылдык кеңеши)**

*(анын ичинде аялдар үчүн резервде калтырылган мандаттар боюнча маалыматтар)*

| а/к саны | ш/к саны | облустар | округ-дардын саны | участка-лардын саны | мандат-тардын саны | аялдар үчүн квота | квота боюнча алынган мандаттардын саны | квоталар аткарылган жок | квотадан ашык мандаттар | жалпы а/к боюнча аялдар | жалпы ш/к боюнча аялдар | жалпы депутат аялдар | % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **13** | **3** | **Бардыгы – 13 АШК**<br>**16 ж/к (13 а/к и 3 ш/к)** | **49** | **84** | **336** | **96** | **95** | **2** | **1** | **95 (39%)** | **35** | **125** | **37,20** |
| | 1 | Кара-Балта шаары | 1 | 16 | 31 | | | | | | 10 | 10 | 32,3 |
| | 1 | Таш-Көмүр шаары | 1 | 11 | 31 | | | | | | 9 | 9 | 29 |
| | 1 | Токтогул шаары | 1 | 5 | 31 | | | | | | 11 | 11 | 35,5 |
| 3 | | Ош облусу | 18 | 20 | 83 | 33 | 32 | 1 | | 32 | | 32 | 38,6 |
| 2 | | Жалал-Абад облусу | 6 | 8 | 42 | 14 | 14 | | | 14 | | 14 | 33,3 |
| 2 | | Нарын облусу | 4 | 4 | 32 | 12 | 13 | | 1 | 13 | | 13 | 40,6 |
| 5 | | Чүй облусу | 17 | 17 | 75 | 33 | 32 | 1 | | 32 | | 32 | 42,7 |
| 1 | | Ысык-Көл облусу | 1 | 3 | 11 | 4 | 4 | | | 4 | | 4 | 36,36 |

**2022-жылдын 9-октябрында болуп өткөн Баткен облусунун Кадамжай районунун Майдан айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоонун жыйынтыгы**

*(анын ичинде аялдар үчүн резервде калтырылган мандаттар боюнча маалыматтар)*

| а/к саны | жергиликтүү кеңеш | округ-дардын саны | участка-лардын саны | мандат-тардын саны | аялдар үчүн квота | квота боюнча алынган мандаттардын саны | квоталар аткарылган жок | квотадан ашык мандаттар | жалпы а/к боюнча аялдар | жалпы депутат аялдар | % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Майдан а/к | 5 | 5 | 21 | 9 | 9 | | | 9 | 9 | 42,8 |

**2021-жылдын 11-апрелиндеги 28 шаардык кеңештердин депуттарын шайлоодо добуш берүүнүн жыйынтыгы**

| № | Шаардык кеңеш | Мандаттардын саны | Партиялардын саны | Талапкерлердин саны | Эркек | Аял | Добуш берүүнүн жыйынтыгы (QR-код) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **28 ш/к** | **796** | **237** | **11782** | **7300** | **4482** | |
| 1 | Бишкек | 45 | 25 | 1820 | 1091 | 729 | |
| 2 | Ош | 45 | 9 | 702 | 466 | 236 | |
| 3 | Баткен | 31 | 9 | 444 | 283 | 161 | |
| 4 | Кызыл-Кыя | 31 | 12 | 605 | 369 | 236 | |
| 5 | Исфана | 31 | 9 | 467 | 288 | 179 | |
| 6 | Сүлүктү | 31 | 7 | 363 | 228 | 135 | |
| 7 | Кадамжай | 21 | 11 | 378 | 241 | 137 | |
| 8 | Айдаркен | 21 | 8 | 276 | 180 | 96 | |
| 9 | Жалал-Абад | 31 | 5 | 293 | 194 | 99 | |
| 10 | Кербен | 31 | 5 | 246 | 165 | 81 | |
| 11 | Көк-Жангак | 21 | 3 | 102 | 66 | 36 | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 12 | Майлуу-Суу | 31 | 5 | 306 | 201 | 105 | |
| 13 | Кочкор-Ата | 21 | 5 | 187 | 127 | 60 | |
| 14 | Кара-Көл | 31 | 7 | 341 | 227 | 114 | |
| 15 | Базар-Коргон | 31 | 5 | 265 | 175 | 90 | |
| 16 | Чолпон-Ата | 21 | 7 | 226 | 139 | 87 | |
| 17 | Каракол | 31 | 17 | 847 | 492 | 355 | |
| 18 | Балыкчы | 31 | 14 | 692 | 417 | 275 | |
| 19 | Нарын | 31 | 9 | 439 | 270 | 169 | |
| 20 | Ноокат | 21 | 5 | 162 | 95 | 67 | |
| 21 | Өзгөн | 31 | 7 | 351 | 239 | 112 | |
| 22 | Талас | 31 | 11 | 558 | 324 | 234 | |
| 23 | Кемин | 21 | 9 | 312 | 186 | 126 | |
| 24 | Орловка | 21 | 5 | 176 | 105 | 71 | |
| 25 | Шопоков | 21 | 7 | 228 | 129 | 99 | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 26 | Кайынды | 21 | 6 | 204 | 121 | 83 | |
| 27 | Кант | 31 | 10 | 497 | 287 | 210 | |
| 28 | Токмок | 31 | 5 | 295 | 195 | 100 | |

### 2021-жылдын 11-апрелиндеги Бишкек, Ош жана Токмок шаардык кеңештеринин депутаттарын кайра шайлоодо добуш берүүнүн жыйынтыктары

| **Бишкек шаардык кеңеши** | **АЭУ** | **%** | **Кол менен эсептөө** | **%** |
|---|---|---|---|---|
| Шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулардын саны | 426 699 | | 426 699 | |
| Добуш берген шайлоочулардын саны | 104 684 | 24.53% | 104 141 | 24.41% |
| Жарактуу шайлоо бюллетендеринин саны | 103 712 | 99.07% | 103 431 | 99.32% |
| Жараксыз шайлоо бюллетендеринин саны | 972 | 0.93% | 710 | 0.68% |
| **Добуштардын саны** | **АЭУ** | | **Кол менен эсептөө** | |
| **«Ата-Журт Кыргызстан» саясий партиясы** | **15 005** | **14.33%** | **15 027** | **14.35%** |
| “Биздин Кыргызстан" саясий партиясы | 6 599 | 6.30% | 6 620 | 6.32% |
| Мигранттардын, үй-куруучуларынын, агрардык реформа борбору «Жаңы-Мезгил» саясий партиясы | 237 | 0.23% | 237 | 0.23% |
| **«ЭМГЕК»** | **19 047** | **18.19%** | **19 092** | **18.24%** |
| «ЗАМАНДАШ» | 3 322 | 3.17% | 3 331 | 3.18% |
| «Сила в единстве» саясий партиясы | 5 241 | 5.01% | 5 250 | 5.02% |
| «Кыргызстан Жашылдар Партиясы» саясий партиясы | 317 | 0.30% | 317 | 0.30% |
| **«Ишеним» саясий партиясы** | **13 039** | **12.46%** | **13 108** | **12.52%** |
| «АЙКӨЛ КЫРГЫЗСТАН» | 85 | 0.08% | 85 | 0.08% |
| «Туран» Демократиялык партиясы» саясий партиясы | 401 | 0.38% | 401 | 0.38% |
| **«СОЦИАЛ-ДЕМОКРАТТАР»** | **8 462** | **8.08%** | **8 472** | **8.09%** |
| «Реформа» саясий партиясы | 5 597 | 5.35% | 5 609 | 5.36% |
| "Келечек-Будущее" саясий партиясы | 604 | 0.58% | 610 | 0.58% |
| «СТОЛИЦА» | 1 435 | 1.37% | 1 438 | 1.37% |
| **«ӨНҮГҮҮ-ПРОГРЕСС» саясий** | **8 490** | **8.11%** | **8 505** | **8.12%** |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **партиясы** | | | | |
| «Улуу-Журт» саясий партиясы | 230 | 0.22% | 231 | 0.22% |
| **«Ынтымак» саясий партиясы** | **11 276** | **10.77%** | **11 309** | **10.80%** |
| «Наш Народ - Биздин Эл» | 1 284 | 1.23% | 1 284 | 1.23% |
| БААРЫНА КАРШЫ | 3 041 | 2.90% | 3 047 | 2.91% |

| **Ош шаардык кеңеши** | **АЭУ** | **%** | **Кол менен эсептөө** | **%** |
|---|---|---|---|---|
| Шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулардын саны | 152 718 | | 152 718 | |
| Добуш берген шайлоочулардын саны | 66 730 | 43.69% | 65 469 | 42.87% |
| Жарактуу шайлоо бюллетендеринин саны | 65 881 | 98.73% | 64 648 | 98.75% |
| Жараксыз шайлоо бюллетендеринин саны | 849 | 1.27% | 821 | 1.25% |
| **Добуштардын саны** | **АЭУ** | | **Кол менен эсептөө** | |
| «Ынтымак» саясий партиясы | 0 | 0% | 0 | 0% |
| «Улуу-Журт» саясий партиясы | 317 | 0.48% | 317 | 0.48% |
| "Биздин Кыргызстан" саясий партиясы | 21 348 | 31.99% | 21 354 | 32.00% |
| «Улуттар биримдиги элдик партиясы» саясий партиясы | 10 170 | 15.24% | 10 173 | 15.24% |
| "Келечек-Будущее" саясий партиясы | 500 | 0.75% | 500 | 0.75% |
| «Бүтүн Кыргызстан» саясий партиясы | 686 | 1.03% | 686 | 1.03% |
| «Ата-Журт Кыргызстан» Саясий партиясы | 26 017 | 38.99% | 26 018 | 38.99% |
| «Бир Бол» саясий партиясы | 5 660 | 8.48% | 5 663 | 8.49% |
| «Нур» саясий партиясы | 406 | 0.61% | 406 | 0.61% |
| БААРЫНА КАРШЫ | 777 | 1.16% | 777 | 1.16% |

| **Токмок шаардык кеңеши** | **АЭУ** | **%** | **Кол менен эсептөө** | **%** |
|---|---|---|---|---|
| Шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулардын саны | 38 100 | | 38 100 | |
| Добуш берген шайлоочулардын саны | 16 973 | 44.55% | 16 975 | 44.55% |
| Жарактуу шайлоо бюллетендеринин саны | 16 796 | 98.96% | 16 806 | 99.00% |
| Жараксыз шайлоо бюллетендеринин саны | 177 | 1.04% | 169 | 1.00% |
| **Количество голосов** | **АЭУ** | | **Кол менен эсептөө** | |
| «ЭМГЕК» | 4 213 | 24.82% | 4 215 | 24.83% |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| «БИРГЕ-ВМЕСТЕ» | 4 798 | 28.27% | 4 800 | 28.28% |
| «ЭЛ БИРИМДИГИ» | 2 059 | 12.13% | 2 060 | 12.14% |
| «АСЫЛ МУРАС-ЖАШТАР» | 2 828 | 16.66% | 2 830 | 16.67% |
| «АТА-ЖУРТ КЫРГЫЗСТАН» | 280 | 1.65% | 280 | 1.65% |
| «Патриот ынтымагы» | 2 324 | 13.69% | 2 326 | 13.70% |
| БААРЫНА КАРШЫ | 294 | 1.73% | 295 | 1.74% |

## 2.5. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО – 2021-ЖЫЛДЫН 28-НОЯБРЫ, КАЙРА ШАЙЛОО – 2022-ЖЫЛДЫН 27-ФЕВРАЛЫ

Референдумда кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 76-беренесине ылайык Жогорку Кеңеш **90 депутаттан** турат жана 5 жылдык мөөнөткө шайланат.

Шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүү максатында Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 23-мартындагы №33 тескемеси менен Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо тартиби боюнча сунуштарды иштеп чыгуу боюнча ведомстволор аралык жумушчу топ түзүлгөн.

Ведомстволор аралык жумушчу топтун ишинин жана парламентке киргизилген мыйзам долбооруна сунуштарды талкуулоонун жыйынтыгы боюнча 2021-жылдын августунда Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясынын жоболорун жүзөгө ашырууда «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогоку Кеңешиннин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы кабыл алынган, ал мыйзамда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 90 депутатын шайлоодо **аралаш (паралелдүү) система** киргизилген:

**54 депутат** бирдиктүү шайлоо округу боюнча **пропорционалдык тутум** боюнча ачык тизме менен шайланат (преференциалдык систем);

**36 депутат** бир мандаттуу шайлоо округу боюнча **мажоритардык тутум** боюнча шайланат.

Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү укугу төмөнкүлөргө таандык:

- пропорционалдык тутум боюнча - саясий партияларга;
- мажоритардык тутум боюнча - саясий партияларга жана өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен жарандарга.

Шайлоо күнүнө карата 25 жашка толгон, шайлоого укугу бар, жогорку кесиптик билими бар Кыргыз Республикасынын жараны Жогорку Кеңештин депутаты болуп шайлана алат.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону дайындоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-августундагы № 370 Жарлыгы менен **2021-жылдын 28-ноябрына Кыргыз Республикасынын жаңы чакырылыштагы Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо дайындалган.**

**Шайлоочулардын тизмеси**

**Бирдиктүү шайлоо округу боюнча** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоолордо шайлоочулардын тизмесине добуш берүү күнү активдүү шайлоо укугуна ээ жана мыйзамдарга ылайык биометрикалык каттоодон өткөн Кыргыз Республикасынын жарандары киргизилет.

**Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо добуш берүү күнүнө активдүү шайлоо укугуна ээ, жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү болуп саналган жана биометрикалык каттоодон өткөн Кыргыз Республикасынын жарандары шайлоочулардын тизмесине киргизилет. Жергиликтүү жамаатта шайлоочунун мүчөлүгү жарандын паспорттун чипине жасылгын паспортунда жашаган жери жөнүндө белгилси же болбосо добуш берүү күнүнө чейин 90 күндөн кем эмес мөөнөттө Кыргыз Республикасынын улуттук

паспортторунун Мамлпекеттик реестринде жүргүзүлгөн жашаган жеринин дарегин каттоо менен аныкталат.

Шайлоочулардын 2 тизмеси түзүлгөн:

- **3 703 42** шайлоочуну камтыган бирдиктүү шайлоо округу боюнча **3 703 420** шайлоочу, алардын ичинен чет өлкөлөрдөгү участкаларда **- 84 128** шайлоочу**;**

- **3 619 292 шайлоочуну камтыган 36 бир мандаттуу шайлоо округу** боюнча.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү шайлоочулдардын жалпы саны **15864** адамды түздү.

Шайлоо мыйзамдарына өзгөртүүлөрдүн кабыл алынгандыгына байланыштуу 2020-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын ушул шайлоодо №2 форма республикадын тышкаркы жерлерде гана колдонулган.

**Шайлоо округдары**

Саясий партиялар көрсөткөн талапкерлердин тизмелери боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 54 депутаттарын шайлоолорду пропорционалдык система боюнча өткөрүү үчүн Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагы **бирдиктүү шайлоо округу** болуп саналат. Мында Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары жашаган шайлоочулар бирдиктүү шайлоо округуна катталган деп эсептелинет.

**Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүү республиканын административдик-аймактык бөлүнүшүн эске алуу менен түзүлүүчү шайлоо округдарында жүзөгө ашырылат.

Бир мандаттуу шайлоо округдарын түзүүдө шайлоочулардын өкүлчүлүгүнүн орточо нормасынан, эреже катары, 20 пайыздан ашык эмес четтөөгө жол берүү менен шайлоочулардын саны боюнча шайлоо округдарынын болжолдуу теңчилиги сакталууга тийиш жана республиканын административдик-аймактык бөлүнүшү эске алынат.

**(округдагы шайлоочулардын орточо саны +/- 102 миң):**

| Аймак | Шайлоочулардын саны | Округдардын саны | УШКнын саны |
|---|---|---|---|
| **Баардыгы:** | **3 619 292** | **36** | **2 435** |
| **Бишкек** | 430 343 | 4 | 228 |
| **Ош, Ош обл.** | 899 164 | 9 | 593 |
| **Баткен обл.** | 305 136 | 3 | 218 |
| **Жалал-Абад обл.** | 685 620 | 7 | 452 |
| **Талас обл.** | 162 818 | 2 | 117 |
| **Чүй обл.** | 610 800 | 6 | 408 |
| **Нарын обл.** | 208 804 | 2 | 169 |
| **Иссык-Кульская** | 316 607 | 3 | 250 |

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо шайлоо округдарынын схемасы жана чек аралары**
**(БШКнын 2021-жылдын 5-сентябрындагы № 684 токтому менен бекитилген)**




Бир мандаттуу шайлоо округдарынын схемалары жана чек аралары тууралуу кененирээк маалымат алуу үчүн шилтемени басуу аркылуу биле аласыз - https://shailoo.gov.kg/ru/vybory-noyabr-

Биридиктүү шайлоо округу боюнча **2494** шайлоо участкалары, анын ичинде чет өлкөлөрдө **59** шайлоо участкалары ачылган. Бир мандаттуу шайлоо округудары боюнча **2435** шайлоо учпасткалары ачылган, **36** округдук шайлоо комиссиялары иштеди.

Участкалык шайлоо кломиссияларында **30 527** шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, округдук шайлоо комиссияларында **490** округдук шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү иштети.

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлер**

***Пропорционалдык система боюнча:***

Шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзамдын 60-беренесине ылайык Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлердин тизмесин көрсөтүү шайлоо дайындалган күндөн баштап шайлоо күнүнө чейин **45 календардык күндө** аяктайт (б.а. 2021-жылдын 13-октябрын кошуп алганда).

**75** саясий партия болуучу парламенттик шайлоого катышуу ниетин билдиришкен. Алардын ичинен:

- 3 с/партияны каттоодон баш тартылган;
- 26 с/партия шайлоого катышуудан баш тартуу тууралуу билдиришкен;
- 25 с/партия шайлоого катышуудан баш тартуу тууралуу билдиришкен эмес;
- 21 с/партия каттоодон өтүшкөн;
- ар түрдүү с/партиялардан 9 талапкерди каттоодон баш тартылган;
- 31 талапкер шайлоого катышуудан өз ыктыяары менен баш тартышкан.

**21** саясий партия конституциялык мыйзамдын талаптарын аткарып, талапкерлердин тизмесин каттоо үчүн зарлы документтерди беришкен жана БШКда катталгын.

21 саясий прартиянын тизмесинде **1005** талапкер киргизилген, алардын ичинен:

- эркек талапкерлер – **643** (63,9%);
- аял талапкерлер – **362** (36%);
- майыптыгы бар адамдар-талапкерлер – **46** (4,5%);
- ар кандай этностогу талапкерлер – **185** (18,4 %);
- 35 жаштан улуу эмес талапкерлер – **258** (25,6%).

***Мажоритардык система боюнча:***

Шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзамдын $60^1$-беренесине ылайык бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча депутаттыкка талапкерлерди көрсөтүү шайлоо дайындалган күндөн баштап шайлоо күнүнө чейин **45 календардык күндө** аяктайт (б.а. 2021-жылдын 13-октябрын кошуп алганда).

Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү жөнүндө БШКга 381 арыз келип түшкөн, алардын ичинен:

- эркек талапкерлер – **349** (91,6%);
- аял талапкерлер – **32** (8,3%);
- өзүн өзү көрсөткөндөр – **374**;
- саясий партиялардан – **7**.

Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча көрсөтүлгөн **381**талапкердин ичинен **330** талапкер БШКда каттоодон өткөн. Көрсөтүлгөн **51** талапкер төмөндөгү себептер боюнча каттоодон өткөн жок:

- 17 талапкер каттоого чейин шайлоого акатышуудан баш тартты;

- көсөтүлгөн 3 талапкер жогорку кесиптик билиминин бар экендиги тууралуу тастыктаган документтеринин жоктугуна байланыштуу баш тартылган;

-шайлоо күрөөсүн төкпөгөндүгүнө байланыштуу 31 талапкерге баш тартылды.

Бир мандаттуу округдар боюнча **330** катталган талапкерлердин ичинен:

- 47 талапкер жеке арыздарын берүү менен шайлоого катышуудан баш тартышкан;

-1 талапкердин каттоосу жокко чыгарылган.

2021-жылдын 28-ноябрындагы шайлоого республика боюнча бир мандаттуу округдар боюнча **282 талапкер** катышты.

БШК документтерди кабыл алган күндөн тартып 10 календардык күндүн ичинде талапкерди, талапкерлердин тизмесин көрсөтүү тартибинин конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайыктуулугун текшерет жана талапкерлердин тизмесин каттоону жүзөгө ашырат же каттоодон баш тартуу тууралуу жүйөлүү чечим чыгарат. Көрсөтүлгөн текшерүү анын ичинде мыйзам менен бекитилген **электрондук ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү системасын** колдонуу аркылуу жүзөгө ашырылат.




**Шайлоолорду маалыматтык камсыз кылуу**

БШК жарандардын өз мүдөөсүн эркин билдирүүсүн жана шайлоонун айкындыгын ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүү максатында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү алкагында кеңири маалыматтык өнөктүктү жүзөгө ашырды.

Эки тилде сурдокотормосу жана субтитрлери менен **56 көрмөролик** даярдалды, шайралаш шайлоо системасынын өзгөчөлүгү тууралуу, шайлоо мыйзамдарына киргизилген өзгөртүүлөр боюнча, шайлоочулардын тизмесин тактоо, аялдардын жана жаштардын көрсөтүлүү мүмкүнчүлүгү, добуштарды эсептөөнүн аныктыгы, шайлоо процессинин катышуучуларынын жоопкерчилиги, чет өлкөлөрдө добуш берүү боюнча эки тилде **8 аудиороликтер** даярдалды.

Көрмөроликтерди **мамлекеттик, аймактык, жеке телеканалдарда**, санариптик эфирдик телекөрсөтүүдө жана кабелдик тармактарда көрсөтүү 2021-жылдын 4-сентябрынан тартып башталды. Аудиороликтерди уктуруу мамлекеттик радистанциялардын обосунда берилип турду. Ошондой эле көрмөроликтер Санариптик өнүктүрүү министрлиги, Бишкек шаарынын мэриясы, райондук мамлекеттик администрациялар менен өз ара аракетте LED экрандарында **27 калкты тейлөө борборлорунда жана бүткүл өлкө боюнча LED-экрандарда, Бишкек шаарынын коомдук транспортторунда көрсөтүлүп турду.** Бардык көрмөроликтер БШКнын сайтында, БШКнын жана социалдык түйүндөрдөгү өнөктөш уюмдардын баракчаларында жайгаштырылды.

Шайлоо комиссияларынрын мүчөлөрүн окутуу үчүн эки тилде 12 окутуу көрмөроликтери жана эки тилде 15 көрмөсабактар даярдалды жана облустук телеканалдарга, социалдык түйүндөргө, Кабар» КУЖА берилди.

Телекөрсөтүүдө талапкерлердин дебаттары жана жеке чыгып сүйлөөлөрү талапкерлер жөнүндө маалыматтардын маанилүү булагы болуп саналат. Бир мандаттуу округдарда талапкерлердин дебаттары жана чыгып сүйлөөлөрү облустук телеканалдарда, ал эми Бишкек шаарында «Бешинчи каналда» жана ЭлТРде өткөрүлдү. Дебаттардын графигин https://shailoo.gov.kg/kg/news/5882/. шилтемеси боюнча көрсө болот.

Аймактарда биринчи жолу жети облустук медиа борборлорунда жана бишкек шаары үчүн «Бешинчи каналда» бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча талапкерлер үчүн теледебаттар уюштурулду. Аймактык телеканалдарды техникалык колдоо көрсөтүү боюнча иштер жүргүзүлүп, 28 радио-петличек сатып алынып, баннерлер, алып баруучу жана талапкерлер үчүн атайын текче даярдалды, 7 көрмө камера сатып алынды.

КТРК телеканалында саясий партиялардын лидерлеринин, ЭлТРде жаштардын жана аял талапкерлердин катышуусу менен дебаттар уюштурулду.

БШК бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча көрсөтүлгөн талапкерлер жөнүндө жана бирдиктүү шайлоо округу боюнча саясий партиялардан көрсөтүлгөн талапкерлер тууралуу кеңири маалымдоону уюштурду.

21 саясий партиялардан талапкерлер жана бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча көрсөтүлгөн талапкерлер жөнүндө маалыматтар жарыяланды. Талапкерлер тууралуу маалыматтар өзүнө сүрөттөрдү, программаларды, слоганды, туулаган датасы жөнүндө маалыматты, иштеген жерин жана ээлеген кызмат ордун, штабынын дарегин камтыйт.

Маалыматтар 12 облусутук газеталардын жана «Эркин Тоо» газетасынын атайын чыгарылыштарында **150** миң нускада жайгаштыдлган. Шайлоочуларга санитардык нормалар тууралуу маалыматтар берилди.

Талапкерлер жөнүндө маалыматтарды, талапкерлердин жана саясий партиялардын программалары менен БШКнын ресурстарынан - https://talapker.shailoo.gov.kg/ky/parliamentary/ онлайн таанышса болот. Ресурстарда шайлоо фонддоруна канча каражат жана кимден түшкөнү, канча каражаты бар жана талапкер жана партия тарабынан эмнелерге сарпталганы жайгаштылган.

Мындан тышкары, БШК райондук газеталардагы атйын чыгарылштарда, ошондой эле «Эркин Тоо», «Для Вас» жана «Супер инфо» аркылуу жаңы аралаш шайлоо системасы, шайлоо участкасында добуш берүү жол-жоболору, шайлоо бюллетендерин толтуруунун эрежелери тууралуу маалыматтарды жарыялоону уюштурду.

Жалпы нускасы **14,5 миң экземпляр ченемдик-укуктук актылар**, 40,73 миң экземпляр 22 **окутуу усулдук колдонмо**, 557 миң экземпляр **басылма продукциянын 34 түрү** (плакаттар, лифлеттер, флаерлер, баннерлер, жыл санактар, күбөлүктөр ж.б.) чыгарылды, мамлекетик жана расмий тилдерде **10 200** плакат даярдалды, алар саясий партиялар көрсөткөн талапкерлер боюнча **2 494** шайлоо участкасынын ар бирине төрт плакттан жана 36 бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча көрөтүлгөн талапкерлерге **9956** плакат бөлүндү.

«Биринчи радиодо» 25 обо, «Ала-Тоо-24» 45 обо, 44 берүүлөр жана 100дөн ашык жаңылык сюжеттери аймактывк телеканалдарда жана облустук медиа борборлорунда, башка телеканалдарда 40тан ашык обо, Интернет-басылмаларда эки тилде 80ден ашык макалалар уюштурулуду.

Угуусу жана сүйлөөсү бузулган шайлоочуларга маалымдоо алкагында БШКнын CALL- борбору WhatsApp **0996-550-011255** номери боюнча шайлоочулар менен көрмө байланышты түздү, ал жерде угуусу жана сүйлөөсү начар шайлоочулар өздөрүнүн суроолоруна жаңсап көрсөтүү менен жооп ала алышты. WhatsApp номери аркылуу шайлоочу Кыргыз Республикасынын Жогороку Кеңешинин депутаттарын шайлоонун аралаш системасы, добуш берүүнүн тартиби, үгүт жүргүзүү боюнча актуалдуу маалыматтарды алып турушту, шайлоочулардын тизмесинен өздөрүн тактап, башка маалыматтарды алышты.

Өнөктүктүн алкагында Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктары жана ЖОгорку Кеңештин депутаттарын шайлоонун тартиби жөнүндө маалыматтык материалдар (лифлеттер, буклеттер) таркатылды.

БШКнын баракчасы Facebook, Instagram, Telegram социалдык тармактарында ачылган. ТикТокто атайын веб баракча ачылган. Шайлоо процессинен бардык этаптарынын эрежелери, добуш берүүнүн жол-жоболору, добуштарды эсептөө жана санитардык нормалар жөнүндө маалдыматтар үчүн КР БШКнын Youtube-каналында көрмөроликтер даярдалды.

Өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн колдоосунда БШК шайлоо мыйзамдарынын нормаларын түшүндүрүүгө, укук коргоо органдарынын, банк кызматкерлеринин, ЖМК өкүлдөрүнүн шайлоо процессинен бардык этаптарында бузууларга таасир этүүдө квалификациясын жогорулатууга багытталган бир катар окутуу семинарларын жана тренингдерди өткөрдү.

**Шайлоолорду каржылык камсыз кылуу**

Шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзамдын 40-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык *«Шайлоолорду даярдоо жана өткөрүү боюнча шайлоо комиссияларынын чыгашалары республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт»*

БШКнын 2021-жылдын 16-сентябрындагы № 701 токтому менен чет өлкөлөрдө шайлоо участкаларын түзүүнү эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө **592 531,0** миң сом суммасындагы чыгашалардын сметасы бекитилген.

Төмөндөгү таблицада Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө чыгашалардын сметасынын аткарышы тууралуу маалымат берилген:

**миң сом**

| Көрсөткүчтөрү | Бөлүнгөн бардык каражаттар | Иш жүзүндө чыгымдалганы | Калдыгы (үнөм) |
|---|---|---|---|
| **Бардык чыгымдар:** | **592 531,0** | **558 323,6** | **34 307,4** |
| КР БШК | 574 531,0 | 543 026,0 | 31 505,0 |
| КР ТИМ | 18 000,0 | 15 297,6 | 2 702,4 |

**Талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддору**

***Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча шайлоо фонддору***:

Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлердин шайлоо фонддору төмөнкү акча каражаттарынын эсебинен түзүлүшү мүмкүн:

- талапкердин өз каражаттарынан - *150 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес;*
- саясий партиянын өз каражаттарынан - *1000 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес;*
- жарандардын ыктыярлуу кайрымдуулуктарынан – *200 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес;*
- юридикалык жактардын ыктыярлуу кайрымдуулуктарынан - *500 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес.*

Шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен чыгымдардын **чектелген суммасы**
10 000 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес.

Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча шайлоо фонддорун Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына 341талапкер топтошкон.

Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча шайлоо фонддорунун атайын эсебине жалпы суммасы **283,8 млн. сом** келип түшкөн**.** Шайлоо өнөктүгүн өткөрүүгө байланыштуу чыгымдары жабууга бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча шайлоо фонддорунун атайын эсебинен **279,4 млн. сом** сарпталган.

Шайлоого катышуу үчүн бир мандаттуу округдар боюнча 341 талапкерден БШКнын депозиттик эсебине түшкөн шайлоо күрөөсүнүн жалпы суммасы **34 228 100** сомду түзгөн (шайлоо күрөөсүнүн өлчөмү 1 талапкерге 100 миң сомду түзөт). Талапкерлерге кайтарылып берлиген шайлоо күрөөсүнүн жалпы суммасы **20 428 100 сом** болгон. Республикалык бюджеттин кирешесине которуу үчүн сумма **13 800 000 сомду** түзгөн.

***Бирдиктүү шайлоо округу боюнча шайлоо фонддору***:

Талапкерлердин тизмесин көрсөтүшкөн саясий партиялардын шайлоо фонддору төмөнкү акча каражаттарынын эсебинен түзүлүшү мүмкүн:

- талапкердин өз каражаттарынан - *1500 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес;*
- саясий партиянын өз каражаттарынан – *100 000 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес;*
- жарандардын ыктыярлуу кайрымдуулуктарынан – *200 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес;*
- юридикалык жактардын ыктыярлуу кайрымдуулуктарынан – *3 000 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес.*

Шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен чыгымдардын **чектелген суммасы** 300 000 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес

Бирдиктүү шайлоо округу боюнча шайлоо фонддорун 22 саясий партия топтошкон.

Бирдиктүү шайлоо округу боюнча шайлоо фонддорунун атайын эсебине жалпы суммасы **244,0 млн. сом** келип түшкөн**.** Шайлоо өнөктүгүн өткөрүүгө байланыштуу чыгымдары жабууга бирдиктүү шайлоо округу боюнча шайлоо фонддорунун атайын эсебинен **241,7 млн. сом** сарпталган.

Шайлоого катышуу үчүн бирдиктүү шайлоо округу боюнча 22 саясий партиядан БШКнын депозиттик эсебине түшкөн шайлоо күрөөсүнүн жалпы суммасы **22** млн.сомду түзгөн (шайлоо күрөөсүнүн өлчөмү 1 саясий партияга 1 млн. сомду түзөт). Саясий партияларга кайтарылып берлиген шайлоо күрөөсүнүн жалпы суммасы **13 млн. сом** болгон. Республикалык бюджеттин кирешесине которуу үчүн сумма **9 000 000 сомду** түзгөн.

**Шайлоонун мыйзамдуулугу жана коопсуздугу**

Кыргыз РОеспубликасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшүндө БШКга **386** арыздар, даттануулар, кайрылуулар, билдирүүлөр келип түшкөн.

Алардын ичинен:

БШКнын ыкчам таасир этүүчү координациялык тобуна – 221;

БШКнын арыздарды жана даттанууларды кароо боюнча жумушчу тобуна – 107;

БШКнын маалымдоо жана үгүт масаелелери боюнча жумушчу тобуна – 55

Шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу тобуна – 3.

Арыздар жана даттануулар боюнча укук коргоо органдары БШК тарабынан өз учурунда чаралар көрүлдү.

Өткөн шайлоолордун практикасы борбордук, облустук, райондук деңгээлде курамына шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, укук коргоо органдарынын өкүлдөрү кирген Ыкчам таасир этүүчү координациялык топторду түзүү өзүнүн натыйжалуулугун көрсөттү. Аталган таасир этүү топтору жаралган шайлоо чыр-чатагын ыкчам жана өз учурунда чечүүгө жана бузууларга таасирдүү бөгөт коюуга, ошондой эле шайлоочулардын укуктарын коргоо боюнча процесстин жүрүшү жана кабыл алынып

жаткан чаралар жөнүндө жарандарга туруктуу маалымадап турууугө мүмкүнчүлүк берди.

**Добуш берүүнүн жыйынтыктары, шайлоонун натыйжаларын белгилөө**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо бирдиктүү шайлоо окргу боюнча шайлоочулардын тизмесине киргизилгендердин саны – **3 703 420** шайлоочуну түздү, добуш берүүгө **1 281 622** шайлоочу катышты,

Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча тизмеге киргизилгендердин саны – **3 619 292** шайлоочуну түзгөн, добуш берүүгө **1 232 582** же **34,05%** шайлоочу катышты.

Ар бир шайлоо участкасы боюнча майыптыгы бар шайлоочулардын санынын эсеби алып түзүлдү. 2025 шайлоо участкасында жалпы ден соолугунун мүкүнчүлүгү чектелүү (ДСМЧА) адамдар **15 864** шайлоочуну түздү, добуш берүүгө майыптыгы бар **15 864** шайлоочу катышты, бул **38, 93%** түзөт.

Чет өлкөлөрдө добуш берүүнү уюштуруу үчүн **29** өлкөдө 59 шайлоо участкалары түзүлдү, алардын **10** участкасы төмөнкү шаарлдарда биринчи жолу уюштурулду:

- **Россия** – Казань, Краснодар, Самара, Томск жана Хабаровск шаарлары;
- **АКШ** – Нью-Йорк жана Чикаго шаарлары;
- **Туркия** – Анталья шаары;
- **Италия** – Кальяри шаары;
- **Венгрия** – Будапешт шаары.

Катталган **84 128** шайлоочудан добуш берүүгө **9 825 шайлоочу** катышты, бул **11,67% түзөт**.

Шайлоо комиссияларынын көпчүлүгү – 21 шайлоо комиссиясы Россия жайгашкан, бул жерде 58 572 шайлоочсу катталган, бул чет өлкөлөрдөгү шайлоочулардын **69,62%** түзөт**.** Добуш берүүгө 7 076 шайлоочу катышкан, бул 12,08% түзөт.

Калган 38 шайлоо участкасы 28 өлкөдө жайгашкан, **25 556** шайлоочу катталган, бул чет өлкөлөрдөгү шайлоочулардын жалпы санынын 30,38% түзөт. Добуш берүүгө 2749 шайлоочу катышкан, бул 10,75% түзөт.

Төмөндөгү таблицада чет өлкөлөрдөгү **10 жаңы** участкалар боюнча активдүүлүктүн статистика берилген:

| № | № УШК. шаар | Шайлоочулардын саны | Добуш берүүгө катышкандардын саны | Келүүсү % |
|---|---|---|---|---|
| **1** | **9057, Кальяри, Италия** | **395** | **201** | **50,89** |
| **2** | 9058, Будапешт, Венгрия | 170 | 83 | 48,82 |
| **3** | 9021, Хабаровск, РФ | 247 | 111 | 44,94 |
| **4** | 9020, Томск, РФ | 279 | 72 | 25,81 |
| **5** | 9052, Самара, РФ | 345 | 57 | 16,52 |
| **6** | 9053, Краснодар, РФ | 318 | 50 | 15,72 |
| **7** | 9056, Анталья, Туркия | 771 | 111 | 14,40 |
| **8** | 9055, Чикаго,АКШ | 660 | 93 | 14,09 |
| **9** | 9026, Казань, РФ | 351 | 39 | 11,11 |
| **10** | **9054, Нью-Йорк, АКШ** | **611** | **52** | **8,51** |
| | **Бардыгы** | **4 147** | **869** | **20,95** |

***Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча:***

Бир мандаттуу шайло

о округдары боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоого катышуу үчүн 282 талапкер ат салышты

Жыйнама таблицаны түзүүдө округдук шайлоо комиссияларынын чечимдеринин негизинде добуш берүүнүн жыйынтыгы анык эмес деп таанылган 63 шайлоо участкаларынын маалыматтары алынып салгандыгы эске алынды.

| № | Аймактар | Шайлоочулардын саны | Жокко чыгарылгандарды алып салгандагы келүү* | Келүү % менен |
|---|---|---|---|---|
Шайлоо комиссиялары сапаттык жана сандык белгилери, жардамдардын атайын каражаттары менен жабдуу жана ДСМЧ керектөөлөрүн (пандустардын, чакыруу кнопкаларынын, тактилдик көрсөткүчтөрдүн, жетиштүү жарыктын, добуш берүү кабиналарында лупалардын болушу) канаатандыруу боюнча Керектөө картасын түзүнүн сапатын туруктуу өркүндөтүп жатат.

Бүгүнкү күндө Керектөө картасынадобуш берген күнү шайлоо участкасында жардамга муктаж **18548** адам киргизилген.

Алардын ичинен эркектер - **9308 (50,18%)**, аялдар – **9240 (49,82%).** Курактык категориялары боюнча 18-30 жаштагылар – **3646**, с31-60 жаштагылар – **9752**, 60 жаштан жогоркулар – **5150** адам.

**3) шайлоо комиссиялары** шайлоо мыйзамдарына ылайык добуш берүү үчүн орун-жайлардын жеткиликтүүлүгүнө баа берүүнү туруктуу ишке ашырып келет. Добуш берүү үчүн орун-жайлардын кире беришинде пандустардын болуш же жоктугу Керектөө картасынын формасында көрсөтүлөт.

Жер-жерлердеги шайлоо участкалары ДСМЧ шайлоочулары үчүн волонтерлердин жардамдарын беришип, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары автотранспорт менен камсыз кылышат.

2435 шайлоо участкаларынын ичинен 2099 шайлоо участкаларында пандустар орнотулган, 252 шайлоо участкаларына пандустарды орнотуунун зарылдыгы жок, 84 УШК пандустиар жок. Ошентип республика боюнча шайлоо участкаларынын 87% пандустар менен камсыз кылынган.

**4)** Атайын форматтарды пайдалануу менен **ДСМЧ шайлоочуларын маалымдоо**

Брайль тамгасын колдонуу менен плакаттар, китепчелер чыгарылды. Угуусу жана сүйлөөсү начар ДСМЧ шайлоочулары үчүн атайын окутуучу көрмө матеиалдар, бардык маалыматтык материалдар субтитрлер, сурдокотормолор менен коштолду (чыгарылган бардык материалдар БШКнын расмий сайтында - www. shailoo.gov.kg. жайгаштылыган).

Шайлоолорду даярдоо жана өткөрүү мезгилинде БШКда Call-борбору иштеп турат, ага ДСМЧ алдамдар тартылган, жалпы саны 10 адамга чейин жетет. Call-борбордо да жаңсап көрсөтүү менен шайлоочуларды маалымдоо үчүн WhatsApp номери бар.

**5) үгүт материалдарынын жеткиликтүүлүгүнүн шарттары түзүлгөн**. Талапкерлер, саясий партиялар үгүт материалдарын сурдокотормо, субтитр пайдалануу менен, ошондй эле үгүт материалдарынын нускасынын жалпы санынын 1% кем эмесин ДСМЧ шайлоочулары үчүн Брайль тамгасын пайдалануу менен жарыялоого жана таркатууга милдеттүү.

**6) ДСМЧ шайлоочуларынын өкүлчүлүгүн камсыз кылуу.** 2 талапкерден кем эмес ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарды камсыз кылуу үчүн мыйзамдарды норма каралган, мында алардын бири саясий партиядан биринчи 25 талапкерлердин тизмесине киригизилүүгө тийиш. Алсак, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде 90 депутаттардын ичинен бир депутат ДСМЧ адамдарынан болуп саналат. Жергиликтүү кеңештерде 5 ДСМЧ депутат иштеп жатат.

## 4. Шайлоо мыйзамдарын бузгандыгы үчүн жоопкерчилик

Кыргыз Республикасында жаңы шайлоо моделинин киргизилиши шайлоо бюллетендерин массалык таштоо жана «алантма салуу» сыяктуу добуш берүүнү бурмалоо методун толук четтетүүгө мүмкүнчүлүк берди.

Ошону менен бирге шайлоочуларды сатып алуу, административдик ресуртарды пайданалуу актуалдуу көйгөй бойдон калууда, бул жосундар шайлоо процессинин негизги этаптарында шайлоону бурмалоо мүмкүнчүлүгүн азайтуудан жана шайлоону

уюштуруучулар тарабынан жарандардын тандоосуна таасир этүүгө мүмкүн болбой калгандыгынан улам шайлоолордо кеңири жайылууда.

2015-2018-жылдары бизде шайлоочулардын добуштарын стаып алууга каршы күрөшүү үчүн нормалдуу укуктук базасы жок эле, шайлоочуларды сатып алуу коомдун кызыкчылыгына жана өлкөнүн коопсуздугуна коркунуч келтирип жатса да жеке мүнөзгө ээ болгон. Шайлоочуларды сатып алуу 2015-жылы шайлоонун аныктыгына баары ынангандан кийин 2016-жылы жергиликтүү шайлоолордо активдешип кетти.2017-жылы кабыл алынган жаңы кодексте тийиштүү нормалар камтылган эле, бирок ал 2019-жылы гана күчүнө кирди.

2021-жылдын 10-январында Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоодо ктталган бузуулардын саны азайган. Бул катышкан талапкерлердин шайлоочулардын добуштарын сатып алууну жана административдик ресурстарды колдонууну болтурбоо боюнча позициялары менен шартталган.

Мындан тышкары, шайлоо жөнүндө мыйзамдарды бузууга каршы аркеттенүү үчүн жаңы мамилелер жана алгоритм иштелип чыккан, алдарды укук коргоо органдары жана прокуратура органдары колдонууга даяр турушкан. Ошондой эле укук коргоо органдарын кеңири камтуу менен байма-бай тренинг өткөрүлгөн. Бирок, бузуулардын саны аз болгондунгуна байланыштуу иштелип чыккан алгоритм колдонулган эмес, ошондон улам брдиктүү натыйжалуу укук коолдонуу практикасы жаралган эмес. Ушул себептен улам бузууларга таасир этүү мындан ары да пассивдүү бойдон кала берет деген маалымттык ой жоору саясий партияларда жана талапкрелерде калыптана баштаган.

2021-жылы 11-апрелде 448 жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо шайлоочулардын добуштарын сатып алуу, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан административдик ресурстарды кыянатчылык менен пайдалануу башталган. Жер-жерлерде тигил же бул саясий партияларга боор тартуулар жүргөн (кварталдык комитеттер, добуш берүүнү контролдоо, мыйзамсыз каттоо жана башка бузуулар). Жергиликтүү саясий топтордун (шаарларда) жана талапкерлердин ортосунда курч күрөштөр жүргөн, айрым саясий күчтөр мурда 2016-жылы алган позициясын сактап калууга умтулуп, жергиликтүү кеңештерде жаңы позицияларга ээ болууга далалат коюшкан.

Жер-жерлерде шайлоо мыйзамдарын бузууга каршы аракеттенүү боюнча чараларды бир түрдүү колдонуу болгон эмес, жер-жерлерде шайлоо комиссиялары жана укук коргоо органдары тарабынан калыстык болгон эмес, талапкерлердин жана саясий партиялардын пайдасына тандап таасир этүү байкалган. Натыйжада шаарлардагы шайлоолордо укук бузуу көрсөткүчтөрү өтө жогору болгон: Бишкек, Ош жана Токмок шаарларында (ар бир шаарда өүнүн өзгөчөлүгү менен) шайлоолор анык эмес деп таанылып, 2021-жылдын июлунда бул шаарларда кайрадан шайлоолор өткөрүлгөн. Ошону менен бирге бир катар шаарларда жана айылдарда бузуулардын дээрлик жок болушу (дээрлик 50%) теңдешкен жыйынтыкка алып келген – бардык саясий партиялар кеңешке өтүшүп, добуштардын теңдешкен санын алышкан.

2021-жылдын 28-ноябрыдагы Кыргыз Ренспубликасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо бардык деңгээлде административдик ресурстарды болтурбоого жана катуу чараларды кабыл алууга багытталган өлкө жетекчилигинин саясий эрки шайлоонун катышуучуларынын адмистративдик ресурстарды колдонбошун камсыз кылды.

Укук коргоо органдары тарабынан шайлоочулардын добуштарын сатып алууга ыкчам таасир этүү болуп, шайлоонунун жүрүшүндө иштер дыкат иликтенип, сотко чейин жетип турду. Таасир этүүнүн оперативдүүлүгү жана натыйжалуулугу шайлооунун биринчи этабында бузуулардын жана сатып алуулардын деңгээлин кийинки этаптарында төмөндөтүүгө мүмкүндүк берди. Ошону менен бирге алгоритмди жетишсиз иштеп чыгуулар орун алды, таасир этүүнүн бирдиктүү форматы жана бирдей мамиле толук көлөмдө камсыз кылынган жок. Ошондой эле буга шайлоолордо бузуулар үчүн жоопкерчиликти төмөндөтүү, аймактарда бузуулардын субъекттерин

тандоону сактоо өндүү шайлоонун жүрүшүндө кабыл алынган жаңы кодекс боюнча толук ачыктыктын жоктугу таасир этти.

Шайлоолорду даярдоодо жана өткөрүүдө шайлоо комиссияларынын бардык деңгээлинде шайлоо комиссиялары тарабынан курамына укук коргоо органдарынын өкүлдөрү кирген **ыкчам таасир этүүчү координациялык топтор** (ЫТЭКТ) түзүлгөндүгүн белгилөө зарыл.

Өткөн шайлоолордун практикасы борбордук, облустук, райондук деңгээлдерде ыкчам таасир этүүчү координациялык топторду түзүүнүн натыйжалуулугун көрсөттү. ЫТЭКТнын иши пайда болгон шайлоо талаш-тартыштарын ыкчам жана өз учурунда чечип, бузууларга натыйжалуу бөгөт коюп, ошондой эле жарандарга алардын укуктарын коргоо боюнча процесстин жүрүшү жана кабыл алынган чаралар жөнүндө дайыма маалымат берип турууга мүмкүнчүлүк түздү.

БШК тарабынан даттанууларды берүүнүн ачык жана жеткиликтүү механизмин ишке киргизүү (анын ичинде даттанууларды сайтка жөнөтүү аркылуу да), шайлоо талаш-тартыштарына мониторинг боюнча практикалык чаралар кабыл алында, мында БШКнын сайтында даттануулдардын жана арыздардын атайын электрондук реестри түзүлгөн, ал жерде шайлоо комиссиларына берилген даттануулар жана арыздар менен таанышса болот. Даттануулар Реестрине онлайн режиминде шайлоонун жүрүшүндө келип түшкөн бардык арыздар (даттануулар) жайгаштырылып, алардын шайлоо комиссиялары жана соттор тарабынан каралышынын жыйынтыктары, арыздардын (даттануулардын) кабыл алынган чечимдердин жана сот актыларынын скан-көчүрмөсү чагылдырылып жайгаштырылат. Ошондой эле шайлоо процессинин катышуучулары онлайн режиминде арыздарды (даттанууларды) берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Даттануу Реестрин киргизүү өлкөнүн жарандары тарбынан кеңири таанууга жана колдоого ээ болуу менен, ошондой эле эл аралык коомдоштуктун колдоосуна ээ болду.

Шайлоо мыйзамдарын бузууну алдын алуу, бөгөт коюу механизмин андан ары өрүүндөтүү, жарандардын шайлоо укуктарын коргоону жакшыртуу максатында шайлоочулардын өз эркин билдирүүгө таасир эткен негизги фактор катары сатып алуулараг жана административдик ресурстарга каршы күрөштүн натыйжалуулугун жогорулатуу, шайлоонун жүрүшүндө бузуулар үчүн натыйжалуу санкцияларды киргизүү зарыл.

Ушул жана башка маселелер колдонуудагы мыйзамдарга тактоочу өзгөртүүлөрдү киргизүү жана бузууларга бөгөт коюуга мүмкүнчүлүк берген натыйжалуу санкцияларды колдонуу жана күнөөлүү адамдарды жоопкерчиликке тартуу жолу менен чечилүүгө тийиш.

## 5. Укуктук маданиятты жогорулатуу

**1.** Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 48-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык мамлекет жарандарын укуктук маданиятын жана укутук аң-сезимин жогорулатуу үчүн шарттарды түзөт.

Кыргыз Республикасынын стартегиялык документтеринде укутук маданияттын, укуктук окутуунун жана тарбиялоонун, жарандык билим берүүнүн мааниси ар дайым баса белгиленип келген:

1) **2018-2020-жылдарга шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын өркүндөтүүнүн стратегиясында** шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүү алкагында өкүм сүргөн көйгөйлөрдүн арасында *шайлоо процессинин катышуучуларын укутук мамилерлердин нормативдик жөнгө салган комплекси аркылуу гана эмес, ошондой эле жарандык билим берүү аркылуу саясий маданиятын жогорулатуу боюнча комплекстүү чаралардын жетилгендигинин өзгөчө зарылдыгы* келип чыкканы белгиленген.

2) «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январоындагы № 1 Жарлыгы менен **Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене**

**тарбиясы жөнүндө концепция** бекитилген. *“**Кыргызстандын элин, өзгөчө өсүп келе жаткан муунду** мамлекеттин бүтүндүгүн сакатоого жана маалыматтык коопсуздукту камсыз кылууга; улуттук наркты, байыркы элдик жана жалпы адазаттык руханий-ахлактык баалуулуктарды сактоого; таза турмуш образын алып жүрүүгө, акниет эмгектенүүгө; **укуктук,** экологиялык жана эстетикалык тарбияга”* багыттоо Концепциянын милдеттеринин бири болуп саналат.

3) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 13-ноябрындагы ПЖ №39 Жарлыгы менен бекитилген **2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясында “***Кыргыз жараны деп өзүн таанууну өнүктүрүү процессинде негизги роль **билим берүү, илим, маданият, ЖМК жана социалдык тармактар системасына таандык, ал интеграцияланууга жана бирдейликти калыптандырууга, биринчи кезекте жарандык билим берүү жана укуктук маданиятты өнүктүрүү** аркылуу элдин биригүүсүнө жана алардын өлкөгө болгон таандыктыгына карата сыймыктанууга багытталган долбоорлорду ишке ашыруу мүмкүнчүлүктөрүн толук камсыз кылышы керек”* экендги айтылган.

4) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрындагы ПЖ №39 Жарлыгы менен бекитилген 2**018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында “***мамлекеттик органдарды жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын акыйкат жана ачык шайлоо менен камсыз кылынган жарандардын ишеними мамлекеттик башкаруунун маанилүү критерийлеринен болуп саналары”* бекмделген, *“...калктын саясий маданиятын жогорулдатуу, шайлоо мыйзамдарын реформалоо боюнча иштти улантуу”* зарылдыгы белгиленген.

БШКда Жарандык билим берүү жана шайлоо технологиялары борбору (мындан ары – ЖББШТ) иштеп жатат, ал “Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө” КР конституциялык Мыйзамынын 13-беренесине ылайык түзүлгөн. Төмөндөгүлөр Борбордун негизги милдеттеринен болуп саналат:

- жарандарды, шайлоочуларды (референдумдун катышуучуларын), саясий партиялардын, коомдук бирикмелердин, шайлануучу органга талапкерлердин өкүлдөрүн, алардын ишенимдүү адамдарын, байкоочуларды, жалпыга маалдымдоо каражаттарынын өкүлдөрүн жана башка адамдарды укуктук жактан окутуу;
- жарандардын, ардык деңгээлдеги шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн, байкоочулардын эжана шайлоо апроцессинин башка катышуучуларынын окууларын уюштуруу;
- Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын пландарын эске алуу менен Кыргыз Республикасындашайлоо технологияларына мониторинг жүргүзүү жана өркүндөтүү.

Борбордун ишинин максаты – **жарандардын, шайлоочулардын (рефрендумдун катышуучуларынын укуктук маданиятын жогорулатуу, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн жан шайлоо процессинин башка катышуучуларын окутуу жаатында ишти уюштуруу, координациялоо жана камсыз кылуу.**

Борбордун иштери Кыргыз Республикасынын калкынын бардык социалдык катмарына жана курактык тобуна багытталган.

**2.** 2025-2027-жылдардагы кийинки шайлоо цикли 2025-жылы жапырт жергиликтүү шайлоолор менен, кийинки жылдары парламенттик жана президенттик шайлоолор менен башталат. Шайлоолор аралыгындагы мезгилде шайлоо системасына ишеним деңгээлин жогорулатуу жана шайлочулардын шайлоого катышуусун көбөйтүү БШКнын артыкчылыктуу милдеттеринен болуп саналат, бул маалымдуулукту жакшыртуу боюнча чаралдарды жүзөгө ашырууга жана шайлоону жарандар өлкөнү

акыйкат башкарууга жана анын туруктуу өнүгүшүнө таасир берген коомдогу маанилүү саясий-коомдук процесс катары түшүнө билүүсүнө байланыштуу болот.

2022-жылдын 7-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаровдун катышуусу менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин колдоосунда БШКнын, Санариптик өнүктүрүү министрлигинин жана Маданият. маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин **"Жарандык жана санариптик билим берүү борбору"** биргелешкен долбоорун жүзөгө ашыруу башталды.

Долбоорду жүзөгө ашырууда натыйжалуулукту жогорулатуу үчүн стратегиялык өнөктөштүктү орнотуу жана долбоордун натыйжаларын кеңири жайылтуу жолу менен кызыктар тараптардын (мамлекеттик органдардын, мекемелердин, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, өнүктүрүү боюнча эл аралык өнөктөштөрдүн, жарандык коомдук уюмдардын, бизнес секторлорунун ж.б.) потенциалын, ресурстарын жана күч-аракетин бириктүү негизги багыт болуп саналат.

Республика боюнча бардык облустарда биринчи этапта Маданият. маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин карамагында турган китепканалардын, жаштар борборлорунун, маданият үйлөрүнүн базасында, ошондой эле жергиликтүү мамлекеттик уюмдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу уюмдары беришкен орун-жайларда **жарандык жана санариптик билим берүүнүн 70 борбору** ачылды.

Жакынкы убакта республика боюнча экинчи этапта **жарандык жана санариптик билим берүүнүн 13 борборунун** кошумча ачылышы пландаштырылып жатат.

Борбор компьютердик жабдуулар менен жабдылган, интернет жана ZOOM кошулган, машыктыргыч иштерге көндүмү бар блорбордун адистери (БШКнын системалык администраторлору) иштеп жатышат.

Борбордун иши жарандардын бардык категорияларына, анын ичинде мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерге, жаштарга, аялдарга, майыптыгы бар адамдарга, кары адамдарга ж.б. багытталган.

Мамлекеттик органдар, билим берүү мекемелери, мамлекеттик мекемелер жана ишканалар, коммерциялык эмес уюмдар, жарандык коомдук уюмдар жана эл аралык өнөктөштөр **долбоордун өнөктөштөрү** болуп саналышат.

Борбордун иши эки багытта: **жарандык жана санариптик билим берүү** багытында жүргүзүлөт.

***Жарандык билим берүү боюнча иштин форматтары:***

- Жаран. Мамлекет. Шайлоолор.
- Демократия. Адам укугу жана эркиндиги.
- Тарых. Мурас. Укуктук маданияттын булактары
- Туруктуу өнүгүү үчүн экологиялык билим берүү. Алып жүрүү линиясы.
- Аялдар лидерлигин колдоо.
- Жаш жарандын мектеби.

Борборлордо жарандар менен мамлекеттин байланышын, мамлекеттин жана мамлекеттик органдардын иштеп турушун түшүндүрүүнү, жарандын негизги укуктарын, эркиндиктерин жана милдеттерин, мыйзамдарды ж.б. билүүсүн өзүнө камтыган укуктук маданиятты жогорулатуу боюнча программаларды өткөрүү каралууда. Мындай билимдер жаран коомдун саясий жана коомдук турмушуна активдүү катышуусу боюнча мүмкүнчүлүккө жана өбөлгөлөргө ээ болуусуна көмөктөшөт.

Аялдардын жана жаштардын потенциалын жогорулатууга өзгөчө көңүл бурулат. Бул багыттагы иштердин форматтарынын бири жергиликтүү кеңештердин аял депуттарынын клубун ачуу болжолдонууда, ал лидерлик көндүмдөрдү жогорулатууга көмөктөшүп, ошондой эле тажрыйба жана билим алмашуунун баарлашуу аянтчасы катары кызмат кылуусу абзел.

Жаштардын дебат клубу инсандык сапаттарды: сын көз менен ой жүгүртүүнү, илктей билүүнү, толерантуулукту, уюштуруучулук, чечендик жөндөмдү жана лидерлик сапатты каныктырууга көмкөтөшөт.

Экологиялык билим берүүнүн жана тарбиялоонун максаты анын жашоо образы айлана чөйрөгө кандай таасир берерин жана айлана чөйрө менен өз ара алаканы тандап алуусу аны сактап калууга же бүлүндүрүүгө алып келерин билүүгө адамды тарбиялоо болуп саналат. Активдүү турмуштук позициясы, сын көз менен чыгармачылык ой жүргүртүүсү, жеке жоопкерчилигин сезе билүүсү аркылуу экологиялык көйгөйлөрдү чечүүсү акыры келип кандай гана көйгөйлөр болбосун аны чечүүдө туруктуу көндүмдү жана мамилени жаратууга көмөктөшөт.

***Санариптик билим берүү боюнча иштин форматтары:***

- Санариптик көндүмдөр;
- Санариптик билим берүү (кесип катары IT киргизүү);
- Финансылык билим;
- Санарип кызматынан жана «Түндүк» мамлекеттик порталдын кызматынан пайдалануу тартиби, элекрондук колтамга берүү;
- Санарип коммуникативдик аянтчасы.

Ар бир жаран инсандык потенциалын жогорулатууга жана күнүмдүк турмуштун милдеттени чечүүгө өбөлгө болгон санариптик жана сервистик ресурстарга жетүүсү үчүн санарип көндүмдөрүнө ээ болууга тийиш.

Мамлекеттик санариптик жана электрондук сервистерди даңазалоо максатында бардык жарандык жана санариптик борборлордо күн сайын туруктуу негизде электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталдарын пайдалануунун эрежелерине окутуу өткөрүлүп жатат жана электрондук колтамганы (ЭКТ) берүү ишке ашырылып жатат. Мындай курс БШКнын ЖБББ тарабынан «Түндүк» ММ жана СӨМ караштуу «Инфоком» МИ бирдикте жүзөгө ашырылууда.

Борборлордо маалыматтык-түшүндүрүү жана билим берүү иштери менен бирге эле ийгиликтүү санарип лидерлери менен жүйөлүү жолугушууларды өткөрүү каралган.

Азыркы учурда санарип билим берүү боюнча потенциалдуу өнөктөштөр менен кызматташуу боюнча иштер жүрүүдө.

Аймактардагы жарандык жана санариптик билим берүү борборлору антча жана ресурс болуп саналат, аларды кеңири пайдалануу жарандык жана санариптик билим берүүнү өнүктүрүүдө комплекстүү мамиле жасоого камсыз кылат.

**3.** 2022-жылы ЖББ төмөндөгүдөй иш чаралары өткөрүлдү:

2022-жылдын 28-сентябрынан 27-октябрына чейин Бишкек, Ош шаарларынын, Чүй, Ош, Баткен Талас облустарынын жарандык жана санариптик билим берүү борборлорунда «Микрофинансы уюмдарынын ассоциациясы» ОЮЛ тарбынан **калктын фианасылык билимдүүлүгү боюнча окутуучу курс** өткөрүлдү.

Азыркы шартта санариптик технологияларды пайдалануу калкты өзүнүн финансылык түшүнүгүн кеңейтип аны кыйла натыйжалуу кылууга мүмкүнчүлүк түзүү менен финансылык өбөлгөлөрдү түшүнүүнү жеңилдетет.

2022-жылдын 3-октябрында Бишкек шаарынын Ленин жана Октябрь райондорунун шаардык китепканаларындагы жарандык жана санариптик билим берүү борборлорунда, Аламүдүн районундагы Лебединовка айылындагы райондук мамлекеттик администрациянын кичи залында «Санарип 50+» **санарип курсу боюнча тренинг** өткөрүлдү, ал улгайган адамдардын эл аралык күнүнө арналды.

«Санарип 50+» долбоорунун максаты санарип процессине кошулууда улуу муундагы адамдарга жардам берүү болуп саналат. Интернеттин коопсуздугуна өзгөчө маани берилип, интернеттин чексиз айдыңында жеке маалыматтарды коргоо тууралуу маалыматтар, ошондой эле финансылык чөйрөдө киберкоопсуздук боюнча кеңештер берилди.

**«Санарип 50+»** долбоорунун максаттары жана милдеттери «Санариптик Кыргызстан 2019-2023» санариптик трансформациянын беш жылдык стратегиясынын максаттарына дал келет: стратегиянын №1 милдети «Санариптик көндүмдөрдү

өнүктүрүү аркылуу калк үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү түзүү жөнүндө» жана «Бардык калк үчүн, анын ичинде аярлуу топтор үчүн санарип көндүмдөрү» компоненти боюнча максаттуу индикаторлорго жетүүгө көмөктөшөт.

2022-жылдын 17-октябрында айылдык аялдардын эл аралык күнүнө карата Жарандык жана санариптик билим берүү борбору Борбордук Азиянын жергиликтүү башкаруу академиясы менен биргеликте Ош, Жалал-Абад, Талас, Ысык-Көл, Баткен облустарында **жергиликтүү кеңештердин аял депутаттарынын клубунун** жолугушуусун уюштурду.

Аял депутаттарга кесиптик билим алуусу, саясий иштердеги көндүмдөрдү жана жеке өзүн өнүктүрүү, максаташын табуу жана коалиция жана пикир алмашуу үчүн аянтчанын зарылдыгы белгиленди. Мындай аянча Жарандык жана санариптик билим берүү борборлорунун базасында жергиликтүү кеңештердин аял депутаттарынын клубу болууга тийиш.

БШКнын ЖББ кеңири маалыматтык-билим берүү, коммуникациялык иш чараларды жүзөгө ашырууну пландаштырууда, алар төмөндөгүлөр:

-аял депутаттардын потенциалын жогорулатуу, адардын атаандашуу жөндөмүн бекемдөө;

-өлкөнүн саясий турмушунда аялдардын катышуусунун маанилүүлүгү жөнүндө түшүнүктү жакшыртуу үчүн маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.

2022-жылдын 2-ноябрында бүткүл дүйнөдө 31-октябрда өткөрүлүп жүргөн сактоонун эл аралык күнүнүн алкагында КР Улуттук банкы, Кыргызстан банкттарынын бирмдиги жана «Банкттар аралык процессинг борбору» ЖАК КР БШКнын жарандык жана санариптик билим берүү борборлорунун аянтчаларында **финансылык билимдүүлүк боюнча лекция жана тренинг** өткөрүштү. Иш-чаранын максаты финансылык билимди жана акча сактоо маданиятын көтөрүү болуп саналат, бул үй-бүлө бюджетин обу жок жоготуудан коргоого жана жүйөлүү финансылык чечимдерди кабыл алууга көмөктөшөт.

Иш чарага ЖОЖдун студенттери да катышты. Иш чара республиканын бардык аймагына жарандык жана санариптик билим берүү борборлорунда алып көрсөтүлдү.

Жаштардын эл аралык күнүнүн алдында – 10-ноябрда КР БШКнын жарандык жана санариптик билим берүү борборунда 2022-жылдын 1-3-ноябрында Ош, Жалал-Аабад, Баткен, Кызыл-Кыя шаарларында Кыргызстандын жаштарынын санарип лидери Тимур Мон менен жолугушуусу өттү. Тимур Мон жаштарды IT тенденциялары жана чексиз мүмкүнчүлүктөрү менен тааныштырып, IT жаатындагы эл аралык статистиканы баяндап, IT өздөштүрүүнүн маанисин белгилеп берди.

Республикада демократиялык курсту жүзөгө ашырууда жаш адамдын өсүп жаткан ролун эске алуу менен жана жаштар саясатын андан ары өнүктүү максатында 2022-жылдын 10-ноябрында жаштардын эл аралык күнүнө жана Кыргызстандын жаштар күнүнө карата КР БШК Борбордук Азиядагы эл аралык билим берүү ассоциациясы менен биргеликте **БУУ чакан форматындагы иш чарасын** өткөрдү.

Ушул форматтын алкагында Бишкекте БШКда БУУнун Башкы Ассамблеясынын моделдүү жыйыны өткөрүлдү, ал жерде жаш адамдар БУУга мүчө 218өлкөнүн делегаттары катары БУУнун Коопсуздук Кеңешинин 2020-ж. № 2535 «Жаштар, тынчтык жана коопсуздук» резолюциясынын аткарылышын талкуулашты. Ош жана Талас шаарларынын жаш спикерлери да жыйынга онлайн форматында катышты.

Аймактардагы жарандык жана санариптик билим берүү борборлорунда жаштардын эл аралык күнүнө арналган Кыргыз Республикасынын жаш жаранына **биринчи паспортторун берүү салтанаттуу шааниси** өткөрүлдү. Бүткүл республика боюнча 16 жашка чыккан 500 жаш адам алардын инсандыгын тастыктаган өздөрүнүн негизги документин алышты. Бул иш чара Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы тарабынан Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин көмөктөшүүсүндө өткөрүлдү.

2022-жылдын 1-9-декабрында коррупцияга каршы күрөшүүнүн эл аралык күнүнүн алдында КР БШКнын жарандык жана санариптик билим берүү борбору Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы коррупцияга каршы иштиктүү кеңеш менен өз ара аракетте бардык райондук жана облустук жарандык жана санариптик билим берүү борборлорунда калк үчүн **бир катар маалыматтык-агартуучулук иш чараларын** өткөрдү.

2022-жылдын 9-декбарында ЖСБББ бардык кызматкерлери (атайын өкүлдөр, системалык администраторлор) жана китепканалардын, жаштар борборлорунун, маданият үйлөрүнүн өкүлдөрү үчүн **«Аймактардагы жарандык жана санариптик билим берүү борборлору үчүн дизайн-ой жүгүртүү»** темасында трнингдердин сериясы өткөрүлдү. Бул тренингдер КР  БШКнын жарандык жана санариптик билим берүү борбору  тарабынан Кыргызстандагы «БУУ-Аялдар» өлкө офиси менен биргеликте жарандык билим берүү боюнча  калк менен иштөөдө аймактардагы ЖСМБББ  кызматкерлеринин потенциалын жогорулатуу максатында, атап айтканда жергиликтүү калк менен сүйлөшө билүү, өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу чөйрөсү боюнча көйгөйлөрдү аныктоо жана биргелешкен чечимидерди иштеп чыгуу, жергиликтүү жамааттын ар бир мүчөсүнүн жарандык позициясын көтөрүү ж.б. максатында уюштурулган.

# 4-БӨЛҮМ
# ШАЙЛОО МЫЙЗАМДАРЫН АТКАРУУ ЖАНА АНЫ ӨРКҮНДӨТҮҮ БОЮНЧА МЫЙЗАМДЫК СУНУШТАР

Жарандардын шайлоо укуктарын кыйла толук камсыз кылган жана эл аралык жана улуттук тажрыйбаны эске алуу менен иштелип чыккан натыйжалуу жана ачык-айкын мыйзамдар мамлекеттик бийлик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын акыйкат жана ачык шайлоонун негизи болуп саналат.

Ар бир шайлоодон кийин иш жүзүндө орун алган мүчүлүштөргө, эл аралык уюмдардын, жарандык коомдун монгиторинг миссиясынын отчетторунда камтылган сунуштамаларга, ошондой эле коомдук талкуулоонун катышуучуларынын сунуштарына талдоо жүргүзүлөт.

КР БШК өзүнүн ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларын жетекчиликке алат.

Шайлоо мыйзамдарын бир түрдүү колдонууну камсыз кылуу КР БШКнын негизги милдеттеринин бири болуп саналат. КР БШК шайлоо мыйзамдарынын аткарылышын контролдоону ишке ашырат, өзүнүн ыйгарым укуктарынын чектеринде токтомдорду, нускамаларды, жоболорду жана башка актыларды чыгарат жана алардын аткарылышын контролдойт, шайлоо мыйзамдарында белгиленген учурларда жана тартипте шайлоолорду, референдумдарды даярдоону жана өткөрүүнү уюштурат.

Шайлоо өнөктүгүнүн алкагында КР БШК тийиштүү токтомдорду жана чечимдерди кабыл алат, Кыргыз Республикасынын шайлоо мыйзамдарында каралган уюштуруу-практикалык иш-чараларды жүзөгө ашырат, шайлоо талаш-тартыштарын карайт, мыйзамдарды бузууга таасир этүү боюнча чараларды кабыл алат.

2025-жылдан тартып Кыргыз Республикасында баардык деңгээлдеги шайлоолордун жаңы цикли башаталарын белгилөө зарыл.

КР БШК, мамлекеттик органдар жарандык сектор жана эл аралык өнөктөштөр менен кызматташтыкта колдонуудагы мыйзамдарга талдоо жүргүзүү, айрым өркүндөтүлбөгөн мүчүлүштөрдү четтетүү, практикалык чараларды иштеп чыгуу үчүн алдыдагы шайлоолор аралыгындагы мезгилди натыйжалуу прайдалануусу зарыл, бул жарандардын шайлоо укуктарын – өз мүдөөсүн эркин билдирүүнүн активдүү укугу сыяктуу эле шайланууга болгон пассивдүү укгун да жүзөгө ашырууга эң сонун көмөктөшөт.

Ушуга байланыштуу алдыдагы 2025-2027-жылдардагы шайлоо циклинде ***шайлоолорго шайлоочулардын катышуусун жогорулдатуу – легитимдүүлүктү жана башкаруунун туруктуулугун көтөрүү боюнча; шайлоолорго, саясий системага ишенимди бекемдөө, туруктуулукту камсыз кылуу боюнча*** максаттар белгиленген.

Алдыга коюлган максаттарга жетүү үчүн төмөндөгү милдеттерди чечүү зарыл:

**1) шайлоо жөнүндө мыйзамдарды өркүндөтүү, мыйзамга сунуштарды иштеп чыгуу:**

- парламенттик, шаардык, айылдык деңгээлде өткөрүлүүчү шайлоолордун түрлөрүн талдоо жана өркүндөтүү;
- шайлоочулардын эсебин алууну жакшыртуу, чет өлкөлөрдө добуш берүү;
- ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү шайлоочулардын, аялдардын, жаштардын катышуусун кеңейтүү;
- шайлоо жөнүндө мыйзамдардын бузулушуна натыйжалуу таасир этүү;
- шайлоону каржылоонун айкындыгын камсыз кылуу;

**2) маалыматтык-түшүндүрүү иштери – жарандык жана санариптик билм берүү:**

- аймактардагы жарандык жана санариптик билим берүү борборлору -70 локациялар (100гө чейин кеңейтилген) жарандык уюмдар жана мамлекеттик органдар менен биргеликте шайлоолор аралыгындагы мезгилде жарандарды биримдикке жана санариптик көндүмдөрдү түзүүгө, бекемдөөгө багытталган жарандык жана санариптик билим берүү программаларын жүзөгө ашырат.

**3) шайлоо системасын программалык-техникалык «кайра ишке салуу»:**

- шайлоону башкаруунун электрондук прогаммаларын жаңылоо жана киберкоопсуздукту камсыз кылуу;
- дистанциялык жана электрондук добуш берүүнүн формасын киргизүүнү кароо (ички жана тышкы миграцияны эсепке алуунун форматы катары);
- шайлоонун аныктыгына мониторингдин блокчейн-технологиясын киргизүү;

**4) адмистративдик ресурстардан жана шайлоочулардын добуштарын сатып алуулардан аттап өтүүдө 2021-жылы жетишилгендерди бекемдөө;**

**5) бардык деңгээлдеги шайлоо комиссияларынын бир түрдүү иштерин бекемдөө.**

КР БШК укук колдонуу практикасына байма-бай талдоо жүргүзүп турат жана шайлоочулардын кайрылууларына таянуу менен улуттук жана эл аралык байкоочулардын пикирлерин жана сунуштарын, эл аралык келишимдерде каралган нормаларды эске алып мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча сунуштардын үстүндө иштөөдө.

Конституциялык реформанын жыйынтыктары боюнча 2021-жылы шайлоо жөнүндө мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча иштер жүргүзүлдү.

Алсак, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 23-мартындагы №33 тескемеси менен Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоонун тартиби боюнча **сунуштарды иштеп чыгуу боюнча ведомстволор аралык жумучу топ** түзүлгөн. 2021-жылдын 28-майында ведомстволор аралык жумушчу топтун чечими менен Кыргыз Республикасынын Президентинин кароосуна шайлоо системасынын модели боюнча сунуштар киргизилген.

Киргизилген мыйзам долбоорун жана ага сунуштарды талкуулоонун жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2021-жылдын 28-июлунда аралаш (параллелдүү) системаны киргизүүнү караган «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы кабыл алынган, 2021-жылдын декабрында ошол конституциялык Мыйзам боюнча Кыргыз Республикасынын VII чакырылыштагы Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо өткөрүлдү.

Кыргыз Республикасынын Жогоку Кеңешине андан ары жөнөтүү үчүн шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүү боюна мыйзамдык сунуштарды иштеп чыгуу максатында «Кыргыз Республикасынын шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча иштер жөнүндө» КР БШКнын 2022-жылдын 30-июнундагы № 224 чечими менен **шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча ведомстволор аралык жумушчу топ (**мындан ары – ВАЖТ) түзүлгөн.

Ведомстволор аралык жумушчу топтун курамына Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары, судьялар, мамлекеттик органдардын өкүлдөрү, жарандык коомдун өкүлдөрү жана шайлоо мыйзамдары жаатындагы эксперттер киришкен.

ВАЖТда багыттары боюнча төмөндөгүдөй 7 топчо түзүлгөн:

1) жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө мыйзамдарды өркүндөтүү маселеси боюнча;

2) Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө мыйзамдарды өркүндөтүү маселеси боюнча;

3) финансылык ачыктыкты камсыз кылуу маселеси боюнча;

4) шайлоолорго шайлоочулардын айрым категорияларынын (мигранттардын ж.б.) катышуу шарттарын жакшыртуу маселеси боюнча:

5) шайлоодо талаш-тартыштарды кароону өркүндөтүү жана шайлоо мыйзамдарын бузгандыгы үчүн юридикалык жоопкерчилик маселеси боюнча;

6) шайлоолордо колдонулган электрондук технологияларды өркүндөтүү маселеси боюнча;

7) маалымдоо жана үгүт жүргүзүү эрежелери маселеси боюнча.

2022-жылы ВАЖТ шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүү маселесин, шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүү процессинде эл аралык жана коомдук байкоочулардын сунуштарын, шайлоо процессинде электрондук добуш берүүнү киргизүүнүн чет өлкөлүк тажрыйбаларын караган бир катар жыйындарды жана жумушчу кеңешмелерин өткөрдү.

Азыркы учурда шайлоолорду даярдоо жана өткөрүү практикасынын жыйынтыгы боюнча мыйзам актыларынын тийиштүү долбоорлорун иштеп чыгуу жүрүүдө.

Шайлоо жөнүндө мыйзамдарды андан ары өркүндөтүү максатында, анын ичинде шайлоолордун жыйынтыгы боюнча эл аралык байкоочулардын сунуштарын эске алуу менен төмөндөгүлөр сунуш кылынат:

**1) добуш берген күнү өзүнүн шайлоо участкасында добуш бере албаган жарандын активдүү шайлоо укуктарын жүзөгө ашыруунун шарттарын түзүү үчүн дистанциялык, электрондук добуш берүүнүн механизмин киргизүү.**

Мындай чара инклюзивдүүлүктү жогорулатуу жана жарандардын, атап айтканда ички жана тышкы миграттардын, студенттердин, иш сапарында жүргөндөрдүн жана башка шайлоочулардын шайлоо укуктарын жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү үчүн шарттарды түзүү максатында сунуш кылынат.

**2) сак болбогон кылмышы үчүн соттун чечими боюнча эркиндигинен ажыратылган жерлерде кармалып турган адамдарга добуш берүү укугун берүү.**

Абакта камакта турууну өтөп жаткан адамдарды добуш берүү укугунан жапырт ажыратууну жасалган кылмыштын оорчулугу канчалык экенин эске алуу менен кайра каралууга тийиш экендиги; эмгекке жараксыздыгына байланыштуу шайлоо укуктарын чектөө жокко чыгарылууга тийиш экендиги жөнүндө айтылган эл аралык байкоочулардын сунуштары.

**3) ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулар үчүн мыйзамдардагы стандарттар менен белгиленген курулмалардын милдетүү ылайык келүүсүн караган добуш берүү үчүн орун-жайларга коюлуучу талаптардын номаларын күчтөндүрүү сунуш кылынат.**

**4) бектилген форма боюнча белгиленген талаптарга талапкерлердин ылайык келүүсү жөнүндө,** анын ичинде талапкерлердин билими жана соттулугунун бар/жок экендиги тууралуу маалыматтарын ыкчам жана дыкат текшерүүнү камсыз кылуу үчүн «Түндүк» ведомстволор аралык өз ара аркеттенүү системасы аркылуу **ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын милдеттүү түрдө расмий корутунду берүүсүн** киргизүү.

**5) пропорционалдык өкүлчүлүктү белгилөө менен талапкерлердин саынын минималдуу жана жогорку чегин (27 жана 54) белгилөө жолу менен Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоодо саясий партиялдардын талапкерлеринин тизмесинде гендердик өкүлчүлүктү сактоо боюнча норманы күчтөндүрүү сунуш кылынат. Ошондой эле талапкерлердин тизмесин каттоо менен депутаттык мандаттарды бөлүштүрүүнүн ортосундагы мезгилде квоталардын пропорционалдуулугун камсыз кылууну саясий партияларга милдеттендирүү сунуш кылынат.**

Мындай чара шайлоо органдарында аялдардын өкүлчүлүгү боюнча атайын чараларды колдонуунун туруктуу натыйжаларын камсыз кылат.

**6) саясий партиялар алган мандаттардын санына жараша аял жынысындагы талапкерлердин арасында бөлүштүрүлүүгө жаткан мандаттардын санын так белгилөө сунуш кылынгат.**

**7) шаардык кеңештердин депутаттарын шайлоодо саясий партия сыяктуу эле талапкерлердин тизмесиндеги талапкерлерди да тандап алуу укугун шайлоочуларга берүү (ачык тизме менен преференционалдык система).**

Сунуш шаардык кеңештерде өзүнүн өкүлдөрүнүн жеке курамына таасир этүү мүмкүнчүлүгүн шайлоочуга берүү, шайлоочулардын реалдуу колдоосуна ээ болгон талапкердин шаардык кеңешке өтүп кетүүсү үчүн шарттарды түзүү, ошондой эле добуш берүүнүн натыйжалары боюнча депутаттардын курамын түзүүдө саясий партиялардын жетекчилиги тарабынан таасирди азайтуу максатында киргизилет.

**8)** шаардык кеңештердин депутаттарын шайлоонун жүрүшүндө талапкерлерге ачык тизме боюнча добуш берүүнү эске алуу менен **талапкерлердин тизмесинде кийин турган талапкердин (талапкерлердин) каршылыгы жок болгондо шаардык кеңештин депутаты ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтоткон учурда бошогон мандатты талапкерлердин тизмесиндеги талапкерлердин кимисине болбосун берүүгө саясий партиянын органын жетекчилерине мүмкүнчүлүк берген норманы жоюу сунуш кылынат.**

**9) шаардык кеңештердин депутаттарын шайлоодо саясий партия алган депутаттык мандаттардын 30% кем эмесин аял талапкерлерге берүүнү резервге алуу.**

Саясий башкарууга аялдардын катышуусуна багытталган атайын чараларды ишке ашыруу.

**10) шайлоочуларды маалымдоо менен шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү түшүнүктөрүнүн айрымасын тактоо боюнча бир катар өзгөртүүлөрдү киргизүү.**

Шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүнүн юридикалык аныктамасы жалпыга маалымдоо каражаттарына ар тараптуу маалымдоого жана талапкерлердин шайлоо өнөктүгүн редакциялык чагылдырууга бөгөт болгон чечмелөөлөргө жол бербегендей түп-тамырынан өзгөртүлүүгө тийиш экендиги тууралуу айтылган эл аралык байкоочулардын сунуштары.

**11) эгерде шайлоону даярдоо убагында, добуш берүүнү өткөрүүдө, добуштарды эсептөөдө, добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөөдө добуш берүүнүн жыйынтыгын так аныктоого мүмкүнчүлүк бербеген же шайлоочулардын өз эркин билдирүүгө таасир эткен талапкер, саясий партия тарабынан бузуулар орун алганда талапкер, талапкерлердин тизмеси боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктарын анык эмес деп таануу бөлүгүндө нормаларды унификациялоо.**

**12) шайлоо мыйзамдарынын нормаларын бузгандыгы үчүн жоопкерчиликти күчтөндүрүү, шайлоочулардын добуштарын сатып алуу үчүн санкцияларды күчтөндүрүү жана ишти жалпы айыптоо категориясына которуу.**

**13) шайлоо өнөктүгүн каржылоонун айкындыгын камсыз кылуу бөлүгүндө төмөнкүдөй сунуштар:**

шайлоо өнөктүгүн каржылоо эрежесин бузгандыгы үчүн пропорционалдык жана ооздуктоочу сакциялар боюнча нормаларды киргизүү;

- талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондусунун суммасынын жогорку чеги боюнча өзгөртүүлөрдү киргизүү;
- шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүнүн, социалдык тутумдарда шайлоо фонддорунун каражаттарынан басылма, аудиокөрмө жана башка үгүт материалдарын чыгаруунун, жайылтуунун жана аларды жайгаштыргандыгы үчүн тийиштүү акы төлөөнүн эрежелерин/талаптарын белгилөө;
- акча каражаттарын кайрымдуулук кылгандарды идентификациялоого мүмкүнчүлүк берген электрондук төлөм системалары (мобилдик тиркеме, электрондук кошелек, төлөм терминалдары) аркылуу шайлоо фонддорунун

каражаттарын өткөрүүнүн жана пайдалануунун эрежелерин/талаптарын белгилөө;

- шайлоо өнөктүгүн каржылоо тартибин бузгандыгы үчүн жоопкерчиликти белгилөө.